ЖАҢЫ КИТЕП

Ө. Ж. ОСМОНОВ, Ш. К. КЕРИМОВА, Ө. Б. СААЛАЕВ

# АДАМ ЖАНА КООМ

## 5-класс

Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Бишкек – 2018

УДК 373.167.1
ББК 60 я 721
А 28

Окуу китеби Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, КРдин илимине эмгек сиңирген ишмер, тарых илимдеринин доктору, профессор Ө. Ж. Осмоновдун жетекчилиги менен даярдалды.

*Эксперт:* М. К. Иманкулов, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
*Рецензент:* Г. Т. Ботоканова – философия илимдеринин доктору, профессор

А 28 **Адам жана коом:** 5-класс. Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби. /Ө. Ж. Осмонов, Ш. К. Керимова, Ө. Б. Саалаев – Б.: Билим-компьютер, 2018. – 128 б.

ISBN 978–9967–31–819–9

Окуу китеби Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2015-жылы бекиткен «Адам жана коом» боюнча предметтик стандарттын негизинде даярдалды.

Китеп окуучуларды адам жана коом жөнүндөгү билимге, аны коомдук турмуш менен салыштырганга, адамдар дүйнөсүндө туура багыт алууга үйрөтөт. Китепти даярдоодо буга чейин жарыяланган окуу куралдары, макалалар, сүрөттөр жана интернет ресурстары пайдаланылды.

Китепти иштеп чыгууга көмөктөшкөндөр: Г. К. Жыргалбекова (тарых илимдеринин кандидаты, доцент); Ч. А. Бактыгулова (Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгынын методисти); М. Л. Азимова (Республикалык мугалимдердин билимин жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун методисти); Н. С. Лукина (Бишкек шаарындагы № 37 мектеп-гимназиянын тарых мугалими); Е. П. Шаповалова (Бишкек шаарындагы № 62 мектеп-гимназиянын тарых мугалими).

**А 4306010800–18** **УДК 373.167.1**
**ББК 60.я 721**

ISBN 978–9967–31–819–9

© Автордук жамаат, 2018
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2018

## Урматтуу окуучулар!

Силер 5-класстан окуй турган «Адам жана коом» сабагы тарых менен байланыштуу. Эгерде тарых сабагынан адамзат коомунун өткөндөгү тарыхын окусаңар, колуңардагы «Адам жана коом» деп аталган окуу китебинен адамзат коомунун азыркы мезгилдеги өнүгүшү жана өзгөчөлүктөрү менен таанышасыңар. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окутуунун мамлекеттик стандарты боюнча «Адам жана коом» сабагы 5-класстан баштап 11-класска чейин окутулат.

5-класстан бул сабактын башталгыч курсу менен таанышасыңар. Окуу программасына ылайык адегенде силер адам, анын башка жаныбарлардан өзгөчөлүктөрү жөнүндө окуйсуңар. Китептен адамга гана мүнөздүү касиеттерди, анын мүнөзү, маанайы жана сезимдери тууралуу окуп билесиңер. Окуу китебинде адам коомундагы үй-бүлөнүн жана мектептин ролуна өзгөчө көңүл бурулган. Анткени, силер үй-бүлөдө адам катары калыптанасыңар, адамдык касиеттердин өнүгүшүнө мектептен алган билимиңер менен тарбияңар маанилүү роль ойнойт. Силер адам коомунун маанилүү тобу үй-бүлө жана мектеп окуучулары деген чоң социалдык топтун мүчөсү болуп саналасыңар. Кыргыз Республикасында азыркы учурда эки миңден ашуун мектептерде бир миллиондон ашуун 6–7 жаштан 17 жашка чейинки улан-кыздар билим жана тарбия алышат.

Окуу китебинин негизги максаты Кыргызстандын жаранын калыптандырууга багытталган. Кыргызстан көп улуттуу өлкө экендигин билесиңер. Биздин өлкөдө 80ден ашуун этностун өкүлдөрү жашашат. Алар Кыргыз Республикасын өзүнүн Ата Мекени деп эсептейт. Ошондуктан алардын баарында «Кыргызстандын жаранымын» деген сезим калыптанып, өнүгүшү керек. Ушуга байланыштуу окуу китебинде Кыргыз мамлекетинин жана анын мамлекеттик символдорунун өзгөчөлүктөрү жана мааниси кеңири түшүндүрүлөт.

Окуу китебинде коомдо жашаган адамдардын өз ара мамилелери, баарлашуунун жана достуктун мааниси жөнүндө сөз болот. Коомдо жашоонун баалуулуктарын окуп-үйрөнүүгө атайын темалар арналган. Коомдо жашап туруп, эркин болуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, атайын тема адамдардын коомдогу жүрүм-турум эрежелерин талдоого арналды. Бул темадан

силер укук деген эмне, укук бузуунун түрлөрү кандай, укук бузгандарга кандай чаралар көрүлөт деген суроолорго жооп аласыңар.

Ушул маселеге байланыштуу кыргыз элинде кылымдар бою калыптанып келген каада-салттардын, жүрүм-турум эрежелеринин азыркы мезгилдеги маани-маңызы жөнүндө окуп билесиңер.

Жыйынтыктап айтканда, «Адам жана коом» сабагы мектептерде окутулуп жаткан сабактардын ичинде маанилүү катарда турат. Анткени, бул сабак силерди адам катары калыптанып, коомдо өзүңөрдүн татыктуу ордуңарды табууга үйрөтөт.

Силерге ийгиликтерди каалайбыз!

*Авторлор*

# I бөлүм. АДАМ

## § 1. Мен адаммын



**Адам деген ким?** Балдар, силерге «Сен кимсиң?» деген суроо берилсе албетте, «Мен адаммын!» деп жооп бересиңер. Жер бетинде жашаган бардык адамдар адам болуп төрөлгөндүгү үчүн бактылуу.

Адам – бул, бүгүнкү ымыркай, эртеңки келечек ээси. Бул багытта залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов: «Баарынан аяры– баланын жан дүйнөсү. Баланын назик сезимин бузбоо керек. Эгер баланын балалыгы кунарсыз өтсө, анда андан күчтүү инсан чыкпайт», – деген асыл ойду калтырган.

➢ Ч. Айтматов баланын жан дүйнөсү жөнүндө эмне деген?





Ата-эне баланы чоңойтуп, ага тарбия берет. Баланы тарбиялоодо бала бакчанын жана мектептин ролу чоң.

Үй-бүлөдөн, мектептен, күнүмдүк жашоодон тарбия алган бала коомдук турмушка аралашат.





**Адам жаратылыштын жана коомдун бир бөлүгү.** Адам жаратылыштын бир бөлүгү катары эсептелип, жогорку сүт эмүүчүлөргө кирет. Демек, адам биологиялык жандык.

Биологиялык жандык катары адамдарга төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр мүнөздүү.

• Адам биологиялык жандык катары төрөлөт. Бардык жаныбарлар сыяктуу эле адамдар да тубаса инстинкке ээ.

• Төрөлгөн бала өзү табигый түрдө тамак издейт, уктайт, кыймылдайт, коркот.

• Адамдарда тубаса шык-талант болот (мисалы: ырчылык, сүрөтчүлүк сыяктуу өзгөчө жөндөмдүүлүк).

• Адам баласынын мээси, үн чыгаруучу органдары бар, бирок, адам коомунда гана ойлонгонго жана сүйлөгөнгө үйрөнө алат.





Коомдун бир бөлүгү катары **адам социалдык жандык.**

Социалдык жандык катары адам баласы адам коомунда гана калыптанат. Бул жагынан адамга төмөнкү белгилер таандык.

• Адам аң-сезимдүү жана акыл эстүү, ошондуктан ой жүгүртө алат.

• Адамдын сүйлөө процесси калыптанып жана өнүккөн.

• Адам эмгектенет, окуйт, сүрөт тартат.

• Тубаса таланты жана чыгармачылыгы менен жаңы нерсени жаратат.

• Ар кандай техникаларда иштей алат. Өзүнө керектүү эмгек куралдарын жасайт жана аларды тынымсыз өркүндөтөт.

• Адам – маданияттын түзүүчүсү. Адамдар өздөрүнүн жашоошарттарын өздөрү түзөт.

• Ошентип, адам социалдык жандык катары жетилип, башка жаныбарлардан айырмаланып турат. Ал эми жаныбарлар жаратылыштагы даяр шарттарды пайдаланышат.






Биологиялык жандык катары айбандар деле дайыма аракетте болот. Бирок, аларда аң-сезим болбойт. Ошондуктан, алар эч качан жаңы нерсени жарата албайт. Жарык дүйнөгө келгенден баштап эле жаныбарлар инстинкт боюнча жашайт.



Инстинкт боюнча жаныбарлар тукум улап, аларга камкордук жасайт.

Аарылар бийлеп учкан кыймылы аркылуу башка аарыларга коркунуч же тоют болуучу нектарды тапканы жөнүндө белги берет.



Айрым жаныбарлар тышкы түсүн өзгөртөт, дагы бири уулуу зат же жыт бөлүп чыгарат. Кол салат же коргонот. Жаныбарлар жашай турган жайын жана жей турган тамагын инстинкт боюнча даярдайт.

**Инстинкт** – жаныбарлардын түпкү тегинен бери укумдан-тукумга өтүп келген негизги аракеттери.

➢ Адам айбандардан кандайча айырмаланат?

**Сен кандай адам болгуң келет?** Ата-энелер уул-кыздарына: «Балам, адам бол!», – деген ыйык сөздү дайыма айтышат. Бирок, биз канткенде алар ойлогондой адам болобуз? Дегеле кандай адам болуубуз керек?

Биздин залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов өзүнүн «Кыямат» аттуу романында: «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деп жазган. Бул сөздүн мааниси өтө терең. Мында ал бизди жөн гана адам болууга эмес, адамдык сапатты, адамдык ыйык касиетти бийик туткан, адамгерчиликти бекем сактаган адам болууга чакырган.



➢ Эмне үчүн «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деп ойлойсуңар?

Ал эми кыргыз ойчулу Калыгул Бай уулу: «Адам болуш үчүн улуулардын жолун жолдоп, келечекке жол сала билиш керек» деген. Дагы бир акылман Сарт акеге «Дүйнөдө эмне өлбөйт?» деп суроо беришсе, ал «кагазга түшкөн кат өлбөйт, жакшынын аты менен сөзү өлбөйт» деген экен. Улуулардын айткан сөздөрүнүн маанисин терең түшүнсөк. Жасаган эмгектерин баалай билсек. Алардын мыкты сапаттарын өзүбүзгө өрнөк кылып алсак. Мына ошондо гана жакшы адам болуп калыптанабыз. Жакшы адам жасаган эмгеги үчүн өз элинде эле эмес, бүткүл аалам элинин эсинде да өчпөс жылдыз болуп жана берет.

Дүйнөдө жакшы адамдардын саны арбын. Мисалы, жөнөкөй дыйкан, кызылча өстүрүүдө эмгеги бааланган Зууракан Кайназарова, пахта өстүрүүдө мол түшүм алган Алия Анарова, малчы Таштанбек Акматовдор Социалисттик Эмгектин эки жолку баатырлары болушкан. Булар менен кыргызстандыктар сыймыктанат. Мындай адамдар эмгектин аркасы менен гана эрезеге жеткен, атак-даңкка бөлөнгөн.



➢ Кыргыздын «Адам болуу – аста-аста, айбан болуу – бир паста» деген накыл сөзүн чечмелеп бергиле.



Юрий Гагарин

Бир мезгилде эң жөнөкөй таш куралдарын жасаган адам баласы эмгектин натыйжасында цивилизациянын түрлөрүн жаратып, жер жүзүн өзгөртө турган абалга жетти. XX кылымдын ортосунда адамзат космосту изилдей баштаган. Космоско биринчи жол салган Юрий Гагарин адамзаттын сыймыгы болсо, кыргызстандык космонавт Салижан Шарипов кыргыз элинин даңктуу уулу болуп калды. Булар да мындай космостук бийиктикке эмгектин аркасында жетишкен.




Салижан Шарипов

Адам болуу – бул жоопкерчиликти сезе билүү, коомдо өзүн туура алып жүрүү, жаман иштерден оолак болуу, пайдалуу эмгек жасоо, жасаган иштери менен сүйлөгөн сөзүнүн бири-бирине айкалышы дегендик.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле:**

1. Эмне үчүн адам жаратылыштын жана коомдун бир бөлүгү катары эсептелет?
2. «Мен чоңойгондо кандай адам болгум келет» деген темада кыскача аңгеме түзгүлө.

**Кошумча окуу үчүн**

**Кыргыздын байлыгы – адам**

Дүйнө тааным окуулары боюнча адегенде жаратылыш жаралган, андан адам төрөлгөн, анан коом куралган. Адам – бул экөөнүн данакери. Демек, табият менен коомду таанып-билүү адамдан башталып, адамдан бүтүш керек. Ошондуктан, адам «улуу» деп табияттын мыйзамын урматтап, «кичүү» деп коомдун эрежесин сыйлашы парз. Жер менен адамдын денеси киндиктеш, тамыры бир. Ушундан улам кыргыз баласы «бул жерим» деп денесин көрсөтүп сүйлөйт.

Абалтан ата-бабабыз адам насилин артыкча аңдап, астейдил баалаган. «Адам – адам менен адам», «Адам болуу аста-аста» – булар адам парасатын ардактоонун өрнөгү. «Адамдын адамы», «Адам экен», «Адам болуптур» деген сөздөр бар. Адамга мындан өткөн бийик баа жок, «Ал адам эмес», «Адамдык сапаты жок», «Адам сапатынан чыгып калыптыр» – булар адамдык асыл касиетин жоготкондорго чыгарылган бүтүм. Кыргыздар урпагын кыргыз бол деп эмес «Адам бол» деп тарбиялайт. Ааламда ар

нерсенин чеги бар, асты адам болуунун чеги жок. Ал үчүн адам болууну каалоо, анан талыбаган мээнет, тайманбаган эрк керек. Адам чечкиндүү кадамдарды жасоо менен гана адам болуп өсүп жетилет.

*С. Иптаров. «Шоокум» журналы, № 8, август, 2007-жыл.*

**«Адам болом»**

– Келечекте ким болосуң? – деп беш жашар баладан сурадым. Наристенин «Адам болом!» деген жообу үч уктасам түшүмө кирген эмес. Миллионер, президент, министр, депутат же космонавт болом дегенди күткөм... Кудайга шүгүр, далайлар үчүн материалдык байлык менен бийлик бакыт-таалайдын туу чокусундай туюлуп калган ушул заманда мындай жооп айткан бөбөктөрдүн бар экендиги, Мекенимдин, дегеле адамзаттын жаркын келечегине болгон ишенимимди күчөттү.

Илгери бир амалкөй жана айлакер адамга акыл айтып, оңой албаган акылман атасы: «Адам болбойсуң», – деген экен жаны кашайганда. Түлкүдөн өткөн айлакерлиги, алдамчылыгы жана кошоматчылыгы менен арадан бир топ жыл өткөндөн кийин тигил бала бир өлкөгө падыша болуп калыптыр. Ошондо атасын алдына алдырып келип:

– Мени адам болбойт дедиң эле, минтип падыша болдум. Буга эмне дейсиң? – дептир табасы кана, кекээрленип.

Уулунун адеп-ахлагынын өзгөрбөгөнүнө, тескерисинче, жүрөгүндөгү менменсинүүсү, текебердиги андан бетер ашынганына өкүнгөн акылман карыя, мыйыгынан жылмайып:

– Балам, мен сени падыша болбойсуң деген эмесмин. Адам болбойсуң дегем. Айтканымдай эле дале адам болбоптурсуң, аттиң, – деп уулунун акылсыздыгына капаланып, көзүнө жаш алып, терс бурулуп чыгып кетти.

Чындап эле адам болуу оңой эмес. Ошон үчүн залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов: «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деген.

Беш жашар наристенин мага берген жообу биздин улуттук идеологиянын өзөгүнө айланса кана, аттиң....

*Н. Кадырбеков («Ант» романынан)*

## § 2. Менин ысмым

**Ысым жөнүндө түшүнүк.** Ысымы жок адам болбойт. Жаңы туулган балага ысым берүү ар бир ата-эненин ыйык милдети.

> Адамдарды бири-биринен айырмалоо үчүн жаңы туулган наристеге ысым беришет. Ар бир адамдын ысмы кокусунан коюлган эмес. Бир караганда жөн гана энчилүү аттай сезилет. Бирок, ар бир ысым адамдын мүнөзүн, тубаса жөндөмдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн алып жүрөт. Кыргыздарда «Атына жараша заты» деп бекеринен айтылбаса керек.

**Ысым** – бул, төрөлгөндө ыйгарылган жеке адамдын аты.



Өзү өлсө да ысымы эл арасында жашап жүргөндөр канча? Мисалы, болжол менен б. з. ч. VI кылымда жашаган сактардын ханышасы – Томиристин, б. з. ч. I кылымда жашаган Байыркы Римдеги кулдардын көтөрүлүшүнүн жетекчиси – Спартактын, Европаны багындырган гунндардын даңазалуу башчысы Аттиланын ысымдары биздин күндөргө чейин жетип отурат. Ал эми кыргыз элинин «Манас» эпосундагы Манас, Бакай, Алмамбет, Семетей, Сейтек өңдүү баатыр, айкөл, акылман бабаларыбыздын аттарын ыйык тутабыз. Ошондой эле кыздардан чыккан: Каныкей, Айчүрөк, Сайкал өңдүү асылзат энелердин ысымдарын элибиз даңазалап келет.



Чукугандай сөз тапкан Жээренче чечен, кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөштүн жетекчилери Курманбек, Эр Табылды, Эр Солтоной, Тайлак баатыр өңдүү адамдардын ысымдары жашап келет. Алар эли-жерин коргоодо баатырдыгы, не бир кыйынчылыкта жол тапкан акылдуулугу менен элибиздин сыймыгына ээ болгон.

Орус элинде Александр Невскийдин, Петр Інин, Екатерина ІІнин, А. С. Пушкиндин, Л. Н. Толстойдун ж. б. ысымдары даңазаланып келет. Ислам динин туткандар Мухаммед, Осмон, Али, Амина, Фатима деген ысымдарды ыйык тутушат. Христиандар Исус, Мария, Кирилл, Илья, Михаил өңдүү ысымдарды ардакташат.

➢ Кыргыздардын «Атына жараша заты» деген накыл сөзүн кандай түшүнөсүңөр?

**Ысым мааниси.** Адам ысымдарынын ар биринин өзүнчө мааниси бар. Адам баласы жарык дүйнөгө келгенде эң алгач ала турган энчиси – анын ысымы. Адам алган энчисин эч ким менен бөлүшпөйт. Көптөгөн ата-энелер балага маанилүү жана уккулуктуу

| | |
|---|---|
| *Азат* | *Айназик* |
| *Бермет* | *Каныбек* |
| *Мээрим* | *Алтынай* |
| *Бектур* | *Манас* |
| *Руслан* | *Таалай* |
| *Назира* | *Алина* |
| *Эркин* | *Азиз* |
| *Айсулуу* | *Жаныбек* |
| *Дарийка* | *Бегимай* |

ысым тандоо үчүн аракеттенет. Айрымдары баланын ысмын каада-салттар жана үрп-адаттар менен айкалыштырат. Кимдир бирөөлөр тарыхый инсандардын аттарын тандайт.

**Балага ысым коюу салты.** Дүйнө элдеринде балага ысымды тарыхый окуяларга, табигаттын кубулуштарына, жыл мезгилдерине, диний ишенимдерге ылайык тандоо салтка айланган. Борбордук Азиянын элдери балага ысым коюуга өзгөчө маани берген. Жаңы төрөлгөн балага ысым берүү үчүн өзгөчө шаан-шөкөттөр менен той өткөргөн. Балага же кызга ысым ыйгарууда чарбачылыктын өзгөчөлүктөрү да эске алынган. Жоокердик заманда балдарга баатырдыкты, эрдикти даңазалаган ысымдар коюлган. Кыздарга табияттын татынакай кубулуштарына, көрктүү жаныбарга, көбүнчө күнгө, айга, жылдыздарга, гүлдөргө салыштырган кулакка жагымдуу, аял затынын асылдыгын, мээримдүүлүгүн туюнткан аттарды коюшкан.

Ымыркайга ысым ыйгарууга сыйлуу, көптү көргөн адамды тандашкан. Ысым коё турган адам баланын дене түзүлүшүнө, тубаса белгилерине карап, келечек тагдырына жакшы таасир бере турган ысым койгон.



## Кыргыздар колдонгон адам аттары

Ат коюу – кыргыз элинин улуу салты. Кыргызда наристеге ат коюу үчүн ошол чөйрөдөгү кадыр-барктуу, аксакалдар тандалган. Ат коюучу адегенде наристени бир сыйра карап, денесиндеги мүнөздүү белгилерди байкап, ошого жараша ат койгон. Мисалы, калдуу болсо Калык, Калыбек, Калбүбү, анардуу болсо Анара, Анархан, Анарбек; аптанын кайсы күнүндө төрөлсө Дүйшө, Шейше, Шарше, Бейше, Жума, Ишен, Жекшен; мал чарбачылыгына байланыштуу Жылкычы, Койчуке.

Ислам динине байланыштуу Мухаммед, Ислам, баланын атасынын жаш курагына жараша Алтымыш, Жетимиш; балага зар болуп жүрүп, балалуу болсо Зарылбек, Сагынбек; өңчөй кыз төрөлгөндө эмкиси эркек бала болсун деген тилек менен Жаңыл, Бурул; эгиз төрөлсө уйкаштырып Асан-Үсөн, Үсөйүн-Кусейин, Апал-Үпөл; Советтик доордо Марлен, Ильич, Совет, Кеңеш; Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Фронтбек, Жеңишбек; ата-эне жакшылыкка күбө болсо Акжолтой ж. б.

Балдары токтобогон үй-бүлөдө наристе төрөлөр замат журт которгон, наристени эски журтка ырымдап таштап, кайра алган соң, уул бала болсо Таштанбек, Табылды, кыз бала болсо Турганбүбү, Токтобүбү ж. б. сыяктуу ысымдар коюлган. Мындай ысымдар магиялык мааниде болуп, тукумду аман-эсен сактап калуу аракетин көздөгөн.

Кыргыздар колдонгон адам ысымдары түрк тилдүү элдердин (казак, өзбек, татар, башкырт, уйгур, түркмөн, алтай, тува ж. б.), ошондой эле араб, иран, тажик, монгол, грек, латын, грузин, орус жана башка тилдерден кыргыз тилине өткөн адам ысымдары менен толукталып байыган.

Иран-тажик тилдеринен: Бостон (бак-шактуу, гүлдүү, гүлзарлуу). Дастан (жүзүнөн нуру чачыраган), Перизат (сулуу, келбеттүү); араб тилинен: Мухаммед, Фатима; орус тилинен: Венера, Искра, Лира, Роза, Света;

Грузин тилинен: Автандил, Тариел, Тинатин, Нестан, Дарежан. Демек, адам аттары да өз доорунун өзгөчөлүктөрүн, элдин этномадания байланыштарын коомдук аң-сезимди чагылдырат.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле:**

1. Ымыркайга ысым ыйгарууда эмне үчүн сыйлуу, көптү көргөн адамды чакырышкан?
2. Чарбачылыкка байланыштуу коюлган адам аттарын атап бергиле.
3. Өзүңөрдүн жана классташтарыңардын ысымдарынын маанисин чечмелөөгө аракет жасагыла.

## § 3. Кулк-мүнөз

**Кулк-мүнөз деген эмне? Кулк-мүнөздүн өзгөчөлүктөрү.** Бир жолу чоң атам атамды тоого жөнөтүп жатып, Адылдын мүнөзү жаман, кыялы чатак адам, ага жакшы мамиле жаса деген эле. Мен ал кезде кичинекей бала болгондуктан, мүнөз деген эмне экендигин билчү эмесмин.

**Мүнөз** – бул адамдын жүрүм-турумдагы айырмаланган өзгөчөлүктөр.

Адамдар бири-биринен жеке мүнөздөрү менен айырмаланып турат. Анткени, ар бир адамдын мүнөзү ар башка болот. Бирөөлөрдүн мүнөзү токтоо, адамдарга жасаган мамилеси сылык, өзүн тыкан кармаган, иштерман адам. Кээ бир адамдар өзүнө ишенген, берешен, ишине тың, сарамжалдуу келет. Ошондой эле ичи тар, эч кимге жакшылык кылбаган, калпычы, сараң, куу мүнөздөгү адамдар да бар.

Адамдын мүнөзү кийин калыптанабы же адам төрөлгөндө эле пайда болобу? Турмушта адамдардын мүнөзүнүн айрым белгилери укумдан-тукумга мурасталат. Бирок, мүнөздүн калыптанышында ата-эненин берген тарбиясы, өзүн курчаган чөйрөнүн тийгизген таасири чоң. Бул адамдардын биологиялык жана социалдык жандык экендигин ырастайт.



**Темперамент деген эмне?** Адам бири-биринен темпераменти менен айырмаланат. Класстагы окуучуларга көңүл бурсак, бири мугалимдин түшүндүргөн сабагын тез кабыл алып, мыкты өздөштүрөт. Айрым окуучулар маалыматты кечирээк кабыл алып, кыймыл-аракети жайбаракат келет. Кээ бирлери тамашакөй, шайыр мүнөздөрү менен адамдар тобуна тез эле аралашып кетет. Мындан тышкары өздөрүнө ишенбеген ызакор, жалтаң адамдар да кездешет. Адамдардын мүнөзүндөгү ушундай жеке өзгөчөлүктөр **темперамент** деп аталат.

**Темперамент** – адамдын мүнөзүнүн жеке сапатын аныктайт.



➢ Мүнөзү жаман адам кандай болот?





Гиппократ

Темперамент жөнүндө окууну байыркы грек философу, врач Гиппократ негиздеген. Ал темпераментти төрт типке:

*сангвиник,*
*холерик,*
*меланхолик,*
*флегматик* деп бөлгөн.

**Темпераменттин мүнөздүү белгилери**

*Холериктер* – бул типтегилер ишке күжүрмөн, өзүнө-өзү ишенген адамдар. Маалыматты тез өздөштүрөт. Чечимди туура кабыл алышат.

*Сангвиниктер* – сөзмөр, адамдар менен бат эле тил табышкандар. Ишке абдан жөндөмдүү келишет. Максатына жетүүгө умтулат.

*Флегматиктер* – мүнөзү токтоо, кенебеген адамдар. Алар сабырдуулугу, токтоолугу менен башкалардан айырмаланат.

*Меланхоликтер* – сезимтал адамдар. Өтө таарынчаак, назик. Булардын кыймыл-аракети жай, кыйынчылыкка чыдамы жок болот.



Холерик Сангвиник Флегматик Меланхолик

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле:**

1. Эмне үчүн ар бир адамдын мүнөзү ар башка болот?
2. Адам мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө көңүл бургула.
3. Өзүңөрдүн, досуңардын, классташтарыңардын мүнөздөрүн талдоого аракет жасагыла.

## Сабырдуулук – акылдын чырагы

«Барга көппөй, жокко чөкпөй» дегендей барга да, жокко да, ачка да, токко да сабырдуулук кылсак, адамдык аброюбузду түшүрбөй, ийгиликтерге жетишебиз. Бекеринен ата-бабаларыбыз: «Сабырдын түбү сары алтын» – деп айтпаган чыгаар. Сабырдуу адам көп нерсеге жетишет. Оор басырыктуу, токтоо болот. Бирөөгө ойлонбой туруп, сөз бербейт. Кызуу кандуулукка алдырбайт. Ушак-айың сөздөргө алынып кетпейт. Бирөөлөрдүн артынан кыянат сүйлөбөйт. Көп нерсеге кечиримдүү болот.

Сабырсыз адамдар ар кандай кесепеттерге дуушар болушат. Кулк-мүнөзү жүрүп олтуруп, жеңил-ойлуулукка, өзүм билемдикке, чыдамсыздыкка алып келет. Менменсинүүнүн оорусуна чалдыгып, бараткан туура багытынан адашат. Кылган ишинен майнап чыкпай калат. Эл алдында абийирин жоготот. Ушундай болоорун билип туруп анан неге биз сабыр күтпөйбүз? Неге жердей оор, тоодой бекем болбойбуз?

Сабыр күтүүнүн ар кандай ыкмалары бар. Аны адам акырын үйрөнүп алса болот. Мен ошондой бир ыкманы айтып берейин. Көз алдыңа күн чайыттай тийип тургандагы кичинекей көлмөнү элестет, үлп эткен жел жок. Көлмөнүн үстү мемиреп тып-тынч. Ошол көлмөгө бир кичинекей ташты ыргытсаң, үстүндө жыбыраган майда толкундар пайда болот. Аны бир аз сабырдуулук менен күтүп турсаң, майда толкундар жээкке барып өчүп, бир аздан кийин көлмө мемиреп тып-тынч болуп калат. Мемиреп, жан дүйнөң тып-тынч болуш үчүн сабырдуу бол.

Сабырың болбосо, жан дүйнөңдү кыйнаган кандайдыр бир ой-санаа сага эч бир тынчтык бербейт. Жүрөгүңдү жанагы көлмөгө түшкөн таштай толкундатып кыйнай берет. Бир аз сабырдуулук кылып тур. Толкундардын суу жээктеп, өтүп кетишин күт. Ошо кезде сен кайрадан мемиреген көлдөй болуп каласың. Демек, сабырсыздык жаныбызды жай таптырбас алаамат күч болуп, акылыбыздан адаштырып, оюбузду чак-чалакей кылып кетчү нерсе экен. «Шашкан шайтандын иши», – дечү энем. Кийин чоңойгондо бул сөздүн маанисин түшүндүм. Көрсө, бул сөз ар кандай кесепетке, азгырыкка, оңтойсуз абалга калбайын десең шашылба, акыл калчап иш кыл, сабырдуу бол деген маанини берет экен.

Эмне себептен улгайган адамдар: «Балам, бышкан ашты таштап кетпе. Ооз тий. Ырыс-кешигиңди калтырба», – дешет. Бул жөндөн-жөн айтылган сөз эмес. Ошондой учурда сабырдуулук кылбай, шашылып жөнөгөн адамдардын канчасы сапарга баратып кырсыкка учурашууда. Ушундай майда нерселердин түбүндө чоң сырлар жатат.

Ар бир нерсенин убакыт-сааты, жүзөгө аша турган мезгили бар. Шашкалактай бергенден эч кандай майнап чыкпайт. Убакыт-сааты келгенде сен канчалык далбас урбагын чечиле турган маселе өзүнөн-өзү чечилет, чечилбей турган маселе башыңды ташка урсаң да чечилбейт. Ошондуктан убакыттан, мезгилден өтөөр нерсе жок. Ийгиликтин келишин сабырдуулук менен күт.

Жакшы аракеттер менен гана агын суу агып келет. Арыгыңды тазала. Сабырдуулук кылсаң эккен көчөтүңдүн мөмөсүн жейсиң. Сабырдуулук кылсаң алтын аяктан суу ичесиң. Сабырдуулук кылсаң кучагың гүлгө толуп, эмгегиңдин үзүрүн көрөсүң. Сабырдуулук кылсаң эч ким жеталбаган бийиктикке жетип, асманга колуңду тийгизесиң.

Сабырдуулук кылсаң жан дүйнөңдө сыйкырдуу ыргактар жаңырып, баскан жолуңа атыр гүлдөр төшөлөт. Ката кетирбейин, азгырыкка кирип кетпейин десең сабырдуулук кыл. Сабырдуулук – даанышмандыктын белгиси. Караңгы туюкка кабылбайын десең, сабырдуу бол.

*Э. Эрматов, Кыргыз Республикасынын эл акыны*

## § 4. Маанай жана сезим

**Маанай жөнүндө түшүнүк.** Адам айлана-чөйрө менен өз ара мамиледе болот. Адамдар кубанат, кайгырат, бирөөнү жакшы көрсө, экинчисин жаман көрөт. Бирөөлөргө таарынган учурлар болот.

Адамдардын жагымдуу жана жагымсыз нерселерге карата өзгөргөн абалы **маанай** деп аталат. Адамдын маанайы анын өңүтүсү, кыймыл-аракети, сүйлөгөн сөзү аркылуу байкалат.

Маанайдын түрлөрү төмөнкү сүрөттөрдө чагылдырылган.



Ырахаттануу Кайгыруу Кууланyy



Кубануу Суктануу Жек көрүү

Адамдын жашоосундагы ар кандай окуялар, адамдын адамдар менен болгон мамилеси анын маанайына оң же терс таасирин тийгизет. Маанай сезимден айырмаланып турат. Маанай шайыр же көңүлсүз, көтөрүңкү же басмырт болушу мүмкүн.



Маанайдын абалы кандайдыр бир себептерге байланыштуу болот. Мисалы, окуучу сабактан мыкты баа алса, анын маанайы көтөрүлүп, кубануу сезими пайда болот. Тескерисинче, досу менен мамилеси бузулса, маанайы чөгүп, капалануу сезими жаралат. Жакшы же жаман маанай адамдын жүрүм-турумуна таасирин тийгизет. Бир эле окуяны адам маанайына жараша ар кандай кабыл алат. Алсак, сабактан начар баа алып калган окуучу, мектептен үйүнө келгенде жакындарынын суроосун кыжырдануу менен кабыл алуусу ыктымал. Маанай оң жана терс абалда өтүп, ар түрдүү сезимдерди – кубанууну, кайгырууну, уялууну чагылдырат. Адамдын маанайы анын жаш өзгөчөлүгүнө жараша татаалдашат. Мисалы, ымыркай баланын курсагы ток, эч жери оорубаса маанайы жакшы болуп, тынч уктайт. Оң маанайдагы абал баланын жүрүм-турумуна таасирин тийгизет. Ал эми терс маанайдагы абал коркуу, ишенбестик, ачуулануу, кайгыруу сезимин пайда кылат. Баланын маанайына ата-эненин маанайы да таасир берет.

**Маанай** деген адамдардын жагымдуу жана жагымсыз нерселерге карата өзгөргөн абалы.

**Сезим деген эмне?** Сезим деген адамдын ички жана сырткы абалды сезе билүүсү, оң жана терс таасирди кабыл алуусу. Сүйүнүү, кубануу, сыймыктануу, капалануу, ачуулануу жана коркуу – булардын бардыгы адамдын сезимдери. Сезим адамдын жаш курагына жараша өзгөрүп турат.

Үч-төрт жашар баланын сезими туруксуз болуп, өзгөрүлмөлүү болот. Бала кубануу сезиминен тынчсыздануу, капалануу сезимине тез өтөт. Анткени, бала курбалдаштары менен ойноп жаткан мезгилде маанайы жакшы болуп, кубануу сезими жаралат. Бири-бири менен оюнчук талашып, уруша кетишсе, баланын маанайы чөгүп, капалануу сезими пайда болот.

Ал эми алты-жети жашар баланын курбалдаштарына болгон сезими үч-төрт жашар баланыкына салыштырмалуу туруктуу мүнөзгө ээ. Бул курак жети жашар баланын «мен» деген сезиминин жаралуу мезгили болуп эсептелет. Эми баланы мурдагы ойногон оюнчуктары же баалаган буюмдары кызыктырбай калат. Ал жаңы нерселерге маани берип, оюн менен байланыштуулары акырындык менен четте калат. Бала өз сезимдерин таанып, аларга аңсезимдүүлүк менен мамиле кыла баштайт.



Сезимдерди сүрөтчү төмөндөгүдөй көрсөткөн:



Коркуу Өкүнүү Ач көздөнүү



Уялуу Таң калуу Сөз аңдуу

❖ Сүрөттөрдү карап, маанай жана сезим жөнүндө айтып бергиле

**Сезим** деген адамдын ички жана сырткы абалды сезе билүүсү, оң жана терс таасирди кабыл алуусу болуп саналат.

Ар бир адамдын сезими жеке өзгөчөлүктөргө ээ болуп, калыптана берет. Сезимдер жөндөн-жөн эле пайда болбойт. Ал кандайдыр бир нерсеге багытталат. Бир эле окуя адамдарда ар кандай сезимдерди козгойт. Мисалы, кайсы бир предмет боюнча сабактын болбой калышы, жалкоо окуучу үчүн жакшы маанайды жаратып, кубануу сезимин пайда кылат. Ал эми ошол эле күнү сабакты окуп келген, дайыма билим алууга умтулган окуучуга жагымсыз маанай пайда болуп, капалануу сезими жаралат. Сезим ар түрдүү болот. Мисалы, ата-энеге жана улууларга болгон сый-урмат сезимдерди, досторго болгон достук сезимдери, адилеттүүлүккө умтулуу, жаратылышка суктануу жана эмгекти сүйүү сезимдерин өстүрүү адамдын жашоосун көрктөндүрөт. Ошондуктан балдар, жаш кезиңерден эле маанайыңар менен сезимдериңерди башкара билүүгө үйрөнүү керек.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Эмне үчүн адамдын маанайы анын жаш өзгөчөлүгүнө жараша татаалдашат?
2. Маанай менен сезимдин айырмасы жөнүндө айтып бергиле.
3. Сезим жөнүндө эмнени түшүндүңөр?

### Маанайды кантип көтөрүү керек?

Ар бир адам күндү жакшы маанай менен баштоого аракет жасашы керек. Эртең менен турганда жакшы окуяларды эстеп, ийгиликтерге кубануу керек. Бүгүнкү күнү ийгиликтердин жаралышына ишенүү сезими күчтүү болгону жакшы. Маанай пас болсо да күлгөнгө, кубанычтуу окуяны эстегенге аракет кылуу зарыл. Китеп окуп, музыка угуу, жакшы адам менен баарлашуу, кино көрүү да чөккөн маанайды көтөрөт. Маанай чөккөн абалда узакка жүрүү ден соолукка зыян экендигин билүү керек. Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча маанайды көтөрүүгө аз өлчөмдө шоколад жеп коюу жардам берет. Лосось балыгынын эти да адамдардын маанайынын көтөрүлүшүнө шарт түзөт деген пикир бар. Жаман маанай менен күрөшүүдө жашыл буурчак да эң жакшы каражат экендиги аныкталган.

## § 5. Адамдардын муктаждыгы

**Муктаждык деген эмне?** Жер жүзүндө жашаган бардык адамдар жашоо үчүн тамак-ашка, кийим-кечеге, турак жайга, эс алуу үчүн каражатка, шартка муктаж. Ошондой эле адам баарлашуу, китеп окуу, кино көрүү, сүрөт тартуу сыяктуу көп нерсеге умтулат. Ар кандай спорттук секцияларга, чыгармачылык боюнча ийримдерге, чет тилдерди үйрөтүүчү курстарга катышат. Адамдар жашоого керек болгон ар түрдүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн эмгектенет. Эгерде адамдарда муктаждык болбосо ага эмгектенүүнүн, окуунун, жаңы нерсе жаратуунун зарылчылыгы болмок эмес.

Алгачкы жамааттык коомдо адамдар тамак-ашка болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн өсүмдүктөрдүн түшүмүн жана тамырларын жыйнаган.

Айбандарга аңчылык кылган. Ал эми жырткыч айбандардан коргонуу үчүн үйүр-үйүр, топ-топ болуп жашоого муктаж болгон.





Климаты ысык өлкөлөрдө турак жай куруу, жылуу кийим-кече камдоо зарылчылыгы жок. Тескерисинче, кышкысын катуу суук болгон жерлерде адамдар үйлөрүн жылуулап, жылуу кийим камдоого муктаж болушат.

Мындан жүз жыл мурда адамдар негизинен ат, араба менен жол жүрүшкөн. Азыркы мезгилде адамдардын жол жүрүү муктажды-











гын автомашинасыз, самолётсуз элестетүү кыйын. Мурда адамдар бири-бири менен кат аркылуу байланышса, бул муктаждык чөнтөк телефон же интернет аркылуу ишке ашып калды. Демек, муктаждык коомдун жана илим менен техниканын өнүгүшүнө байланыштуу өсүп, улам жаңыланып турат.

**Муктаждык** – адамдын же адамдар тобунун жашоосу жана өнүгүшү үчүн керек нерселер. Бир муктаждыктын канааттандырылышы улам жаңы муктаждыкты пайда кылат.

**Муктаждыктын түрлөрү.** Адамдын муктаждыктары материалдык, социалдык жана руханий болуп, үч топко бөлүнөт. Материалдык муктаждыктарга тамак-аш, кийим-кече, турак жай өңдүү адамдын жашоосу үчүн зарыл нерселер кирет.



Материалдык муктаждыктар

Социалдык муктаждыктарга баарлашуу, өз ара жардамдашуу, достордун жана классташтардын ортосундагы мамиле кирет.



Социалдык муктаждыктар

Адамдар үчүн руханий муктаждыктарды канааттандыруу өтө маанилүү. Адам жарык дүйнөгө келери менен өзүн курчап турган чөйрөнү таанып-билүүгө, ойногонго, сүйлөгөнгө аракеттенет.

Бир аз чоңойгондон баштап китеп окуу, кино көрүү, сүрөт тартуу сыяктуу көп нерсеге умтулат. Ар кандай ийримдерге, спорттук секцияларга катышат, аңгеме же ыр жазууга аракеттенет.





Руханий муктаждыктар

Муктаждык – адамдын жана адам коомунун өнүгүшүнүн негизги себептери катары эсептелет. Муктаждыктарды канааттандыруу аракетинин натыйжасында ар бир адам өсөт, коом өнүгөт. Бирок, муктаждыктарды канааттандыруу аракети ар дайым эле жакшы натыйжа бербейт. Өзгөчө материалдык муктаждыктарды канааттандыруу аракети ач көздүккө алып келген учурлар да кездешет.

Силер «Алтын Антилопа» деген мультфильмди көргөнсүңөр. Анда сыйкырдуу антилопа кедей дыйкандын баласын өлүмдөн куткарат. Антилопанын туягы менен жер чапчып, алтын тыйындарды жараткан касиети болгон. Бала ач көз Раджанын колуна түшүп калганда антилопа ага жардамга келет. Раджа антилопага көп алтын берсең баланы коё берем деген шарт коёт. Антилопа ач көздүн талабына макул болот. Антилопа Раджага «Эгерде мага алтын жетет, токтот десең, мен чыгарган алтындар тезекке айланып калат» – деп эскертет. Акыры ач көз Раджа алтынга көмүлүп баратып, жетишет, токтот! – деп кыйкырып, тезекке көмүлүп калат.









Демек, материалдык муктаждыктарды чеги менен канааттандырып, ач көздүккө жол бербей жашоо керек.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Муктаждык деген эмне?
2. «Алтын Антилопа» деген мультфильмдеги Раджанын ач көздүгү эмнеге алып келди?
3. Баарлашуу, окуу, жаңы кийим сатып алуу муктаждыктын кандай түрлөрүнө кирет?

## Ач көз жолоочулар

(*жомок*)

Илгери бир айылдан үч адам жолго чыгып, иш издеп жөнөшөт. Ысыктын күнү көп жол басып, акыры бир ураган коргондун түбүнө чарчап келип, эс алышат. Бир мезгилде жолоочулардын бири ойгонуп кетсе бир нерсе кулап, жанынан жылан сойлоп өтүп бараткан болот. Тигилердин бири тура калып, жыланды кубалап жөнөйт. Жылан ураган дубалдарды аралап барып, бир ийинге кире баштаганда, куйругунан кармап тартып калат. Бирок, жылан чыкпайт. Акыры үчөө тең бел боолорун чечип улаштырып, жыланды байлап тартышса, казандын ордундай топурак оодарылып, ошол жерден бир кумура алтын теңге чачылып кетет. Үчөө макулдашып, эң кичүүсүнө бир дилде беришип, базарга барып, тамак-аш алып кел, биз бул дилделер менен шаарга барсак, оң болбойбуз – дешет. Ошентип, кичүү жолоочу базарга кетет. Тиги кеткенден кийин калган экөө:

- Тигини эптеп жөнөттүк, мынча дилдени үчкө бөлгүчө, экиге бөлгөнүбүз дурус болбойбу, – деп кеңешип, экөө үчүнчүсүн өлтүрмөк болушат да, анын келишин күтөт. Ал эми базарга кеткен жолоочу базар аралап, ар түрдүү даамдарды алат. Суусундукка шарап алайын деп, ширелер сатылган жерге келет. Ал жерден эптеп жүзүмдүн ширесинен күн көргөн кедейдин жалгыз кызына жолугуп калат. Жолоочунун баягы кызга көзү түшөт. Жарты дилдеге кыздан шире сатып алып, ал кызды кантип колго түшүрүүнүн амалын ойлойт.

– Кызым, – дейт жолоочу, – ширең эң сонун экен. Менин дагы шериктерим бар. Биздин буга суусунубуз канбайт. Эгер болсо дагы бир кумура алып келсең, беш дилде берер элек. Макул болсоң эски коргонго кел – дейт. Кыз макул болот. Бирок, жолоочу айнып калат. «Кантип эле ушунча дилдени, ушул сулуу кызды тигилерге ыраа көрөм. Андан көрө ширеге уу кошуп берип, экөөнү тең жайлап, дилдени да, кызды да өзүм алайын»,– деп ойлойт. Жолоочу уу сатып алып, ширеге кошуп, тигилерге келсе, экөө тең уктап жатат.

– Ой, тургула, уктай бересиңерби? – деп жерге отурат. Ал отурааары менен тигилер аны баса калышып, мууздап салышат.

– Эми кудай берди, – дейт экөө.

– Алтын биздики, – дешип, суусундукту талашып, ичип алышат.

Ошентип тиги экөө тең ууланып өлөт. Дыйкандын кызы кумурага шире толтуруп, эски коргонго келсе, үч жолоочу тең өлүп жаткан болот. Эки жакты караса, бир кумура алтын турат. Кыз алтынды алып, атасына келет. Ошентип, ач көз адамдар өлүп, кедейдин турмушу оңолуп, жашап калыптыр. Ушуга окшогон окуяларга байланыштуу эл ичинде «Ач көз адам арам өлөт» деген сөз сакталып калган экен.

## § 6. Менин үй-бүлөм

**Үй-бүлө деген эмне?** Үй-бүлө адам коомунда эң кеңири тараган социалдык уюм. Ал эркек менен аял чогуу жашоо үчүн баш кошкондо пайда болот. Үй-бүлө куруунун негизин эркек менен аялдын ортосундагы сүйүү мамилеси, биргелешип турмуш курууга макулдугу түзөт.



Адамзаттын тукумун улоо, балдарды тарбиялоо – үй-бүлөнүн негизги милдети катары эсептелет. Аял менен эркектин үй-бүлө куруу үчүн баш кошуусу никеге туруу деп аталат. Никеге туруу мамлекет тарабынан берилген нике кагазы менен мыйзамдаштырылат. Ата-эне менен балдардын ортосу кандаш туугандык байланыш менен бекемделет.

**Үй-бүлө** – нике жана кандаш туугандык байланыш аркылуу түзүлгөн **адамдардын чакан тобу**.

**Үй-бүлөнүн милдеттери.** Үй-бүлөнүн негизги милдети адам тукумун улантуу. Өлкөнүн калкы үй-бүлөдө төрөлгөн балдар аркылуу толукталат.

Үй-бүлөдө балдар адептүү тарбияланып, коомдо жашоого үйрөнөт. Ата-энелер уул-кыздарына өздөрүнүн ата-энелик мээримин төгүп, турмуштук тажрыйбасын үйрөтөт. Үй-бүлөдө бала сүйлөгөнгө, жүрүм-турум эрежелерин сактоого, эмгектенүүгө үйрөнөт.

Заманбап үй-бүлөдө жубайлар бири-бирин туура түшүнүп, бири-бирин колдоп, үй-бүлө муктаждыктарын биргелешип чечет. Баланын жан дүйнөсүнүн калыптанышында ишеним, сый, чыдамдуулук сезимдери үй-бүлө үчүн зарыл нерсе. Бул үч сезим баланын



ата-энеге, ата-эненин балдарга болгон мамилелери. Ошондой эле балдардын кулк-мүнөзүнүн калыптанышы, ата-эненин балага болгон сүйүүсү жана өздөрүнүн бири-бирине болгон сый-мамилеси. Мүмкүнчүлүгү чектелген үй-бүлө мүчөлөрүнө, үй-бүлөдөгү кары адамдарга кам көрүү да үй-бүлөнүн ыйык милдети.

**Үй-бүлөнүн түрлөрү.** Ата-энеси жана алардын балдары чогуу жашаган үй-бүлө бир муунду үй-бүлө деп эсептелет. Мындай үй-бүлөлөр көпчүлүктү түзөт.





Чоң ата, чоң эне, балдардын ата-энеси чогуу жашаган үч муундан турган үй-бүлөлөр бар. Эгерде үй-бүлөдө балдардын атасы же энеси жок болсо, мындай үй-бүлө толук эмес үй-бүлө деп эсептелет. Балдардын саны боюнча баласыз, бир балалуу жана көп балалуу үй-бүлөлөр айырмаланат.

Үй-бүлөнүн негизин жубайлардын жана алардын балдарынын ортосундагы сүйүү жана ынтымак түзөт.



Байыркы грек философу Аристотель үй-бүлөнү «бакыттын үйү» деп баалаган. Бири-бирине урмат-сый менен мамиле кылган, бири-бирин айттырбай түшүнүп, жардамдашкан үй-бүлөлөр абдан көп.

Мындай үй-бүлөлөр чынында эле бакыттын үйүн элестетет жана коомдун бекем пайдубалы катары эсептелет.

Тилекке каршы, бири-бирин сыйлабаган, балдарына тарбия берүүнүн ордуна аларга жосунсуз жоруктарды көрсөткөн ата-энелер да кездешет. Мындай үй-бүлөлөрдө туулуп-өскөн уул-кыздар да тартипсиз чоңоёт. Балдарга өтө катаал мамиле жасаган, колу да, тили да тийип, ал тургай балдарын таштап кеткен же аларды оор жумушту аткаруу үчүн башкаларга жалдап берген ата-энелер да кездешет.

Баланын укуктарынын декларациясынын 9-беренесинде «Бала зөөкүрлүктүн, аны зордоп иштетүүнүн жана басмырлоонун бардык формаларынан корголот» деп жазылган.

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде: «Үй-бүлө, атанын, эненин жана баланын укуктары мамлекет тарабынан корголот» деп баса көрсөтүлгөн. Демек, балдардын укуктарын коргоого биздин мамлекет кепилдик берет. Кыргызстанда «Бардык жакшы



нерселер – балдарга» деген ураан астында иш жүргүзүлөт. Натыйжада балдар үчүн балдар бакчаларын, мектептерди, ооруканаларды, балдар үйлөрүн, театрларды, спорттук аянтчаларды ж. б. курууга жана иштетүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Кыргыз үй-бүлөсү эзелтеден эле көп балалуу болууга аракет кылган. Кыргыздар эркек бала төрөлсө, аны келечекте тукум улантуучу, эли-жерди коргоочу, чарбачылык иштерин жүргүзүүчү катары кубаныч менен сүйүнчүлөгөн. Ата-эне кыз баланын төрөлүшүн дагы чоң кубаныч катары кабыл алып, аны алпештеп, эркелетип чоңойткон.

Кыргыз коомунда үй-бүлөлүк мамилелер эзелтеден эле бекем болгон. Бир үй-бүлө бузулса, кыргыздар шаар бузулду деп кейишкен. Кыргыздарда ата-энелерди сыйлап, улууларды урматтап, кичүүлөргө ызаат көрсөтүү сезими күчтүү өнүккөн. Ата-энелер «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген эреже боюнча уул-кыздарына өздөрү өрнөк көрсөтүүгө, үлгү болууга аракеттенишкен.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Адамдар эмне үчүн үй-бүлө күтөт?
2. Үй-бүлөнүн кандай түрлөрү бар?
3. Сен үйүңдөн кандай жумуштарды аткарасың?
4. «Бактылуу үй-бүлө» деген темада аңгеме түзгүлө.

### Чыныгы бакыт – үй-бүлө

Бир айылда чогуу өскөн үч бала ар дайым келечеги жөнүндө кыялданышчу. Ар бири бактылуу болууну самашчу. Биринчи бала бай болууну самап, коомдо байларга ар ким урмат кыларын, бардык ишти акча менен бүтүрсө болорун, акчалуу болсо бактылуу жашаарын айтып кыялданчу. Экинчиси болсо: «Таланттуу адам эл сыйына татыктуу болот, таланттын артынан байыса, ошондон өткөн бакыт барбы?!» – деп таланттуу болууну эңсөөчү. Ал эми үчүнчүсү болсо: «Мен чоңойсом, жакшы жар күтүп, үй-бүлө курам. Бардык нерсени чогуу чечип, турмуштун ысык-суугун бирге татабыз. Бири-бирибизди туура түшүнүп жакшы жашасак, мына ошол чыныгы бакыт болсо керек», – дейт. Анда тигил экөө: «Байлыгың болсо, эл сыйлап турган адам болсоң, каалаган кызга үйлөнүп бактылуу болосуң да. Андан жакшы бир нерсе тууралуу кыялдансаң боло», – деп күлүп калышчу.

Ошентип, убакыттын өтүшү менен тагдыр аларды ар башка жакка бөлүп кетет. Жыл артынан жыл өтөт. Тагдырдын буйругу менен баягы үчөө карып калган чагында кайрадан жолугуп калышат. Сурашып отуруп, бала чактагы кыялдарын эстешет. Ошондо биринчиси: «Мен кыялданып жүргөндөй эле бай болдум. Бирок канчалык акчам көбөйгөн сайын дагы көбөйсүн дедим. Күндүз тынчтык, түндө уйку көрбөгөн күндөрүм болду. Бирок, бактылуу болбодум. Акча деп жүрүп балдардын тарбиясына да көңүл бура албадым. Айтор, бакыт акча-байлыкта эместигин кеч түшүндүм», – дейт. Экинчиси да өз арманын айтып: «Мен өзүм кызыгып жүргөндөй, чоң өнөрдүн ээси болдум. Эл аралап көп жүрдүм. Убагында баары сыйлап жүрдү. Бирок кийинчерээк жаңы таланттар чыгып, мен унутула баштадым. Акыры мени эч ким карабай, эч жерге чакырбай да калды. Дайыма эле кадыр-барк күтүп жүргөнгө көнүп калган адам аябай жалгызсырап, кор болуп калат экен. Үй-бүлөдөн да жолум болбоду. Жалгыз талант менен бактылуу болбойт экен адам», – дейт. «А мен болсо, – дейт үчүнчүсү, – чыныгы бакыттын даамын азыр да татып отурам. Үй-бүлөм, балдарым жана неберелерим бар. Балдарымды татыктуу тарбиялоого болгон күчүмдү жумшадым. Мына, менин бир кездеги «чыныгы бакыт үй-бүлөдө» дегеним чын чыкты» – дейт. Бул турмуш чындыгы экендигине баары макул болушту.

❖ Чыныгы бакыт – үй-бүлө дегенди кандай түшүндүңөр?

## § 7. Үй-бүлө баалуулуктары

**Үй-бүлө баалуулуктары.** Ар кандай коомдук түзүлүштө өзүнүн милдеттери жана социалдык ролу боюнча үй-бүлөлөр айырмаланып турат. Бирок үй-бүлөгө тийиштүү жалпы окшоштуктар бар.

Башка жаныбарлардан айырмаланып, адам баласынын балалык курагы көп жылдарга созулат. Байыртадан эле бала 15–18 жашка чыккыча ата-энесинин камкордугуна муктаж болуп келет.

Баланын чоң турмушка даярдыгы үй-бүлөдө гана ишке ашат.





Бала ымыркай кезинен эле ата-энеси менен эң жөнөкөй формада баарлашат.

Бала ата-энесинин жана жакын туугандарынын жардамы менен биосоциалдык жактан жетилет. Ата-энесинин жана өзүнөн улуулардын колдоосу менен адамдардын турмуштук тажрыйбасын үйрөнөт. Окуганга, жазганга, адамдар менен мамиле кылганга жана үй-бүлөдөгү чарбалык иштерди аткарууга көнөт.







Үй-бүлөлөр турмуштун зарылчылыгынан улам калыптанган баалуулуктардын натыйжасында өнүгүп келген. Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана салттар ар бир үй-бүлөнүн пайда болуп, чыңдалышына өбөлгө болгон.







Үй-бүлөлүк баалуулуктарга биринчи кезекте үй-бүлө күтө турган эркек менен аялдын сүйүүсү, алардын баш кошуп бирге жашоого жан-дили менен берилүүсү зарыл. Өз ара сыйлашуу, бири-бирин ар дайым колдоо, никедеги туруктуулук үй-бүлөлүк баалуулуктун негизин түзүп, үй-бүлөнү бекемдейт.

Үй-бүлөлүк баалуулуктардын маанилүү көрсөткүчү катары үй-бүлөнүн ынтымагы, эмгекти сүйүү, үй-бүлөнүн жакшы жашоосу үчүн шарт түзүү эсептелет. Үй-бүлөнүн жашоосу, өнүгүшү үчүн эң негизги шарттардын бири – турак жай экендиги талашсыз.





Үй-бүлө мүчөлөрү жашоо үчүн биргелешип чарба жүргүзүшөт. Үй чарбасын жүргүзүүгө үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша салым кошот. Үй-бүлөдөгү жоопкерчилик жана ынтымак үй-бүлөнүн муктаждыктарын канааттандырууга шарт түзөт.

**Үй-бүлөлүк баалуулук** – байыркы доорлордо калыптанып, үй-бүлөнү чыңдоо үчүн муундан муунга берилип келген баалуулуктардын жыйындысы.

**Үй-бүлөлүк салттар.** Ар бир элде илгертеден эле калыптанып, өнүгүп келген салттар бар. Үй-бүлөлүк салттар адамдарды үй-бүлө курууга, өтө жоопкерчилик менен мамиле жасоого чакырат. Борбор Азия элдеринде, анын ичинен кыргыздарда байыртадан эле жаштарды үйлөндүрүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Ата-эне бойго жеткен уулуна жакшы үй-бүлөдө тарбияланган, тектүү жердин кызын алып берүүгө аракеттенген. Бул үчүн кыздын ата-энеси менен алдын-ала куда түшүү салты болгон. Бул салт жаштарды үй-бүлө күтүүдөгү жоопкерчиликке тарбиялаган. Кудалашкан ата-энелер жаш үй-бүлөнүн бутуна турушу, мамилелердин чыңдалышы жана өнүгүшү үчүн материалдык жана моралдык колдоо көрсөткөн.

Эзелтеден эле үй-бүлөдө улууларды сыйлоо, кичүүлөрдү ызааттоо салты бекем сакталган. Жаштар улуулардын сөзүн угууга, алардын алдында адеп сактоого кичинесинен эле тарбияланган. Өз кезегинде үй-бүлөдөгү улуулар кичүүлөрдү ызааттап, аларга үлгү көрсөтүшкөн.





Кыргызстанда жашаган ар улуттун өкүлдөрүнүн да үй-бүлөлүк салттары бар. Үй-бүлөлүк үлпөттөрдү чогуу белгилөө, үй-бүлө мүчөлөрүнүн туулган күндөрүн, юбилейлерди салтанаттуу өткөрүү элдердин дээрлик бардыгына мүнөздүү.

Үй-бүлөлүк ынтымак көбүнчө кыйынчылыктарда билинет. Үй-бүлө мүчөсүнөн ажыроо  үй-бүлө үчүн чоң жоготуу. Мындай учурда үй-бүлө мүчөлөрүнүн ынтымагы өзгөчө маанилүү болот. Кыргыз элинде адам каза болгондо анын жакындарына көңүл айтуу, материалдык жардам берүү, кайгыны тең бөлүшүү салты өнүккөн.

**Үй-бүлөлүк салт** – үй-бүлөдө кабыл алынган жүрүм-турум эрежелеринин, каада-салттарынын жыйындысы. Ал муундан-муунга өтүп, замандын талабына жараша өзгөрөт жана өнүгөт.

Көпчүлүк элдерде өзүнүн ата-тегин тактоого, алардын келечектеги урпактары, эли-жери үчүн жасап кеткен иштерине сыймыктануу салты бар. Бул салт кыргыз элинде күчтүү өнүккөн. Кыргыздарда жети жаштагы бала жети атасын билүүгө милдеттүү болгон. Бул аркылуу жаш бала ата-бабаларынын тарыхын билип, алардын эл үчүн жасаган эмгегин үй-бүлөлүк баалуулук катары сактаган. Ата-бабаларынан чыккан мыкты адамдардын жасаган иштерине сыймыктанып, өзү да муундан-муунга айтыла турган үлгүлүү адам болууга, эсте каларлык жакшы иштерди аткарууга умтулган. Ата-бабаларды эскерүү, алардын эмгегин баалоо үй-бүлөнүн, жакын туугандардын ынтымагын бекемдеп, балдарга татыктуу тарбия берүүнүн өбөлгөсү болгон.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Үй-бүлөлүк баалуулуктар деген эмне?
2. Үй-бүлөлүк баалуулук эмне үчүн үй-бүлөнү бекемдейт?

3. Силердин үй-бүлөдө кандай салттар колдонулат?

4. Үй-бүлөлүк баалуулуктарды, салттарды сактоонун кандай зарылчылыгы бар?

➢ Ата-энеңдин жардамы менен өзүңдүн санжыраңды тактап жазып кел.

➢ Силердин үй-бүлөдө үй жумуштары кандайча бөлүштүрүлгөндүгү жөнүндө аңгеме жазгыла.

**Кошумча окуу үчүн**

## Кыргыздын шаары – үй-бүлө

Үй-бүлөнү адатта, никеге жана туугандык байланышка негизденип, мүчөлөрү бирге жашоого жана бири-бирине күйүмдүү мамиле жасоого ынтызар коомдук чакан топчо катары билишет. Ал эми элибиз «Үй-бүлө – капкалуу шаар» деп аныктап келген.

Мында үй-бүлөнүн жашоо-мыйзамы, тирлик турмушу, рухий дөөлөтү ж. б. жактары элестүү чагылып турат. Үй-бүлө турмушун шаар жашоосуна салыштырууда аша чапкандык жок. Шаар дайын-дареги тарых тереңинде жаткан, турмушу сак терең окуяны ичине каткан, татаал ырдуу да, сырдуу да, анан чырдуу да калаа.

Ушул касиеттер үй-бүлөгө да мүнөздүү. Тегинен элибиз жубайлар ажырашканда «шаар бузулду» деп бекеринен айтпайт. Анын сыңарындай, эгер мамлекет чың, бекем, турмушу бейкут, бакубат болсун десек, анда ал, баарынан мурда, ар бир үй-бүлөнүн кызыкчылыгын биринчи планга коюшу керек.

Өзгөчө жаш үй-бүлө мекендин куту, маданияттын тууру, улуттун уюткусу катары таанылышы керек. Ошондо гана кыргыз эли өзүнүн эрдигин жоготпой, нарктуу, салттуу, байыркы эл катары өзүнүн өмүр көчүн улайт.

*«Шоокум» журналы, 11-ноябрь 2008-жыл*

Бабабыз Жусуп Баласагын үй-бүлөгө карата мындай деген:

Уул, кыздуу болуп калсаң сен эгер,
Үйүңдө өстүр, жайсыз болот бөтөн жер.

Тарбиячы адам тап, пейли кенен,
Уул-кызың дени сак өсөт экен.

Билим берип, адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.

Кыз чыгарып, келин ал, куда түшүп,
Кайгы-капа билбеген байлык бүтүп.

Уулдарга үйрөткүн жакшы сапат,
Жакшы иштен бакыт да, байлык табат.
Тескеп тур, уул ишсиз-бош калбасын,
Бош болсо, текке кетер өмүрү чын.

❖ Ыр саптарынын маанисин түшүнүп, эсиңерге туткула.

## §§ 8–9. Окуу, оюн, эмгек, өнөр жана чыгармачылык

**Окуганга үйрөнүү.** Окуу – окуучунун негизги милдети.

Окуучу билим алуу үчүн мектепте окуйт. Ал үчүн эрктүүлүк, тырышчаактык жана талыкпай эмгектенүү керек. Окугандарын эске тутууга, ой жүгүртүүгө аракеттенүү окуудагы негизги талап катары эсептелет. Бир акылман: «Окуп, бирок ойлонбоо – убакытты текке кетирүү» деген.








Окуучулар окууну мектептен эле эмес үйдөн да улантат. Сабакка үйдөн даярдануу өз алдынча окуу болуп саналат. Окумуштуулар өз алдынча окуудагы окуучунун ийгиликтерге жетишүүсү үчүн убакытты туура пайдаланууга кеңеш беришет.



➢ Акылмандын «Окуп, бирок ойлонбоо – убакытты текке кетирүү» деп айткан сөзүнүн маанисин түшүндүрүп бергиле.



Китеп окуу жашоого максат коюуга көмөктөшөт



Китеп – жан дүйнөнүн азыгы

Окуучу эске тутууну жакшыртуу үчүн көркөм чыгармаларды көп окушу керек. Көркөм чыгармаларды окуу ой жүгүртүүнү жогорулатат. Сөз байлыгын көбөйтөт. Китептерден жакшы идеяларды алып, жашоодо аларды пайдаланууга аракет жасоо жакшы натыйжаларды берет.

**Китеп окуу** – эске сактоо жөндөмүн жакшыртып, ой жүгүртүүнү жогорулатат жана сөз байлыгын көбөйтөт.

- Эмне үчүн көркөм чыгармаларды окуш керек?
- Окуган китебиңер жөнүндө кыскача маалымат бергиле.

**Оюн.** Оюн – балдардын бири-бири менен болгон иш-аракети.

Баланын өнүгүшүндө оюн чоң мааниге ээ. Оюн мамиле түзүүнүн жана өнүгүүнүн булагы. Оюн аркылуу бала айлана-чөйрөнү таанып билет. Анын өзүн курчап турган чөйрөсүнө карата мамилеси, кыймыл-аракети, акыл-сезими калыптанат.



Топ менен ойноо



Сууда сүзүү



Чана тебүү

Кыймылдуу оюндар баланын ой жүгүртүүсүн, кыймыл-аракетин жакшыртат. Кыргыздар байыртадан эле оюндарга өзгөчө көңүл бурган. Натыйжада улуттук оюндардын жүздөгөн түрлөрү пайда болгон. Алар балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылган. Байыркы доорлордо жаралып, өнүгүп келген улуттук оюндарды кайрадан жаратып, өнүктүрүү максатында Көчмөндөрдүн оюндары эл аралык алкакта Кыргызстанда 3-жолу өткөрүлдү.



Лыжа тебүү

Оюн – жаш муундарды шамдагайлыкка, эр жүректүүлүккө, чечкиндүүлүккө, кыраакылыкка, тапкычтыкка, айлакердикке тарбиялоо каражаттарынын бири.



Тогуз коргоол

Кыргыз элинин улуттук оюндарынын ичинде баланын таанып-билүүсүн, акыл-эсин өстүрүүгө, эс тутумун бекемдөөгө багытталган оюндар басымдуулук кылат.





Чүкө ойноо

➢ Адамдын жашоосунда оюн кандай орунду ээлейт?
➢ Улуттук оюндардын кандай түрлөрүн билесиңер?
➢ Оюндун кайсы түрү силерге көбүрөөк жагат? Эмне үчүн?
Кыскача текст түзүп, айтып бергиле

**Эмгек – жашоонун негизи.** Адам эмгектенип, тамак-ашка, кийим-кечеге, турак жайга, тиричилик буюмдарына жана байлыкка ээ болот. Силер тарых сабагынан окугандай «эмгек адамды жараткан». Эмгектин натыйжасында тил пайда болуп, адамдын аң-сезими өскөн. Англиялык экономист Адам Смит: «Алтын, күмүш гана эмес, дүйнөдөгү бардык байлык эмгектен жаралган» – деп айткан.





➢ «Эмгек адамды жараткан» деген сөздүн маанисин түшүндүргүлө.

**Эмгек** – адамдын жасаган кызматы. Эмгек билимди жана чеберчилик менен жөндөмдүүлүктү талап кылат. Эмгектин натыйжасында адам жашоо үчүн зарыл болгон бардык шарттарды түзөт.

Ар бир адам өз акылына, билимине, чыгармачылык талантына, чеберчилигине, ден соолугуна жараша эмгектенет. Адам эмгеги үчүн эмгек акысын алып, өзүн жана үй-бүлөсүн багат. Кыргыз элинин «Мээнетиң күчтүү болсо, тatканың таттуу болот», «Эмгек эрезеге жеткирет» деген накыл сөздөрдүн мааниси терең.

Биздин мекенибизде мамлекетибиздин өнүгүшүнө чоң салым кошкон эмгекчил адамдар көп. Аларды жалпы коомубуз кадырлап, барктайт. Алсак, Таштанбек Акматов эмгегинен баар тапкан белгилүү адам. Ал мал чарбасын өнүктүрүүдөгү үзүрлүү эмгеги үчүн эки жолу Социалисттик Эмгектин Баатыры жана «Кыргыз Эл Баатыры» наамдарына татыктуу болгон.



Т. Акматов

Эмгектин түрлөрү көп. Көпчүлүк адамдар материалдык байлыкты жараткан өндүрүш тармактарында эмгектенет. Коомдук эмгекти уюштурууда, ишканалар менен мекемелерди жетектөө тармагында эмгектенген адамдар да арбын.



Т. Усубалиев

Бүтүндөй республиканы ийгиликтүү жетектеп, элдин урмат-сыйына ээ болуп, тарыхта аты калган адамдар да бар. Алардын катарына И. Раззаков, Т. Усубалиев, Т. Кулатов, С. Ибраимов, А. Масалиев өңдүү адамдар кирет. Мисалы, Турдакун Усубалиев Кыргызстанды 25 жылга жакын үзүрлүү жетектеген. Ал башкарган жылдары Кыргызстанда чоң ийгиликтер жаралган. Чоң-чоң завод-фабрикалар, ГЭСтер курулган. Айыл чарбасы, илим, билим, искусство өнүккөн. Курулуш иштерине өзгөчө көңүл бургандыктан, Т. Усубалиевди эл «Кыргызстандын прорабы» деп аташкан.

➤ Эмгек деген эмне? Адам эмне үчүн эмгектенет?

**Өнөр жана чыгармачылык.** Өнөр – көркөм маданияттын негизги өзөгү. Өнөр – элдин эстетикалык табитин өстүрөт, адамдарды руханий жактан тарбиялайт. Өнөр адам баласынын сезимин ар бир көз ирмемде алга сүрөп, сезимтал адамдарды чексиз кыялдарга жетелейт.

Өнөр – адам баласынын жан дүйнөсүн чагылдырып, ой-пикирлерин жана кыялдарын ишке ашырат. Өнөрдүн сүрөт, музыка, архитектура жана скульптура, театр, хореография, кино, опера жана балет деген негизги түрлөрү бар. Чыгармачылык деген жан дүйнөнү жана сезимдерди өстүрүүнүн эң негизги жолдорунун бири.

Чыгармачылык деген адамдардын жемиштүү иш-аракетинин өзгөчө түрү. Бул жаңы нерсени ойлоп табуу, жаратуу дегенди билдирет. Адам жаңы нерсени жаратууда өзүнөн мурдагы муундардын жараткан тажрыйбаларына таянат. Адам баласынын жөндөмдүүлүк таланты өнөр жана чыгармачылык менен тыгыз байланышта.

Чыныгы илим өнөр жана чыгармачылык аркылуу өзүн көрсөтөт. Өнөр жана чыгармачылык жаатында эч кандай эмгеги болбогон адамды көптү билет деп айтууга болбойт. Кыргызда «Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет», «Өнөрүң болсо өргө чап» деп ай-

тылган макалдардай адамдарды деңиздин түбүнө, асмандын учукыйырсыз мейкиндигине саякаттаткан өнөр жана чыгармачылык болуп саналат. Адам баласы өнөрү жана чыгармачылыгынын арты менен дүйнөнү кезип, заман жана мейкиндикти багындырган сезимге ээ болот. Биз сүйүп окуган бардык көркөм чыгармалар, дүйнөнүн төрт бурчу менен байланышкан телефон, компьютер, ноутбук, радио жана телевизор, бизди бир жерден башка бир жерге жеткирген машина, поезд, учак жана космостук кемелер сыяктуу адам баласына ыңгайлуулук тартуулаган буюмдардын баары өнөрлүү адамдардын колунан чыккан. Өнөр менен чыгармачылык болбосо, адамдын колунан чыккан буюмдардын эч бирин көрө алмак эмеспиз жана ал өнөрлүү адамдар да бардык план жана чыгармачылыктары менен бирге топуракка көмүлүп калмак.

Чыгармачыл адамдар өздөрүнүн таланты менен айырмаланат. Өлкөбүз чыгармачылыгы ташкындаган таланттуу адамдарга бай. Мисалы, кош канат талантын ээси Сүймөнкул Чокморовду улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов: »Сүймөнкулдун кош канат таланты – сүрөтчүлүгү менен киноактёрлугу жалаң гана кыргыз искусствосу үчүн эмес, жалпы дүйнөлүк маданиятка таандык» – деп айткан. Анын артында 400дөй живопись эмгектери жана 20 фильмде жараткан эң мыкты образдары калган.



С. Чокморов

Бүткүл өмүрүн, өнөрүн театрга арнаган Кайыргүл Сартбаева улуттук опера жана балет театрында 60га жакын спектаклге катышкан. Анын аткаруусундагы элдик ырлар, композиторлордун, обончулардын 600дөн ашык ырлары кыргыз улуттук радиосунун алтын фондусуна жазылган.



К. Сартбаева



Б. Бейшеналиева

Хореография өнөрүнө алгач негиз салган улуу бийчи-балерина Бүбүсайра Бейшеналиева. Балет өнөрүндө ал жараткан Анар, Раймондо, Одетта ак куу, Зейнеп, Аврора ханыша, Эсмеральда, Жульетта, Лауренсия, Китри ж. б. образдары хореография өнөрүнүн алтын тарыхында сакталып калган.

Чыгармачыл адамдын талантын өркүндөтүп, шыктандырып, аны колдоо керек. Таланттуу адам өзүнүн кесибине чыгармачылык менен мамиле жасаганда гана жакшы ийгиликтерге жетишет. Балада оюн иш-аракетинен окуу иш-аракетине өтүү менен чыгармачылык шыктануу ойгонот. Баланын өзүнүн чыгармачылык табитин өстүрүү үчүн чыгармачылык иш-аракеттерди көбүрөөк жасоого аракеттениши маанилүү.

Чыгармачылык деген адамдын өзүнөн мурдагы муундардын жараткан тажрыйбаларына таянып, аны өркүндөтүп, жаңы нерсе жаратышы. Чыгармачылык кызыгуу, ойлоп табуу, чеберчилик, өз алдынчалыкка умтулуу өңдүү сапаттарды камтыйт.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

- Чыгармачылык деген эмне?
- «Мен эмнеге шыктуумун» деген темада кыскача текст түзүп, айтып бергиле

**Иш-аракеттерди дал келтиргиле:**

окуу



эмгек 

оюн 

чыгармачылык 

## Эмне үчүн мугалим «түшүндүңөрбү» деп көп сурайт?

Билимдин баркын элибиз эзелтеден эле баамдап билген. Ошондуктан бабаларыбыз: «Билеги күчтүү бирди, билими күчтүү миңди жыгат», «Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен» – деген.

Азыркы мезгилде билимдин баркы көтөрүлүүдө. Билимдин пайдубалын түптөгөн мектептердин саны көбөйүүдө. Заманбап окуу куралдары да байма-бай жазылууда, мектептерде компьютерлердин саны өсүүдө. Компьютер аркылуу азыр адамзат чогулткан акыл байлыгы менен алеки саатта эле таанышса болот. Бирок, чыныгы билим окуганын түшүнгөн деңгээли менен аныкталыш керек.

Алган билимди колдоно билүү, анын сырларын ача билүүгө аракеттенүү өтө маанилүү. Окуучу бир нерсени билип алууга эмес, илип алууга, башкача айтканда көңүлүнө түйүп, эстеп калууга үйрөнүшү зарыл. Эгер окуучу окуганын көңүлүнө түйсө кызыгат, кызыкса түшүнөт, түшүнсө унутпайт, колдонот. Ал эми жөн гана билим алса – унутат.

Демек, чыныгы билим эсте калган билим. Кеп билүүдө эмес, түшүнүүдө. Түшүнүү мугалимден уккан, китептен окуган маалыматтын акыл-эске түшүп, уюп калышын билдирет. Ошондуктан, мугалим сабак өтүп жатып «түшүндүңөрбү?» – деп көп сурайт.

## Эмгек жөнүндө жомок

Бар экен, жок экен, бир адамдын үч уулу болуптур. Күндөрдүн биринде ал адам көз жумат. Анын өмүрүндө тапкан байлыгы балдарына калат. Улуу баласына атасынан калган чоң үй, ортончусуна уй, кичүүсүнө атасынын мээлейи менен балтасы тиет. Ар бири өз иштери менен алектенишет. Улуусу үйлөнүп, бала-бакыралуу болуп, үйүндө жашайт. Ортончусу уюн саап, сүт сатат. Кичүүсү балта менен ар кандай иштерди аткарууга туура келет. Арадан бир нече жылдар өтөт. Ар ким өз эмгегинин үзүрүн көрчү убакыт келет. Улуусу атасынан калган бекер үйдө жашап, ал үйдү оңдоп-түзөп, тазалыгына көңүл бурган эмес, натыйжада жашаган үйү эскирип, кулап кала турган абалга жеткен. Ортончусу уйдун даяр сүтүн сатып жашаганга көнүп, жалкоо болуп калган. Бара-бара уй картайып, сүтү азайган. Кичүүсү атасынан калган балтанын күчү менен нан таап эле жебестен, үй курган, уй сатып алган. Аны көргөн бир туугандары ага көз арта башташат. Алар кичүү бир тууганынан сыйкырдуу балтаны тартып алып, биз дагы бактылуу жашайлы деп чечишет да балтаны алып кетишет. Бирок, бул окуяга кичүү бир тууганы кайгырбастан өзүнө кайрадан жаңы балта сатып алып, ишин уланта берет. Ошондо бир тууганары балта бакыт алып келбестен, эмгек адамды бактылуу кыларын түшүнүшкөн. Алар кичүү бир тууганынан үлгү алышып, эмгектенүүнү жана эмгекти сүйүүнү үйрөнүшүп, жетиштүү турмушта жашап калышкан экен.

### Устат жана шакирт

Дүйнөдө кайсы гана өнөр ээлерин албайлы, бардыгында тең «устат» жана «шакирт» деген түшүнүктөр болуп келген. Кыргыз элинде «устатынан шакирти өтүптүр» деген сөз бар. Бул экөө тең бир өнөрдү аркалагандыктан жана руханий дүйнөлөрүнүн бири-бири менен төп келишкендигинен улам ортодо тыгыз байланыш түзүлөт. Белгилүү бир баскычта өзгөчө мамиле жаралат.

Устат шакирттик баскычтан татыктуу өтүп, тажрыйба топтойт. Ал өсүп-өнүгүп отуруп, бийик деңгээлге жетип, өнөрдүн негизги эрежелерин, сырларын өздөштүргөндө гана устаттын устаттыгы билинет. Шакирт күтүү устат үчүн сыймык, чоң жоопкерчилик катары эсептелип келген. Шакирти жок өнөр ээси устат эмес. Демек, шакиртсиз устат, устатсыз шакирт болбойт. Ооба, устат менен шакирттин ортосунда ар дайым эле жандуу байланыш боло бербейт. Айрым учурда көзү өткөн адамды деле устат тутуп, анын калтырып кеткен мурастарынын (өнөрүнүн, оймосунун, ишинин) негизинде тарбияланган шакирттер болот. Бара-бара кайсы бир устаттын айланасында бир канча шакирттин топтолушу чыгармачылык мектептин, руханий борбордун түзүлүшүнө алып келет. Устат менен шакирттин ортосундагы мамиле жеке маанини гана алып жүрбөстөн, коомдук мааниге да ээ болушу мүмкүн.



Бүгүнкү устат – кечээги шакирт

Кыргыз адабиятында ыр жазып баштаган үйрөнчүктөрдүн баары акын Алыкул Осмоновду устат тутушуп, анын ырларынын негизинде тарбияланса, манасчылар Саякбай атанын айтканын кайра-кайра угуп, үнүн, добушун, дикциясын, ыргагын үйрөнүп, аны туурап айтканга дилгирленишет. «Мен комузчу болом», – деген бөбөк үчүн айталы, Токтогул Сатылганов үлгү болсо, бүгүнкү ырчы болом дегендерге учурдун кайсы бир эстрадалык «жылдызы» таасирдүү болушу мүмкүн.

## § 10. Менин мекеним –Кыргызстан

**Кыргыз Республикасы.** Менин мекеним – Кыргызстан. Ал көп улуттуу, эгемендүү өлкө. Өлкөбүз 1991-жылы 31-августта өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп жарыяланган. 1993-жылы 5-майда өлкөбүздүн Конституциясы (негизги мыйзам) кабыл алынган. Борбор шаары – Бишкек. Өлкөбүзгө таандык мамлекеттик символикалар бар.

Өлкөбүз 7 облустан жана 40 райондон турат. Райондор айыл аймактарына (айыл өкмөттөрүнө) бөлүнгөн. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган бардык калк улутуна карабай ынтымактуу жашайт.




Кыргыз Республикасынын картасы

Ар бир элдин баалуу мурасы, каада-салты, тарыхы болот эмеспи. Мекенибиз Кыргызстандын жаратылышы эң сонун. Кыргызстандыктар асман тиреген Ала-Тоосу, дүйнөдө теңдеши жок табияттын бермети болгон Ысык-Көлү, түшүмдүн берекеси төгүлгөн өрөөндөрү, шаркырап аккан тунук суулары, бийик мөңгүлөрү, адамды суктандырган жайыттары, токойлору, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү менен сыймыктанат.

**Мекенчил болуу деген эмне?** Мекенчил болуу – бул өзү жашаган өлкөсүнө, элине берилүү. Мекенине ак дилден кызмат кылуу



дегенди түшүндүрөт. Чыныгы мекенчилдик өлкөбүздө жашаган башка элдерди, алардын каада-салтын, маданиятын сыйлоодон дагы көрүнөт. Мекенчилдик бөлүнүп-жарылуучулукка жол бербейт. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын мекенчил күчтөрү баш кошуп, биргелешип иш жүргүзөт. Ар бир улут өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн сактап калуу менен бирге башка элдер менен карым-катнаш мамилелерин чыңдайт. Өз мезгилинде биздин мекенибиз – Кыргызстандын улуттук мамлекет катары түптөлүшүнө А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, Т. Айтматов, А. Орозбеков, Б. Исакеев, И. Арабаев, И. Айдарбеков жана башкалар зор салым кошкон. Алар өз элинин чыныгы мекенчил уулдарынан болушкан.











Мекенди коргоо – ыйык милдет

**Мекенчилдик** – биринчи кезекте мекнди сүйүү, мекендештеринин кызыкчылыгын коргоо, биримдигин колдоо. Анын өткөндөгү тарыхын сыйлоо, жетишкендиктери менен сыймыктануу.

**Улуттар аралык ынтымак негизги байлыгыбыз.** Кыргыз Республикасынын материалдык жана руханий маданиятынын өнүгүшүнө кыргыз эли менен катар өлкөдө жашаган көптөгөн этностордун өкүлдөрү да өз салымдарын кошуп келет.



Кыргызстандагы этнос аралык мамилелерди чыңдоо, эл достугун бекемдөө максатында Кыргызстан калкынын Ассамблеясы уюшулган. Бул уюмдун алдында иштеген улуттук маданий борборлордо ар кандай иш-чаралар өткөрүлөт. Кыргызстанда этникалык азчылыкты түзгөн элдердин тилин, каада-салттарын өнүктүрүүгө шарт түзүлгөн. Ал иш чаралар этностор аралык достукту бекемдөөгө багытталган.



Кыргызстан калкынын Ассамблеясында азербайжан элинин «Азери», казак элинин «Отан», карачай элинин «Ата Журт», орус элинин «Гармония», уйгур элинин «Иттифак» борборлору иштейт. Бул уюмдар улуттар аралык мамилелерди чыңдоого көп аракеттерди жасашат.







Улуттар аралык ынтымак – өнүгүүнүн кепилдиги



«Ырдайлы кыргыз ырларын» аттуу концерттик программасынын катышуучулары



Кыргызстандагы улут өкүлдөрү катышкан «Ырдайлы кыргыз ырларын» аттуу концерттик программалары элдердин достугунун, маданиятынын биримдигинин символуна айланып калды.



Кыргызстанда жашаган ар улуттун өкүлдөрү

Улуттар аралык көйгөйлөрдү чечүү жарандардын мүдөөлөрүн канааттандырууга, социалдык-маданий жетишкендиктерге шыктандырат. Тескерисинче, улуттук намыс, улуттук сезимдерге шек келтирүү улуттук жаңжалдарга алып келиши мүмкүн. Буга 1990- жана 2010-жылдардагы Ош окуялары күбө болот.

Мындай жаңжалдарга жол бербөө, улуттар аралык ынтымакты, достукту ар тараптан чыңдоо ар бир кыргызстандыктын ыйык парзы экендигин эч убакта унутпай, аракеттенүү керек.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Эмне үчүн сен өз Ата Мекениңди ыйык деп эсептейсиң?
2. Кыргыз Республикасынын эгемендүү өлкө болуп түптөлүшүнө негиз салган мекенчил уулдарын атагыла?
3. Мекенчил болуу сезимдерин жана касиеттерин кантип калыптандырууга болот?
4. «Менин ыйык мекеним» деген темада кыскача аңгеме түзгүлө.

## Менин мекеним

Ар бир адамдын өз мекени бар. «Мекен» деген сөз кыргызда – ата-бабанын жери, туулуп-өскөн жер дегенди билдирет. Ал албетте, бүт эле гүлбакча эмес. Мен азыркы дүйнө жөнүндө кененирээк сөз кылардан мурда өзүмдүн өмүр башатыма ой жүгүртөм. Абдан сагындырып, бир көрүүгө куштарланткан Талас жергемди ак-карасы аралаш жаткан өз келбетинде көз алдыма элестетүүгө аракеттенем. Эгер мен аалам койнун аралаган космикалык саякатта жүрүп, жер жөнүндө ойлончу болсом, сөзсүз аны өз айлым Шекердин образы аркылуу элестетээрим бышык. Анткени, менин башатым – ушул Шекер. Ушул жерде аталарым жана бабаларым жашаган. Ушул жерде мен жарык дүйнөгө келип, турмуш тааныгам, өз тагдырымды тапкам.

Ата Журт деп аталган туулуп-өскөн жердин тирлик тартиби, салт-санаасы, ыр, жомогу, жаратылышы, абасы – бүткүл турпаты адамдын адам катары калыптанышында жана өз тагдырына ээ болуусунда зор таасири бар экендигине бекем ишенемин. Биздин айылдын абышкалары ар бир баладан: «Кана, жети атаңды айт!» – деп катуу талап менен сурашаар эле. Элдин акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген.

Бул жөнүндө мен «Ак кеме» повестимде бала менен машина айдаган казак жигит экөөнүн аңгемелешүүсүндө айтууга аракеттенгем. Турмушта жети атасын билбей эле жашап жүргөн адамдар бар экенине бала аябай таң калат: – Жети атаңдын аттарын үйрөткөн жок беле акең? – деди бала. – Ит билеби. Ага не таңсык болдуң? Жети атамы билбейм, бирак, көрүп турасың гой, көп катары жашап жүрмин. – Атам айтат, адамдар ата-тегин унутуп койсо, бузулуп кетет дейт. – Не үшин? – Анда дейт, атам айтат, баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп адамдар жакшылык кылбай калат дейт. Бул жөнөкөй элдик философияны мен бала кезде уккан шекерлик абышкалардын насаат сөздөрүнөн алганмын. Мен – шекерликмин, ошон үчүн бул жакшы кааданы алигиче урматтаймын. Менин атам – Төрөкул, Төрөкулдун атасы – Айтмат, Айтматтын атасы – Кимбилди, Кимбилдинин атасы – Кончу жок... ушинтип отуруп биздин тукумдун башы – Шекердин өзүнө чейин санай берүүгө болот. Атамдын жана чоң аталарымдын тууганлары – Рыскулбек, Керимбек, Өзүбек, Суванбек, Доолбек, Алымкул, Иманкул, Биримкул – булар да менин бабаларымдын катарына кирет. Мындай карасаң – бул жөн гана адам ысымдары. А мен үчүн мунун мааниси чоң. Эл оозунда айтылган сөздөрдөн улам мен алардын ар биринин ысымдарын тереңимде ызаттайм жана сыймыктанамын. Бул өзүбүздөн мурда жашап өткөндөрдү эстөөгө жана алардын кадыр-баркын төмөндөтпөөгө бизди – кийинки муундарды милдеттендирет.

*Чыңгыз Айтматов*

## § 11. Коом жана анын түзүлүшү

**Коом** – биргелешип жашаган адамдардын тобу. Коом өз ара байланышы бар социалдык топтордон турат. Байыркы доордо адам үйүрү, урук, уруу, уруу бирикмелери деген топтор пайда болгон. Коомдун өнүгүшү менен адамдардын эл, улут деген чоң-чоң социалдык топтору түзүлгөн.

**Социалдык топ** – кандайдыр бир жалпылыгы бар адамдардын тобу.



Кытайдагы кыргыз коому

Адамдар жаш өзгөчөлүктөрү боюнча балдар, жаштар, орто муундагылар жана карыялар деген социалдык топко жиктелет. Табигый өзгөчөлүгү боюнча адамзат эркектерден жана аялдардан туруп, социалдык чоң топтор катары эсептелет.









Коомдун социалдык топтору санына жараша аз жана көп сандуу болуп бөлүнөт. Мисалы, коомдун негизин түзгөн үй-бүлө, достор, классташтар, спорттук командалар майда топко кирет.

Чоң топтордун катарына этностор, партиялар, коомдук уюмдар (мисалы, профсоюз уюму), мамлекеттик уюмдар (милиция, армия) түзөт.

Адамдар кесиби боюнча да социалдык топтордон турат. Мисалы, мугалимдер, юристтер, экономисттер, менеджерлер жана башкалар өзүнчө социалдык топ катары каралат.

Жашаган жери боюнча коомдогу адамдар: шаардык, айылдык болуп бөлүнөт. Ар бир облустун, райондун, айыл-кыштактардын калкы өз-өзүнчө социалдык топ катары эсептелет. Демек, коом табигый жана социалдык өзгөчөлүктөргө байланыштуу ар кандай социалдык топтордон турат.



И. Раззаков

Социалдык топтордун кызыкчылыктарын бириктирип, өлкөнүн туруктуу өнүгүшүн камсыздоо мамлекеттин башкы милдети. Мындай жооптуу милдетти аткаруу үчүн биринчи кезекте мамлекеттин, элдин башында турган адамдар адилеттүү болуп, коомдун өнүгүшү үчүн ак ниеттүүлүк менен таза иштеши керек.

Мамлекеттик жана советтик ишмер И. Раззаков «Коом деген мен жана сен. Мен таза болсом, сен таза болсоң, коом да таза болот!» – деген.

**Балдардын коомдогу мамилеси.** Адам дайыма адамдар менен коомдук мамиле түзөт. Коомдук турмушта өз ара мамиле түзүү маанилүү. Мисалы, класстагы бардык окуучулар бири-биринерди жакшы таанийсыңар, бири-бириңер менен өз ара достук, жолдош-

тук мамиле түзө аласыңар. Бул өзгөчөлүк адамдын аң-сезими жана акыл-эси менен байланышат. Мисалы, класска жаңы окуучу келди. Мугалим ал окуучуну сенин жаныңа отургузду. Кандай болбосун сен ал окуучуга көңүл буруп,аны сөзгө тартасың. Бул өз ара мамиле түзүүгө алып келет.



Адамдардын ортосунда мамиле түзүүнүн бир нече түрү бар. Анын кеңири таралган түрү – тааныштык. Силерге тааныш адамдар катары мектеп окуучуларын, мугалимдерди, кошуналарды жана айылдаштарды атоого болот. Тааныштардын ичинен силерге өзгөчө жакын адамдар менен курбулук мамиле түзүлөт. Курбу, курдаштар бири-бири менен тартынбай баарлашат. Өз ара мамиленин андан да жакын түрү – жолдошчулук болуп эсептелет.

Алар бири-бирин жакшы түшүнүп, бир максатты көздөп, өз ара жакын байланышта болушат. Адамдардын ортосундагы эң жогорку деңгээлдеги мамиле түзүү – досчулук.

Ал эми көптөгөн топтор бирдей кызыкчылыктарды көздөгөн адамдарды бириктирип турат. Сен бир топту өзүңдүн кызыкчылыгыңа карата тандап аласың. Кээ бир учурда балдар жөн гана







баарлашып, убакытты көңүлдүү өткөрүү үчүн да ар түрдүү топтордо жолугушат. Алар өздөрүнө жаккан кийим, уюлдук телефон, машина өңдүү өздөрүн кызыктырган маалыматтар жөнүндө пикир алышат. Дагы башка топтор болсо чыгармачылык ийримдерге катышып, өздөрүнө пайдалуу иштер менен алектенишет.

Айрым ийримдер кары-картаңдарга, балдар үйлөрүнө жардамдашат. Майрам күндөрү аларды куттуктап, белектерди тапшырышат жана концерттерди уюштурушат.

Бул ийримдердин мындай коомдук иштерге катышуусу балдарды кайрымдуулукка жана боорукерликке тарбиялайт. Бирөөнүн кайгысын тең бөлүшүүгө жана кубаныч тартуулоого үйрөтөт.

Ким кааласа өзүн ыңгайлуу, жагымдуу сезген, аны баалай билип, сыйлаган адамдардан турган топко мүчө болуу мүмкүнчүлүгү бар. Мындай топ сенин курбуларыңдан же ар түрдүү жаш курактагы пикирлеш адамдардан турушу мүмкүн. Эгерде адам топто өзүнө көңүл бурулгандыгын жана колдоону сезсе ал өзүн ишенимдүү алып жүрө алат.

Бул учурда көңүлү көтөрүңкү болуп, иши жакшы жүрөт. Сен топтогулардан көп нерсени үйрөнүп жана өз билгендериңди алар менен бөлүшсөң болот.

**Топтун туруктуулугу эмнеге байланыштуу?** Туруктуу болуп калган ар бир топтун өз милдеттери жана эрежелери болот. Милдеттер менен эрежелер бир топту башкалардан айырмалап турат. Топтун мүчөлөрү өздөрүнүн кийингендери жана шарттуу белгилери (галстук, эмблема, значок) аркылуу өзгөчөлөнүшү мүмкүн. Тигил же

бул топко кирген адам топто калыптанган эрежелерди аткарышы керек. Эгерде топтун өзүнүн эрежелери болбосо, белгилүү бир максаттарды ишке ашыра албайт. Кимдир бирөө топтун эрежелерин аткарбаса, башкалардын пикири менен эсептешпей өзүн алардан жогору койсо, ал бара-бара топтон сүрүлүп калат.



**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Адамдар эмне үчүн ар кандай топторго биригишет?
2. И. Раззаковдун «Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот!» деген сөзүнүн мааниси жөнүндө айтып бергиле.
3. Сен кандай топторго киресиң жана ал топтордо өзүңдү кандай сезесиң?

**Кошумча окуу үчүн**

**Искак Раззаков ким болгон?**

Кичинекей Искак ата-энесинен эрте ажырайт. Ал адегенде Хожент шаарындагы балдар үйүндө, кийин Ташкенттеги жатак-мектепте тарбияланып, билим алган. Жети жашында Коросон кыштагында кичинекей достору менен Ак-Эшменин кумуна шаар куруп жаткан болот. Ошол мезгилде Амир ажы бир топ аксакалдар менен атчан келе жатышкан. Жолдон өтүп бара жатып балдар ойноп жаткан Ак-Эшмедеги кумга курган шаардын элесин көрүпкалышат. Аттарынын башын буруп, ал жерге токтошот. Амир ажы балдардан «Эмне кылып жатасыңар?», – деп сурайт. Ошондо кичинекей достордун ичинен Исхак: «Ассалоому алейкум, ажы аба! Сиз байкабай турасызбы? Мен шаар куруп жатамын. Мына бул – шаардын коргону, бул – дарбазасы, бул – көчөлөрү, бул – үйлөрү, бул – базар» – деп, жерде жаткан ак куурайды колуна алып көрсөтүп берет.

Ошондо Амир ажынын жанындагы кишилердин бири: «Ой, мойнуң үзүлгөн жетим, шаарды кайдан көрдүң экен?» – дейт. Ал эми Амир ажы болсо бир канча убакытка чейин унчукпай туруп, бастырып кетет. Ак-Эшменин коктусунун кырына чыгып, атынын башын тартып, жанындагы кишилерге кайрылып, «Аттиң ай, көрбөй калабыз да, бул бала бир чоң адам болотко?» – деп айткан экен. Исхак чоңойгондо жогорку билимге ээ болуп, алгач Өзбекстанда иштеп, кийин Кыргызстанга келип өлкөнү жетектеген. Анын «Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот!» деген учкул сөзү азыр да өз маанисин жоготкон жок.

## § 12. Адилеттүү коом

**Адилеттүүлүк түшүнүгү.** Ар түрдүү маселелерди калыстык менен чечүү адилеттүүлүктүн негизги көрүнүшү катары эсептелет. Адамды эмгегине, аткарган иштеринин деңгээлине, адамдык сапатына жараша баалашат. Тескерисинче, келтирген зыянына, туура эмес иштерине карата аларды айыпташат.

**Адилеттүүлүк** – адамдардын ортосундагы мамилелерди чындыктын негизинде жөнгө салууга багытталган эрежелер.

**Адилеттүү коом деген эмне?** Адамдар коомдогу адилеттүүлүк үчүн байыртадан эле күрөшүп келген. Коомдогу адилеттүүлүк көп кылымдар бою каада-салттар менен кармалган. Азыркы мезгилде адилеттүү коом куруу адамзат коомунун эң башкы маселелеринен болуп калды.

Адамзаттын идеалы болгон адилеттүү коомдо адилеттүү мыйзамдар кабыл алынат. Коомдун кызыкчылыгын көздөгөн мыйзамдар так аткарылат. Адилеттүү коомду курууда биринчи кезекте мамлекет жетекчилери, бийликте турган адамдар адилеттүү болушат. Мындай коомдо мамлекет бардык жагынан өнүгүп, адамдардын материалдык жана руханий муктаждыктары канааттандырылып, элдин жыргалчылыгы камсыз болот.



Адилеттүү коомдо эмгекке жарамдуу адамдар иш менен камсыз болуп, эмгегине жараша акы алат. Мындай коомдо адамдардын жөндөмүн жана талантын турмушка ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылат. Бардык адамдар социалдык жактан корголот.



Адилеттүү коом биринчи кезекте жакыр үй-бүлөлөрдү, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды, кары-картаңдарды, жумушсуздарды колдоого алат.

Бул коомдо жашаган адамдар мыйзам алдында тең укуктуу болуп эсептелет. Адамдар улутуна, расасына, коомдогу ээлеген абалына, жашына, эркек же аял экенине карабастан мыйзам алдында бирдей жооп берет. Бийликте тургандар коомдун мүчөлөрүнүн алдында жоопкерчиликте болот. Алар сөзүнө турат жана убадаларын аткарууга милдеттүү болушат.









**Эркиндик, адилеттүүлүк, парз.** Адилет коомдун негизи белгилеринин бири – адамдын эркиндиги. Адамдын коомдогу эркиндиги анын укуктары менен аныкталат.

Адилеттүү коомдо биринчи кезекте сөз эркиндиги камсыз болот. Мындай учурда адамдар бири-бирин сындап, өз оюн ачык айта алат. Бирок сөз эркиндиги адамдардын ортосундагы адептик ченемдерди бузууга жол бербейт.

Адамдын беделин коомчулуктун алдында орой түшүрүү жат көрүнүш катары эсептелет. Ошондуктан эркиндик дагы адилеттүүлүктү, жоопкерчиликти талап кылат. Жоопкерчиликүү адам өзүнүн парзын жакшы түшүнөт.



**Эркиндик** – социалдык топтордун, жеке адамдардын ишмердигине карата чектөөлөр менен кысымдардын жоюлушу. Сөздүн, ой жүгүртүүнүн, көз караштардын жана ишенимдердин эркиндигинин камсыз болушу.

**Адилет коомду кантип курабыз?** Жамандыкты жакшылык жеңген, алсызды күчтүү адамдар басынтпаган, адамдын суроолору калыстык менен чечилген коомду куруу жөнөкөй иш эмес.

Адилет коомду курууда үй-бүлө чоң роль ойнойт. Анткени ар бир үй-бүлө коомдун чакан бөлүгү катары эсептелет. Адептүүлүктүн алгачкы ченемдерин бала үй-бүлөдөн үйрөнөт.

Ата-эне бири-биринин эмгегин адилеттүү баалаcа, баланын жасаган ишине туура баа берсе, бала адилеттүү мамилени байкайт. Көпчүлүк ата-энелер балдарына үлгү болуп эмгектенгенди, окуганды, жашоодогу кыйынчылыктарга туруштук берүүнү үйрөтүшөт. Дени сак балдарды тарбиялашат.

Балдар ата-энесинин тажрыйбасын кабыл алууга аракеттенет. Баланын бүтүндөй жашоосу ушул жолдо калыптанат. Ушул татаал жолдо бала Ата Мекендин алдында өзүнүн парзын (милдеттерин) аткарууга үйрөнөт.












Ата-энени сыйлоо, карыганда аларга камкордук көрүү уул-кыздарынын парзы. Адилет болуу жана өз парзын аткаруу милдети үй-бүлөдө баланын ымыркай курагынан тартып калыптанат. Ата-эне үй-бүлөдө балдарына калыстык менен адилеттүү мамиле кылса, балдар да адилеттүү адамдардан болуп өсөт. Жаман адаттарга барбайт. Мындай үй-бүлөлөр арбын болсо, адилеттүү коом түзүүгө жардам болот.

Үлгүлүү үй-бүлөдө окуу, оюн, эмгектенүү, чыгармачылык жана эс алуу биргелешип жүрөт. «Улууга урмат, кичүүгө ызат» деген көнүмүш адатка айланат. Улуусу кичүүсүнө жардам берүүгө үйрөнөт. Чоңоюп бой жетип, балдар уядан учуп, чоң турмушка аралашканда ошол үй-бүлөдө көргөн-өскөн тажрыйбасы ага жардам берет. Мындай балдар келечекте адилеттүү коомдун куруучулары болуп калышат.

**Парз** – коомдун, мамлекеттин, элдин эмгек жамаатынын, үй-бүлөнүн жеке адамдын алдында милдеттерди аткаруу. Парз жалпы адамзатка тиешелүү моралдык ченемдер менен мүнөздөлөт.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Адилеттүү коом деген эмне?
2. Адилеттүү коом курууда үй-бүлөнүн ролу кандай?
3. Адилеттүү коомдун белгилерин аныктап, мисал келтиргиле.

**Кошумча окуу үчүн**

### Жусуп Баласагындын адилеттүүлүк коом жөнүндө айткандары

Өз заманынын алдыңкы ойчулдары да өз эмгектеринде адамдарды, өзгөчө бийлик башында тургандарды адилеттүүлүккө үндөгөн. Алсак, мындан миң жыл мурда жашап өткөн Жусуп Баласагын өзүнүн Куттуу билиминде «адилеттүүлүтү адамзатка тиешелүү баалуулуктардын эң не-

гизгиси» катары баалаган. Улуу ойчул дастанында жөнөкөй адамдардын, биринчи кезекте элди башкарган адамдар адилеттүү болушу керектигин белгилеген.

Жусуп Баласагын бийликте тургандарга төмөндөгүдөй насаат кебин айткан:

Адилет бол, катаалдыкка кабылба,
Элди кубант, эмгектенип жаңылба.

Эсендикте элиңе жакшылык кыл,
Колдогуңду элиңе таратып тур.
Адилет бол, зулумдукту кыла көрбө,
Топук кылып адилет ишиң жөндө.

Элиңдин беги болсоң адилет түз,
Бузукка андай жерде табылбайт иш.

Ал адилеттүү коомду куруу үчүн биринчи кезекте, өлкө башында тургандар адилеттүү болушуна өзгөчө көңүл бурган. Башкаруучунун калк камын көрүп, акыйкаттыкты дайыма өнүктүрүп турса, калайык-калк маарып, зордук-зомбулук тыйылат. Калктын казаны толо кайнап, журт дасторкону кешиктүү болот, жокчулук кыскарат – деп баса белгилеген.

Жусуп Баласагын чечими адилетттүү, өзү айкөл башчынын калк алдында жүзү жарык, иши үлгү болуп буйругун эл аткарат, анын бийлигине ынайт – деп жазат.

Акындын «адилет атка мингизет, ачкөздүк көргө киргизет» деген сөздөрү азыркы башкаруучуларга чоң сабак болот. «Адилет бол, катаал зулум болбо, элиңе ак иш менен ак сөз жолдо» – дейт. Жусуп Баласагын адилеттүү коомду куруу үчүн зомбулукка жол бербеген мыйзамдардын керектигине көңүл бурган. Ойчулдун төмөндөгү жазгандары буга күбө:

Бийликти–зордук, эзүү кармай албайт,
Күчтүүнүн зордугуна эл чыдабайт.

Угуп ал акылмандын айткан сөзүн,
«Башкара албайт узакка элин залим!»

Зомбулук–өрттөп кетчү кызыл жалын,
А Мыйзам–жер көтөрчү суусу анын!

Эгерде көпкө бийлик кылам десең,
Тартип чыңоо–биринчи милдет де сен.

Зордукта–өлкө, эркиндик жашоо билбейт,
Мыйзамдуу өлкө гүлдөйт, дүйнө гүлдөйт.

1. Жусуп Баласагын эмне үчүн адилеттүү коом куруу үчүн башкаруучулар адилеттүү болушу керек деген?

2. Улуу ойчулдун адилеттүүлүк жөнүндө айткандарынын маанисин түшүнүп, айтып бергиле.

## §§ 13–14. Кыргызстан – көп улуттуу өлкө. Элдердин каада-салттары

**Кыргызстан – көп улуттуу өлкө.** Байыртадан эле Кыргызстанда көптөгөн этностун өкүлдөрү жашап келген. Алар улуту менен гана өзгөчөлөнбөстөн, туткан дини, каада-салттары боюнча да бири-биринен айырмаланган. XIX кылымдын 2-жарымында Кыргызстандын этникалык курамы өзгөргөн. Кыргызстанды Кокон хандыгы басып алып, чептерин курган мезгилде Кыргызстандын аймагына өзбектер, тажиктер, сарттар, кыпчактар, түрктөр көчүп келип жайгашкан.

1757–58-жылдары Кытай тараптан катуу соккуга кабылган калмактар Ысык-Көлдүн башына качып келип отурукташкан. Ушул эле мезгилдерде Кыргызстандын аймагына татарлар менен башкырлар келе баштаган. Алар ислам динин таратуу максатын көздөшкөн. XIX кылымдын экинчи жарымында кытай жазалоочуларынан качкан дунгандар, уйгурлар Чүй, Ысык-Көл жана Фергана өрөөндөрүнө жер которуп, көчүп келишкен.

Кыргызстан Россиянын курамына киргенден баштап өлкөгө орустар, украиндер, кийинчерээк немистер келе баштайт. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Кавказдан жана Крымдан чечен, ингуш, даргин, лезгин, карачай, крым татарлары, ахыска түрктөрү, азербайжан, армян, осетин, абхаз, авар, балкар, калмак улутундагылар, Ыраакы Чыгыштан он миңдеген корей улуттары Кыргызстанга көчүрүлүп келген. Булардан сырткары өлкөбүздө ар түрдүү этностордун аз сандагы өкүлдөрү жашашат. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин өлкөбүздө дүйнөнүн ар кандай этносторунун өкүлдөрү да туруктуу жашай баштады.

**Этнос деген эмне?** Этнос – бул «эл» деген маанини билдирет. Биргелешип жашаган адамдардын тобу. Адатта, этностор белгилүү бир аймакты жердешет. Чарбалык жана маданий жактан байланышта болушат. Этнос башка элден тили жана маданияты менен айырмаланат.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда 80ден ашуун этностун өкүлдөрү жашайт. Кыргызстанда түптөлгөн негизги этнос катары кыргыздар өлкөнүн калкынын басымдуу бөлүгүн түзөт. Саны жагынан экинчи орунда өзбектер, үчүнчү орунда орустар турат. Көп улуттуу Кыргызстанда этнос аралык саясатты туура жүргүзүү, улуттар аралык мамилени чыңдоо башкы маселе катары эсептелет.

**Этнос** – тилдик, аймактык, экономикалык, маданиятында байкалган психологиялык жалпылыгы бар адамдардын туруктуу жана чоң тобу.



Кыргызстанда жашаган этностордун өкүлдөрү

1994-жылы 21–22-январда Бишкек шаарында Кыргызстан калкынын 1-курултайы өткөрүлгөн. Анда өлкөдөгү көп улуттардын тарыхын, маданиятын жана салт-санаасын сактап калуу максатында Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы уюшулган.



Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын имараты. Бишкек

Ассамблеяга биринчилерден болуп жети диаспора – орустар, өзбектер, казактар, уйгурлар, азербайжандар катталган. Учурда Кыргызстанда жашап, Кыргызстандын жараны болуп эсептелген 28 диаспоранын (цыган, тажик, татар, түркмөн, түрк, чечен, немис, корей, грузин ж. б.) коомдук уюмдары иш алып барат. Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы Кыргызстанда жашаган улуттардын кызыкчылыктарын көздөгөн коомдук уюм. Ал өлкөбүздө жашаган улуттарды тарыхый өлкөсү менен байланыштырган дипломатиянын көпүрөсү катары да кызмат аткарат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында бардык улуттардын кызыкчылыктары корголгон. Мыйзамда: «Ар ким өзүнүн этностук тийиштүүлүгүн эркин аныктоого жана көрсөтүүгө укуктуу. Эч ким этностук тийиштүүлүгүн аныктоого жана көрсөтүүгө мажбурланбашы керек», – деп жазылган. Эч ким кайсы бир этнос-



ко таандык болгону, туткан дини, тили, расасы боюнча кодуланбайт. Кыргыз Республикасында улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү үгүттөп, үндөөлөргө тыюу салынат,– деп баса көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн майрамдарды кыргыз жергесинде жашаган бардык улуттун өкүлдөрү бирге белгилешет. Мисалы, жаңы жыл, роджество, ак калпак күнү, нооруз, орозо айт, курман айт, эгемендүүлүк күнү ж. б.

**Кыргыздардын каада-салттары, үрп-адаттары жана ырым-жырымдары.** Кыргыз эли байыртадан каада-салттарын жана үрп-адаттарын муундан муунга сактап, жоготпой келген. Анткени каада-салттар, үрп-адаттар турмуштук зарылчылыктан улам пайда болуп, кыргыз коомундагы мамилелерди жөнгө салат. Келечек ээлери, жаш муундар ата-бабаларыбыздын каада-салттарын билишибиз керек. Ата-бабалардан калган улуу мурастарды урматтап, кийинки муундарга калтыруу биздин парзыбыз. Тилекке каршы, өткөн доордо кыргыз эли өзүн эл катары кылымдардан бери сактап келген каада-салттарынын көбүн жоготту. Алардын айрымдарын элибиз азыркы учурда да колдонот. Эмесе кыргыздардын баланын төрөлүшүнө, телчигип басышына жана балдарды тарбиялоого байланыштуу салттарына токтололук.

Наристенин төрөлүшү үй-бүлөнүн турмушундагы кубанычтуу окуя. Бала төрөлгөндө киндигин кескен аял «киндик эне» деп аталган. Баланын киндиги кесилгенден кийин туугандарына сүйүнчү айтылган. Эгер уул болсо «ат байлаар», «ат токуур» деп, кыз болсо – «кырк жылкы» деп сүйүнчүлөшкөн. Себеби, баланы тукум улантуучу, кызды турмушка узатууда кырк жылкынын баасы менен өлчөнгөн калың төлөшөт деген мааниде айтылган. Сүйүнчүсү үчүн жакындары мал ыроолосо, башкалары баалуу буюмдарды берген. Баланы биринчи оозантуу ырымын жасап, жаңы төрөлгөн наристени сары май менен оозантышкан. Баланын төрөлгөнүн уккан аксакалдуу карыялар, урмат-сыйга бөлөнгөн байбичелер баланын өмүрүн жана бактысын тилеп, батасын беришкен.

Кыргыздар балага ат коюуга өтө чоң маани беришкен. Бул милдетти кадырлуу жана сыйлуу адам (эркек) гана аткарган. Балага ат коюуда наристени жакшылап карап чыгып, анын кебете-кешпирине көңүл бурушкан соң, ылайыктуу ысым беришкен.

Сүйүнчү айтылган тууган-туушкандары, кошуна-колоңдору бала көрүү үчүн келип, «көрүндүк» берген. Күн мурунтан камдалган карын май бузулуп, мал союлуп, тамак-аш тартылып, «жентек» той өткөрүлгөн.

Жентек тойдо балалуу болгон ата-эненин жакшы санаалаштары наристеге кийим-кече, буюм, мал энчилеп, алардын кубанычтарын тең бөлүшкөн. Баланы бешикке салуу өзгөчө ырым-жырымдар менен коштолгон.

«Бешик той» берилип, тойго келгендерден бата алган соң бешикке салуу салты жасалган. Наристени алгач бешикке бөлөө жөрөлгөсүн анын таенеси аткарган.

Таенеси «Менин колум эмес, Умай эне, Батма-Зууранын колу», «Умай эне уйку бер, бешик ээси бек сакта» деп айтуу менен баланы бешикке бөлөгөн.



Бала төрөлгөндөн кырк күн өткөн соң аны«кырк кашык сууга» киринтип, «кырк курак» көйнөк кийгизишкен. Ошол күнү кырк май токоч жасап, кырк балага таратып берген. Бул салт «баланын кыркын чыгаруу» деп аталган. Наристенин «карын чачын» алуу ырым-жырымы да өзүнчө мааниге ээ болгон. Адатта карын чачын ырымдап таятасы же таякелери алып, жээнине мал энчилеп берген. Бала каз-каз туруп, кадам шилтеп калганда «тушоо кесүү» тою өткөрүлгөн.



Чогулган элдин алдына тушоосу кесиле турган баланын буттарын ак жана кара жүндөн чыйратылган ала жип менен тушайт. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча адамдын өмүрү кубанычтуу жана кайгылуу күндөрдөн тургандыктан, ала жип эки башаттын – жарык менен караңгынын, жакшылык менен жамандыктын күрөшүнүн символу болгон.

Тушоо кесүүдө тестиер балдарды 40–50 метрдей аралыктан чуркатып жарыштырган. Биринчи келген бала даярдап койгон бычак



менен тушоо жибин кыркып жиберип, баш байгесин алат. Баш байгеге ээ болгон бала мендей күлүк болсун деген ниетте тушоосу кесилген баланы ары-бери жетелеген.

Жарыштын максаты – баланын тез басып кетүүсүнө жетишүү, келечекке жолун ачуу болгон. Мындай ырым-жырым азыр да колдонулат. Балким буга силер да катышып жүрсөңөр керек.

Өткөн заманда 9–10 жаштагы кыздарга «чач өрүү» ырымын жасашкан. Бул күнү кыздын буга чейинки эки өрүм чачын жазып жиберип, 20га чейин майда өрүм кылып өрүшкөн. Ошол учурдан тартып, ал бойго жетти деп эсептелген.

Кыргыз элинин каада-салттары менен ырым-жырымдары балдар кичинекей кезинен эле чарба иштерине, үй-бүлөдө жана коомдо өзүн алып жүрүү эрежелерине үйрөткөн. Балдарды тарбиялоого байланышкан каада-салттар жана ырым-жырымдардын көпчүлүгү



баланын коомдо өз ордун таап, жакшы адам катары калыптанышына чоң өбөлгө болгон. Азыркы мезгилде ата-бабалардан мураска калган каада-салттарды, үрп-адаттарды кайрадан жандандыруу мезгилдин талабы болуп калды.

**Улуттук оюндар.** Ар бир эл өзүнүн каада-салттары, үрп-адаттары менен гана эмес улуттук оюндары менен да айырмаланат. Кыргыздар коомдук турмушка жараша жүздөгөн кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ар бир оюнду өткөрүүдө оюнчулардын жаш курактарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, жынысын, оюнда колдонулуучу аспаптарын жана оюн өткөрүлүүчү жайларын эсепке алышкан.

Кыргыз элинин улуттук оюндарына: ордо, упай, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, жоолук таштамай, ак терек көк терек, селкинчек, аркан тартыш, качма топ, жашынмак, кыз куумай, көк бөрү, ат чабыш, оодарыш жана башка оюндардын түрлөрү кирет.

Кыргыз улуттук оюндарынын айрымдарына токтололу.

**Аркан тартыш** – эки тараптан бирдей санда чыккан балдар белгиленген сызыктын эки жагына чубай турушуп, баары бир арканды кармашып, бирдей мезгилде өз тарабын көздөй тартышкан мелдеш оюну. Аркандын көп бөлүгүн өз тарабына тарткан топ жеңишке жетет.



Аркан тартыш

**Күрөш** – байыркы улуттук оюндардын бири. Бул оюнда балбандар жекеме-жеке күрөшкө чыгышат. Алар бири-бири менен таймашат да, капысынан чабуулга өтүшөт. Ар бир балбандын өзүнө жаккан ыкмасы болот. Атаандашынын ийинин, далысын же жамбашын үч сапар жерге тийгизген адам жеңүүчү болот.

**Оодарыш** же эр эңиш – балбандардын ат үстүндөгү күрөш оюну. Эки адам атчан чыгышып, бирин-бири аттан оодара тартып жерге түшүрөт. Оодарышка күчтүү, эптүү, шамдагай жана чабандес адамдар катышат. Алардын аты омоктуу, күчтүү, кабелтең болушу зарыл. Бул таймашууда оодарылбастан аттын үстүндө калган адам жеңишке жетишет.

**Кыз куумай** – ат менен жарышка түшкөн байыркы оюндардын бир түрү. Белгиленген чектен кыз менен жигит кубалаша ат салышат. Адатта, кыз мурдараак ат чаап жөнөйт. Ал эми атчан жигит кыздын артынан кубалайт. Кыз жигитке жеткирбегенге, жигит болсо кызды кууп жетүүгө аракет жасайт.

**Көк бөрү** же улак тартыш – кыргыздын улуттук ат оюну. Улак же серкени мууздап, баш, шыйрагын кесип, ичеги-карынын алып салат. Кесилген жерлери менен мууздоосу бекем тигилет. Оюнчулар жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарга тарттырбастан, белгиленген марага же тайказанга алып келип таштайт.



Күрөш



Оодарыш



Кыз куумай



Көк бөрү



Алты бакан селкинчек

**Алты бакан селкинчек** – оюндун байыркы түрү. Оюнга чыккан кыз, жигит арканды бекем кармап, бетме-бет турушат. Селкинчекти адегенде катышуучулар, андан кийин тээп аткандар өздөрү күүлөшөт. Кайсы жааттын оюнчулары эң бийик көтөрүлсө, ошол жаат жеңет.

Бул кыргыз улуттук оюндарынын максаттары – жаштарды шамдагайлыкка, эптүүлүккө, эр жүрөктүүлүккө, күчтүүлүккө тарбиялоого багыттайт.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Кыргызстанды эмне үчүн көп улуттуу өлкө деп эсептейбиз?
2. Кыргызстанда жашаган кандай этностордун өкүлдөрүн билесиңер?
3. Эмне үчүн ата-бабалардан калган улуу мурастарды урматтап, кийинки муундарга калтыруу керек?
4. Улуттук оюндардын кандай түрлөрүн билесиңер?

**Кошумча окуу үчүн**

## Көп улуттуу маданият



Кыргызстандын көп улуттуу маданияты жөнүндө сөз кылганда дунган элинин белгилүү жазуучусу Ясыр Джумазович Шивазанын (дунганча Ясыр Шывазы) чыгармачылыгын айтпай кетүүгө болбойт. Ясыр Шиваза 1906-жылы 5-майда Чүй өрөөнүнүн Александровка айылында туулган. Алты жашында энесинен ажырап, бой жетип окуусун аяктай элегинде атадан калат. 1930-жылы Ташкенттеги Г. Тукай атындагы Татар агартуу институтун бүтүргөн. Улуу Ата Мекендик согушка катышып келген. Ал 1946–1954-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары болуп кызмат өтөгөн. 1957–1964-жылдары дунган тилинде чыккан республикалар аралык «Шыйузди Чи» (Октябрь туусу) аттуу гезиттин редактору болуп эмгектенген.

Ясыр Шиваза 1929-жылдан баштап ыр жаза баштаган. Анын «Таңкы жылдыз» (Утренняя звезда», 1931) «Революциянын толкундары» («Волна революции»,1932), «Тандалган ырлар» («Избранные стихи», 1958) ырлар

жыйнактары жарык көргөн. Ошондой эле ал повесть, романдардын автору болгон. «Чыныгы достор» («Верные друзья», 1958) жыйнагы белгилүү. Жазуучунун чыгармалары негизинен эл достугу темасына арналган. Анын чыгармалары дунган маданиятынын алтын фондун түзгөн. Ясыр Шиваза 1998-жылы 18-июнда дүйнөдөн кайткан.

### Мануйлова – таланттуу айкелчи



Ольга Мануйлова советтик Кыргызстандагы жалгыз айкелчи аял болгон. Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү наамына татыган. 1942-жылы генерал-майор Панфиловдун эстелигин жасаган. Ал эстелик азыр баатырдын атын алып жүргөн паркка коюлган. О. Мануйлова эстеликти күйөөсү Апполон Мануйлов менен биргеликте жасаган. Мындан сырткары ал кыргыздын бир топ көрүнүктүү инсандарынын айкелин жараткан. 1947-жылы Мануйлова Жоомарт Бөкөнбаевдин Эркиндик багындагы эстелигин, Баялинов атындагы китепкананын эки капталындагы Тоголок Молдо менен Менделеевдин, опера-балет театрынын маңдайы менен төбөсүндөгү бейнелерди жасаган. Токтогулдун образын ачып берген. «Ала-Тоо» кинотеатрынын артындагы чынычан кызды жараткан. Бул айкелдер убагында советтик Фрунзенин көркүн ачып турган. Шаарыбыздын чок ортосундагы Ольга Мануйлова жашап, узанган үйдө бир миң төрт жүздөн ашык эмгек коюлган.

Төрт бөлмөлүү чакан музейдин ичинде кичинекей айкелдер, гипстен жасалган барельефтер, жыгач бетине оюлган бейнелер менен бедиздер, боёк менен иштелген жана карандаш менен тартылган сүрөттөр орду-орду менен тизилген. Мануйлова 1939-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Кыргызстанда эмгектенип, скульптура өнөрүнүн өнүгүшүнө зор салым кошкон.

### Кыргызстандагы этностордун каада-салттары жөнүндө

Каада-салттар ар бир улуттун өзгөчөлүгүн сактап турган чоң күч же болбосо каражат десек болот. Үрп-адат, салттар элдин жүзүн, руханий баалуулугун көрсөтөт. Кыргызстанда көп улуттун элдери жашап, алардын жалпы маданияты, каада-салты, тили өнүгүп жатат. Ошол эле учурда Кыргызстанда туруктуу жашаган 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү өздөрүнүн ата-бабаларынан бери келе жаткан каада-салттарын сактап келүүдө. Алсак, Кыргызстандагы этностордун ичинен саны боюнча экинчи орунда турган өзбектерде меймандостук салты күчтүү өнүккөн. Аларда конок тосуу аземине өзгөчө көңүл бурулат.



Үй ээси конокторду дарбазадан эле жылуу тосуп алат. Эркектер бири-бири менен кол алышып учурашат. Аялдар оң колун көкүрөгүнө алып, баш ийип саламдашат. Учурашуу учурунда ал-жайды сурашууга чоң маани берилет. Коноктор үйгө кирген соң, байыртадан келе жаткан салт боюнча эркектер менен аялдар эки бөлмөгө бөлүнүп отурушат. Конок тосуу аземи чай берүү менен башталат. Конокторго чай куюунун да өзүнчө мааниси бар. Мында конок канчалык сыйлуу болсо чай чыныга аз куюлат. Мейман чынысын үй ээсине тез-тез сунуп турса, үй ээсине карата болгон урматсый катары эсептелинет.

Саны жагынан Кыргызстандагы этностордун ичинен экинчи орунда турган орус эли да ата-бабаларынан бери келе жаткан жакшы салттарды сактап келүүдө. Мисалы, кудалашуу салтында орустар да башка элдер сыяктуу эле кыздын үйүнө жуучу жиберет.





Жуучулар сөздү алыстан баштап, кайрылышат, кыздын ата-энеси дароо жооп беришпейт. Жуучулар экинчи же үчүнчү жолу келгенде гана кыз

тараптан жооп алышат. Кыз тарап макул болсо, жуучулар алып келген нанды кабыл алышат. Ал эми макул болбосо, алар алып келген нанды кайрадан кайтарышат. Салт боюнча жуучулар адатта кыздын ата-энесинин үйүнө күн баткандан кийин келишет



Дунгандардын салттуу кийимдери



Үйлөнүү тою

Кыргызстанда XIX кылымдын ортосунан бери туруктуу жашаган дунган элинин салттарында дагы бир катар өзгөчөлүктөр бар. Бул элдин тойлорунун баары таң атары менен башталып, түн жарымына чейин уланат. Дунган эли тойлор үчүн сөзсүз түрдө: 24, 36 же 48 түрдүү жуп сандагы тамактардын түрлөрүн жасашат.

## Кыргыз оюндарын кайра жаратуу – мезгилдин талабы

Кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы эл экенин тарых сабагынан билдиңер. Бери дегенде эле эки миң жылдан ашык тарыхы бар кыргыздар да башка элдер сыяктуу материалдык жана руханий маданияттын бай мурасын жараткан. Оюндар эл жараткан маданияттын бир тармагына кирет. Оюндардын мүнөзү элдин жашоосунун тарыхый шартына жараша пайда болуп өнүккөн. Көчмөн турмушта жашаган эл бир жерден экинчи жерге малга жайыт тандап көчүп, барган жерине тез ылайыкташышы шарт болгон. Жоокердик заман адамдардан эрдикти, күчтү жана шамдагайлыкты талап кылган. Ушуга байланыштуу кыргыздардын оюндары да адамдарды көчмөн турмушка, жоокерчиликке тарбиялаган.

Окумуштуулар «Манас» эпосунда эле 100гө жакын оюндун түрлөрү сүрөттөөлөрүн, кыргыздардын баш-аягы 400дөн ашуун оюндары болгондугун эсептешкен. Тилекке каршы, мамлекеттердин, уруулардын ортосундагы согуштардын, ошол мезгилдеги жазуу маданиятынын өнүкпөгөндүгүнүн натыйжасында оюндардын көп түрлөрү жоголгон.

XX кылымдын башында кыргыздардын оюндарынын 30га жакын түрлөрү гана сакталып калган. Булар негизинен аскердик өнөргө жаштарды тарбиялоого багытталган. Оюндар адамдардын өзгөчөлүктөрүнө жараша: чоңдор, жаштар, балдар, ошондой эле эркектер жана аялдар үчүн деп бөлүнгөн. Жекече жана топ-топ болуп ойногон кыймылдуу жана кыймылсыз оюндардын түрлөрү болгон. Мисалы, өспүрүм балдар: айлан-көчөк, ак сандык-көк сандык, ак терек көк терек, аркан тартыш, жоолук таштамай, жөө жарыш, күрөш, чикит, качма топ, оромпой тебүү, орто топ, токту сурамай, тогуз коргоол, топ таш, шакек жашырмай, эшек секирмей өңдүү оюндарды ойношкон. Булардан тышкары өспүрүм балдар чүкө оюнунун ондон ашык түрлөрүн ойношкон. Кыргыз элинин каада-салтын калыптандыруу жана жайылтуу максатында Кыргызстанда дүйнөлүк көчмөндөр оюндары 2014-, 2016- жана 2018-жылдары Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүлдү. Ага жүзгө жакын мамлекеттин өкүлдөрү катышышты.

➢ Көчмөндөр оюндары кандай максатта өткөрүлөт?

## § 15. Мамлекет жана анын символдору

**Мамлекет жөнүндө түшүнүк.** Мамлекет кандайча пайда болгон? Алгачкы жамааттык коомдо адамдар уруктарга, урууларга бириккен. Урууларды Аксакалдар кеңеши башкарган. Алар уруу ичиндеги ар кандай маселелерди чечкен. Чыр-чатактарды жөнгө салып турган. Коомдун өнүгүшү менен алгачкы жамааттык коомдо бара-бара мүлктүк теңсиздик келип чыккан. Байлар менен кедейлердин ортосунда карама-каршылык күч алган. Булардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу зарылчылыгы мамлекеттин пайда болушуна шарт түзгөн. Мамлекет деген эмне?

**Мамлекет** деген белгилүү бир аймакта коомдук мамилелерди жөнгө салуучу саясий уюм.

Мамлекеттин өз алдынча аймагы жана калкы болот. Башкаруу ишин жүргүзүү үчүн атайын адамдар иштейт. Аларга эмгек акы

төлөө жана башка маселелерди чечүү үчүн элден салык чогултулат. Мамлекетти атайын түзүлгөн армиясы коргойт. Эң байыркы мамлекеттер азыркы Кытай, Индия, Ирак, Палестина жергесинде пайда болгон. Мамлекеттердин тарыхын тарых сабагынан окуп жатасыңар.

Дүйнөдө азыр 200дөй мамлекет бар. Алардын бири – Кыргыз Республикасы. Ар бир мамлекеттин өзүнүн мамлекеттик белгилери болот. Кыргыз Республикасынын да өзгөчөлүктөрүн чагылдырган символдору – Мамлекеттик туусу, Мамлекеттик герби жана Мамлекеттик гимни бар.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу.** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун асабасы төрт бурчтуу кызыл кездемеден жасалган. Анын ортосуна кыргыз боз үйүнүн кызыл түстөгү түндүгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн. Кырк нуру тегиз чачыраган алтын түстөгү күн алкагы бейкутчулукту, байлыкты, кыргыз элинин аалам менен байланышын көрсөтөт.

Кызыл түс эрдиктин, кайратмандыктын символу катары эсептелет. Асаба бекиген туунун (таяктын) түсү да кызыл. Анын башы темирден жасалып, алтын жалатылган желек ашталган. Тууга желек ашталган жерге алтын түстөгү жиптен эшилген чачылуу байрак илинген. Байыркы жоокерчилик замандарда туу бийик



Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу

жерге илинген. Жоого аттанганда туу алып жүргөнгө эр жүрөк, ишеничтүү жоокер дайындалган. Ал салгылашуу учурунда кошуунга дем, күч берүү үчүн тууну көрүнөө дөңсөө жерге кармап турган. Туунун душмандын колуна түшкөнү же жыгылганы жеңилгенге барабар деп эсептелген.

Ошондуктан туу ар дайым ыйык сакталган. Эл намысына жарап, элдин камын ойлогон эр азаматтар да тууга теңештирилген. «Манас» эпосунда Манастын өзүнө карата:

«Бурутка бүткөн туу экен,
Тукумдан бирөө чыгат деп,
Сени туу кылып алып жүрөмүн», – деп айтылат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу атайын флагштокто дайыма көтөрүлүп турат. Бишкек шаарынын Ала-Тоо аянтында көтөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусун Ардактуу кароол кайтарат.



Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусун көтөрүү учуру.
Ала-Тоо аянты. Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусун 1992-жылы 3-мартта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган. Туунун авторлору: Э. Айдарбеков, Б. Жайчыбеков, С. Матаев, М. Сыдыков жана С. Иптаров.

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусун сүрөттөп бергиле. Ал качан кабыл алынган?
2. Мамлекеттик туунун бөлүктөрүн атагыла.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби.** Мамлекеттик символ катары герб 1994-жылы 14-январда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган.

Авторлору А. Абдраев жана С. Дубанаев. Гербде ак кырбууланган көк түстөгү тегеректин ортосуна кыргыз турмушунун символу катары канатын жайган ак шумкардын элеси берилген. Ошондой эле гербде мекенибиздеги тунук көлдөрдүн сүрөттөрү тартылган. Ала-Тоо тоо кыркалары жана алтын нурун чачыратып чыгып келе жаткан күн көлдүн нары жагында жайгашкан. Пахта жана буудай тегеректин эки капталынан орун алган. Тегеректин жогорку бөлүгүндө «Кыргыз», төмөнкү бөлүгүндө «Республикасы» деген жазуу орун алган.



Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби расмий түрдө мамлекеттик мекемелердин имараттарына илинет. Анын сүрөтү расмий документтердин жана басылмалардын беттеринде чагылдырылат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандуулугун көрсөткөн, силер 16 жашка толгондо ээ боло турган расмий документ болгон паспорттон, мамлекеттик сыйлыктардан да гербдин сүрөтүн кездештиресиңер.

❖ Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби Негизги мыйзамда кандайча сүрөттөлөт?

❖ Герб качан кабыл алынган? Анын авторлору кимдер?

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни.** Салтанаттуу түрдө аткарылган, уккулуктуу, угуучунун мекенчил сезимдерин ойготкон расмий музыка. Гимн 1992-жылы 18-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйынында кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин сөзүн элибизге белгилүү, Кыргыз Республикасынын эл акыны Жалил Садыков менен Шабданбек Кулуев жазышкан.

Музыкасы атактуу композиторлорубуз Калый Молдобасанов жана Насыр Давлесов тарабынан жазылган. Гимндин негизги мазмуну кыргыз элинин келечекке болгон ой-тилегин, тарыхый басып өткөн жолундагы эрдигин, элдердин достугун, бейпилчиликке жана эмгекке болгон умтулуусун чагылдырып турат. Азаттыктын жолундагы кыргыз элинин бактылуу келечек турмушу даңазаланат.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни

*Сөзү:* Ж. Садыков, Ш. Кулуев
*Музыкасы*: К. Молдобасанов, Н. Давлесов

Ак мөңгүлүү аска зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма*:

Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл достугун ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма*:

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма*:



Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнин аткаруу учуру

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Эмне үчүн мамлекеттик символдор кабыл алынган?
2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимн кандай учурларда аткарылат?
3. Гимндин сөздөрүнүн маанисин айтып бергиле.

**Кошумча окуу үчүн**

## Туу жөнүндө түшүнүк

Кыргыздар желекти биримдиктин символу катары байыркы доордон бери эле пайдаланып келген. Кыргызда:

«Тазалыкты суудан ал,
Ынтымакты туудан ал», – деген накыл сөз болгон.

Академик А. Какеевдин пикири боюнча желек – бул шарттуу аталыш. Кыргыздар аны желек, туу, байрак, асаба деп түрдүү аташат. Чындыгында, жогоруда аталгандардын бардыгы желектин элементтери болуп эсептелет.

Желек негизинен найзага окшогон жыгачтан (туудан) жана ага бекитилген кездемеден (асабадан) турат. «Манас» эпосунда:

Атасынын кызыл туу
Аягын жерге сайылтып.
Асабасын бул туунун,
Асман жакка жайылтып, – деп айтылат.

Демек, туу сайылат, ал эми асаба жайылат. Туунун учуна ашталган учтуу темир желек деп аталат.

«Манас» эпосунда:
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй.
Жер союлуп былкылдап,
Желеги алтын туу болду, – деген жери бар.

Туу менен желек ашталган жерге байрак илинген. Байыркы заманда түрк элдери жортуулга аттанаар алдында курмандыкка чалынган жылкынын куйругун байрак катары пайдаланган. Айрым учурда байрак эшилген жиптен жасалып, башына чачы тагылган. Байыркы кыргыздарда туунун түсү кызгылт (жошо) болуп, ага бекиген асаба ак, көк, жашыл, кара жана кызыл түстөрдө болгон.

«Манас» эпосундагы:
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу, – деген саптары буга далил.

❖ Туунун бөлүктөрүн сүрөттөп, айтып бергиле.



Какеев Аскар Чукутаевич Кыргызстандагы көрүнүктүү окумуштуу-философ, академик. Кыргыз философиясынын тарыхын изилдейт. Бул маселе боюнча илимий монографиялардын жана окуу китептеринин автору. Кыргыз элинин улуттук оюндарынын, каада-салттарынын философиялык маанисине арналган эмгектери арбын.

**Ак Шумкар**

(*уламыш*)

Ак Шумкар деген кушту кыргыздар байыртадан эле сулуулуктун, эрдиктин жана айкөлдүктүн символу катары баалап, бул кушка өзгөчө сезим менен карашкан. Ак Шумкар Ала-Тоонун эң бийик чокуларынын бириндеги аскага уя салып, ошол жерде жашаган. Аны торго түшүрүп, үйрөтүү үчүн далай азаматтар аракет жасап, бирок ага жеткен эмес. Уламыш боюнча бул куш өзү Таласка учуп келип, Манас баатырдын ийнине конгон. Манас Ак Шумкардын келишин жакшылыкка жоруп, аны акжолтой куш катары жогору баалаган. Ак Шумкарды өзү жашаган ак үйдөгү алтын туурга кондуруп, кастарлап баккан. Ак Шумкар Манас баатырдын далай окуяларына, жеңиштерине күбө болгон.

Манастын өлүмүн Ак Шумкар да өтө чоң жоготуу катары сезип, таптакыр жем жебей коёт. Айласы кеткен эл Ак Шумкардын томогосун алып, боосун чечип, эркиндикке коё берет.

Жылдар өтүп, башка жерде таятасынын колунда чоңойгон Семетей 12 жашында Таласка келет. Муну сезген Ак Шумкар өзүнүн жетилип, күчкө толуп калган балапанын ээрчитип, учуп келип, Семетей отурган ак өргөөнүн чамгарагына конот. Семетей Ак Шумкардын баласын аяр кармап, кастарлап багып, өзү менен кошо алып жүрөт. Кезегинде Семетейдин Ак Шумкары да аскадагы уяга барып, балапан чыгарып, аны Манастын небереси Сейтекке тапшырат. Манастын Ак Шумкарынын бул салты азыркы мезгилге чейин уланып, кезегинде Манасты колдогон Ак Шумкардын тукумдары кылымдар бою кыргыз элин колдоп келе жатат деген ишеним бар. Ушундан улам Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербине Ак Шумкардын элеси түшүрүлгөн.

## § 16. Кесиптер дүйнөсү

**Кесип деген эмне?** Эң байыркы адамдар негизинен жыйноочулук жана аңчылык менен жан баккан. Алар жапайы өсүмдүктөрдүн данын чогултушкан. Таш куралдары менен жерди жумшартып, дан себишкен. Мунун натыйжасында адамдар көптөгөн кылымдардан бери дыйканчылыкты кесип кылып келген.



Дыйканчылык



Малчылык

Байыркы адамдар жапайы жаныбарлардын кичинекей балдарын өздөрү жашаган жерлерге алып келип баккан. Ушундан улам адамдар малчылыкты кесип катары өздөштүргөн.

Коомдун өнүгүшү менен дыйканчылык жана малчылык кесиптен кол өнөрчүлүк кесиби бөлүнүп чыккан. Бара-бара кол өнөрчүлүктүн түрлөрү да көбөйгөн.



Кол өнөрчүлүк жана соода

Өндүрүштүн өсүшү жана кесиптердин көбөйүшү менен адамдарда жасаган нерселерди алмашуу зарылчылыгы пайда болот. Мындан улам сооданы кесип кылган адамдардын топтору пайда болгон. Адамдардын ортосундагы мүлктүк теңсиздик байлар менен кедейлердин кызыкчылыктарынын кагылышуусуна алып келген. Муну жөнгө салуу үчүн мамлекет пайда болгонун да тарыхтан окудуңар. Мамлекеттин пайда болушу менен аны башкаруу үчүн мамлекеттик аппарат түзүлгөн. Натыйжада башкарууну кесип кылган адамдар иштеген.



Коомдун өнүгүшү менен мамлекеттин функциялары да көбөйгөн. Бара-бара мамлекеттин ички коопсуздугун көзөмөлдөгөн органдар пайда болот. Тышкы коопсуздукту камсыз кылуу үчүн армия түзүлөт. Ички жана тышкы коопсуздукту коргоо үчүн адистештирилген органдарда кесипкөй адамдар иштеген.













Коомдо өнөр жайдын өнүгүшү менен анда өндүрүштү уюштура турган инженер, мастер, бригадир өңдүү жетекчилер, механик, слесарь сыяктуу жумушчу кесиптер пайда болгон. Ал эми тейлөө тармактарында ашпозчу, чач тарач, фотограф, сатуучу ж. б. кесиптин ээлери да бар.

Коомдук керектөөлөрдүн өсүшүнүн натыйжасында кен байлыктарын казуу зарылчылыгы жаралат. Кен казуу үчүн шахтёр, нефт-

чи кесиптеринин мааниси жогорулаган. Азыркы мезгилде массалык маалымат каражаттарынын ролду көтөрүлдү. Анын тейлөө үчүн натыйжасында ондогон жаңы кесиптер пайда болду. Компьютердик технологиялардын өнүгүшү менен программисттерге болгон талап күчөдү. Илим менен техника коомдун өндүргүч күчүнө айланды. Натыйжада илимдин тармактары көбөйдү. Эсеп боюнча дүйнөдө эки минден ашуун илимдин тармактары бар. Илим тармагында да жүздөгөн түрдүү кесип ээлери эмгектенет. Техниканын өнүгүшүнүн натыйжасында жөнөкөй машинадан космос кораблине чейин жасаган кесип ээлери эмгектенүүдө. Билим берүүнүн, маданияттын өнүгүшүнүн натыйжасында мугалимдик, окутуучулук кесипти аркалагандар көп. Чыгармалыкты аркалаган жазуучулук, артисттик, сүрөтчүлүк өңдүү кесиптер да өтө ардактуу. Билим жана маданият тармагында эмгектенген кесиптеги адамдарга талап ар дайым жогору.






Кыргыз Республикасы агрардык өлкө болгондуктан, ветеринардык врачтарга, агрономдорго, агрардык инженерлерге, экономисттерге, экологдорго болгон талаптар да эч убакта күчүн жоготпойт.

Ар бир мамлекет өзүнүн калкынын саламаттыгын сактоого, социалдык жактан коргоого чоң көңүл бурат. Бул максатты ишке ашырууда врачтардын, социалдык кызматкерлердин эмгектери баа жеткис.

**Кесип** – адамдын ишмердигинин түрү, анын жашоосунун булагы.

**Кесипти туура тандоо деген эмне?** Кесип тандоо маанилүү маселе. Силер ар кандай кесип ээлерин көрүп чоңоёсуңар, мугалимден окуйсуңар. Ооруп калсаңар врач дарылайт. Бириңердин атаңар инженер же куруучу, бириңердин апаңар врач же мугалим. Транс-

портту башкарган айдоочулардын эмгегин, самолётту учкуч, паровозду машинист, кемени капитан башкараарын билесиңер.

Силер ошолордой болууга кыялданасыңар. Кесип тандоого силер жашап жаткан аймактын өзгөчөлүктөрү, табияты, экономикалык абалы да таасир этет. Мисалы, алыскы тоолуу аймактарда мал чарбачылыгына ылайыктуу кесиптер тандалат. Ата-энеңердин, бир туугандарыңардын кесиптери да силерди кызыктырышы мүмкүн.

Кесип тандоого адамдын ден соолугу, акыл-эси, жөндөмдүүлүктөрү да таасир этет. Окумуштуулар башталгыч класстын окуучуларынын келечектеги кесиби жөнүндөгү ойлору тез-тез алмашып турарын, бул куракта кесип тандоодо фантазияларга көбүрөөк жол берилерин аныкташкан. 5–9-класстын окуучуларында кесиптер дүйнөсү жөнүндө түшүнүгү калыптанып, кайсы кесип өзүнө ылайык экендигин аныктай баштайт. Бирок, бул куракта деле кесип тандоодо кыялдануу сезими күчтүү болот.

Кесипти өзүнүн кызыкчылыгына, жөндөмдүүлүгүнө, ден соолугунун мүмкүнчүлүгүнө жараша туура тандоо жакшы натыйжаларды берет. Кесибин туура тандаган адамдын ар бир жасаган иши натыйжалуу болуп, чоң ийгиликтерге жеткирет. Кесипти туура тандаган адам эмгегинен баар таап, урмат-сыйга ээ болот. Элибизде туура тандап алган кесибин аркалап жүрүп, чоң кадыр-баркка жеткен адамдар көп.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Кесип жөнүндө түшүнүгүңөрдү айтып бергиле
2. Кесипти туура тандоо эмне үчүн маанилүү маселе болуп эсептелет?
3. Сен кандай кесипке ээ болгуң келет. Эмне үчүн?
4. «Ар бир кесип ардактуу» деген темада аңгеме жазгыла

**Кошумча окуу үчүн**

### Ар бир кесип ардактуу



Иса Коноевич Ахунбаевдин мал багып, эртеликеч көл жээгинде балалыгын өткөргөн наристе дүйнөсүнө чагылгандын отундай жарк эткен бир окуя көкүрөгүндө калат.

- О дүйнөгө узаган оорулуу аялдын аянычтуу жүзүн көрүп, «Эмне үчүн адам ооруйт, оорулуу адам эмнеге азап тартат? Айыгып балдарын эмнеге эркелетпейт? Энесин жоктогон жетимдердин күнөөсү эмнеде? Адамдар оорубай жашаса болбойбу?» деген ойлор кичинекей Исанын тынчын алат.

Боз үйдүн ичинде буркурап апасын жоктогон жаш балдардын чуру-чуусуна, чоңдордун кошогуна көчөт сезими эбегейсиз сыздайт. Ошондо, жан-дүйнөсүнө тунук тилек бүчүр жаратат. Ошол ууз кыял, көксөгөн арман-тилек – кыргыз медицинасынын жылдызы, санжыралуу хирургдун жаралышына алып келген сыяктуу. Исанын элине ак ниетинен кызмат кылуу максаты, эли-жерине болгон сүйүүсү, ата-энеси менен бирге Кытайга үркүп барып, ал жердеги көргөн азап-тозогу, андан соң туулган жери – Ысык-Көлгө кайтканда ого бетер арууланып, бекемделсе керек.

Иса Коноевич Ахунбаев 1935-жылы Орто Азиялык медициналык институтун бүтүрүп, борборубуздагы шаардык ооруkананын хирургиялык бөлүмүнөн эмгек жолун түптөгөн. «Менин максатым жүзөгө ашты! Мен – хирургмун! Эми менин бүтүндөй жашоом, менин үйүм – эми мен иштеген оорукана» – деп эскергени бар.

Кыргыз медицинасынын атасы, профессор И. К. Ахунбаевдин улуттук медицинадагы зор жетишкендиги, анын биринчилерден болуп адам жүрөгүнө операция жасашы эмне деген чеберчиликти, эрдикти, чечкиндүүлүктү, бийик билим менен тажрыйбаны талап кылаары айтпасак да түшүнүктүү эмеспи. Бул кыргыз медицинасындагы тарыхый окуя. Анын татаал илимдин түпкү сырларын терең өздөштүргөнү, өзүнө-өзү бекем ишенгендигин айгинелеп турат.

*«Даанышмандар» аттуу китебинен үзүндү*

### Силерге дикторлук кесип жагабы?



Жолдубай Кайыпов 1946-жылы Нарын облусуна караштуу Ат-Башы районунун Жаңы-Күч айылында туулган. Ысык-Көлдөгү айыл чарба техникумун, Бишкектеги Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун зоотехник болуп иштөөдөн баштаган. 1973-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Абдылас Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында солист, Кыргыз мамлекеттик телерадио комитетинде диктор болуп иштеген. Жолдубай жаңылыктарды, маанилүү мактерди, «Тогуз кайрык», «Сайра комуз», Ыр кесе» аттуу музыкалык чоң-чоң телеберүүлөрдү алып барган. Учурунда Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосунда өткөрүлгөн дикторлор сынагынын баш байгесин жеңип алган. Анын үнү өзгөчө жанга жагымдуу жана болгон. Ички дүйнөсү менен сырткы келбети бири-бирине шайкеш келген. Көгүлтүр экрандын көркү, чебер алып баруучу Ж. Кайыпов «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

## § 17. Баарлашуу

**Баарлашуу деген эмне?** Адамдардын бири-бири менен маалымат алуу үчүн түзгөн мамилеси баарлашуу деп аталат. Маалыматты адамдар жөнөкөй үн чыгаруу, сүйлөшүү, жазуу, жаңдашуу, кыймыл-аракети аркылуу билдирет. Адамдардын калыптануусу, бардык ишмердүүлүгү баарлашуу аркылуу ишке ашат.

Адамдар бири-бири менен баарлашуунун натыйжасында ой-пикирлерин жана сезимдерин билдирет. Баарлашууда кубанычтарды, кайгы-капаларды башка адамдар менен бөлүшөт. Баарлашуу аркылуу адам башкалардан пайдалуу маалыматтарды алат. Билимин, жөндөмдүүлүгүн өркүндөтөт. Адамдар бири-бири менен баарлашууда көп учурда өз ара тажрыйбаларын алмашууга мүмкүндүк алат.



Манасчы Жусуп Мамай небереси менен баарлашууда

**Баарлашуу** – адамдын чөйрө менен болгон негизги байланышы.

Адам болуп жаралгандан кийин кичинекей бөбөк да баарлашууну сүйөт. Кичинекей бөбөктүн алгачкы баарлашуусу өз ата-энеси жана жакындары менен болот.

Бала бир жашка чыкканда эле анын тегерегиндеги адамдар менен баарлашууга болгон аракети күч алат. Адамдар чөйрөсүндө ба-




арлашуу аркылуу гана наристе бала бара-бара адам катары калыптанат.




Силер балдар! «Маугли» деген мультфильмди көргөнсүңөр. Анда Маугли карышкырлардын арасында чоңоюп, жаныбарлар менен жашап, адам катары калыптанганы баяндалат. Бул англиялык жазуучу Р. Киплингдин ойлоп тапкан кызыктуу жомогу.



Чыныгы турмушта ар кандай себептер менен жаныбарлардын арасында чоңойгон бала эч убакта адам болуп калыптана албайт. Демек, жаңы төрөлгөн бала адамдар менен баарлашуу аркылуу гана адам катары калыптанат.

**Бир окуяга көңүл буралы:** 1920-жылы Индиянын токоюнан эжесиңдилерди таап алышканда улуусу сегизде, кичүүсү эки жашта болгон. Индиялык психолог Ринд Синх бул кыздарды тарбиялай баштайт. Кичүүсү тез эле көз жумган, улуусу 17 жашка чейин өмүр сүргөн. Адамдардын арасында жашаган 9 жылдын ичинде ал бар болгону 100дөй гана сөз айтканды үйрөнгөн. Бул кыз адамдардын арасында жашап, тарбияланып жатса да калыптанып калган айбанатка тиешелүү адаттары сакталып кала берген. Мисалы, ал 6 жашка чыкканда гана кош аяктап баскан. Бирок, чуркаганда кайра эле төрт аяктаган. Ал 17 жашка чыкса деле анын аң сезими 4 жашар баланыкындай болгон. Демек, кичинекей бала 5–6 жашка чыкканга чейин адамдар менен баарлашпаса, анда анын аң-сезими толук калыптанбай, өнүгүүдөн артта калаары аныкталган.

**Баарлашуунун каражаттары.** Баарлашуунун негизги каражаты сөз экендиги талашсыз. Адамдар негизинен бири-бири менен сүйлөшүү аркылуу баарлашат.

Китеп, гезит-журналдар, радио, телевизор, интернет булактары да баарлашуунун каражатына кирет. Анткени, булар аркылуу көптөгөн маалыматтарды алууга болот.

Мындан сырткары адамдын кыймыл-жаңсоолору (баш ийкөөсү же баш чайкоосу, колу менен жаңсоосу жана башкалар), көз караштары да баарлашуунун түрү болуп эсептелет.









Айрым учурларда адамдын көз карашы өңүнүн өзгөрүшү сөзгө караганда маалымат туюндурууга ийкемдүү жана ыңгайлуу келет. Адамдар жаңсоо көз караш аркылуу бири-бири менен саламдашат жана коштошот, ыраазычылыгын, нааразылыгын, кубанычын жана кайгысын билдире алат.

**Баарлашуу маданияты.** Айрым мезгилдерде баарлашуучу адамдар бири-бирин биринчи көргөндө жактырышып, ортодо жагымдуу мамиле түзүлөт. Мындай учурда баарлашкан адамдар канааттануу алат. Баарлашуусуз адамга жашоо кыйын болот. Баарлашууда угуучунун кызыкчылыгын эске алып, анын көңүлүн оорутпай, айта




турган ойду так, орундуу, сылык-сыпаа туюндура билүү адамдын маданияттуулугун көрсөтөт. Баарлашуу учурунда аӊгемелешип жаткан адамга сый мамиле жасап адамдын ички абалын сезип-туюуга аракеттен. Баарлашуучу адамга козголгон тема жакпаганын байкаганда теманы тезинен өзгөртүү керек. Баарлашып жаткан адамдын жаш өзгөчөлүгүн, жынысын, кесибин, билим деӊгээлин эске алып, баарлашуучунун сөзүн бөлбөй, угуу маданиятын сакта. Баарлашып жатканда орунсуз суроолорду эле бере бербей, орунсуз күлбөй, кылдат болууга аракеттен.



Байбичелердин баарлашуусу

Угуучу үчүн түшүнүксүз терминдерди, жаргон сөздөрдү колдонуудан, көп сөздүүлүктөн качуу керек. Башка угуучулар маекке катышып жаткан болсо, алардын да кызыкчылыгын эске алуу маданияттуулуктун белгиси. Бирок, кээде баарлашуу адамга жакшы

канааттанууну гана алып келбестен, айрым бир учурда жагымсыз абалды да түзөт. Баарлашууда туура эмес сүйлөп, өзүнүн жана башкалардын көнүлүн иренжиткен адамдар да кездешет. Мындай учурда пикир келишпестиктер пайда болуп, чыр-чатак чыгып кетиши мүмкүн.

Баарлашууда ата-энеге же башка адамга болобу жумшак мамиле жасап, өзүңдү көтөрүмдүү жана сабырдуу кармоо маанилүү. Баарлашууда кайдыгерликти көрсөтпөө керек. Мисалы, адам менен сүйлөшүп жатып, китеп окуу, телевизор көрүү, компьютер же мобилдик телефон менен алагды болуу маданиятсыздык катары бааланат.

❖ Баарлашуунун маданияты деген эмне?

**Баарлашуунун түрлөрү.** Адамдар бири-бири менен маалымат алмашуу үчүн баарлашаарын түшүндүңөр. Маалыматтын мазмунуна жараша баарлашуунун түрлөрү аныкталат. Баарлашуунун эң кеңири тараган түрү – күнүмдүк *баарлашуу* деп аталат. Буга үй-бүлөдөгү балдардын ата-энеси, бир туугандары менен, ошондой эле жолдоштору, достору менен баарлашуусу кирет. Чоң кишилердин бейтаныш же кесиптештери менен баарлашуусу да күнүмдүк баарлашуу катары эсептелет.

Баарлашуунун дагы бир кеңири тараган түрү – кызматтык же ишке байланыштуу баарлашуу. Мындай баарлашууга расмий мекемелердеги мисалы, мектептеги окуучу менен мугалимдин, кызматкер менен жетекчинин ортосундагы баарлашуу кирет. Кызматтык баарлашууу алдын-ала атайын аныкталган эрежелер боюнча жүрөт.

Ынындыруу максатындагы баарлашуу да турмушта көп кездешет. Бул адам өзүнүн оюн таңуулап, анын тууралыгына башкаларды ишендирүүгө аракет кылган учурда байкалат. Мисалы, ата-энелер балдарын тарбиялоодо өзүнүн оюнун туура экендигин далилдөөгө аракеттенет.

Биздин көп улуттуу өлкөбүздө этностор аралык баарлашуу өзгөчө маанилүү орунда турат. Буга ар кандай улуттун өкүлдөрүнүн, ошондой эле түрдүү дин туткан адамдардын ортосундагы баарлашуу кирет. Мындай баарлашууда улуттардын же диндердин өкүлдөрүнүн бири-бирине өзгөчө түшүнүү менен сый мамиле жасашы шарт. Мисалы, кыргыз менен орус улутунун же ислам менен христиан динин туткан адамдар баарлашканда алар бири-биринин тилине, каада-салтына, ишенимдерине өтө аяр мамиле жасашы абзел.

Күнүмдүк жашоодо баарлашуунун адатка айланган түрлөрү көп колдонулат. Мисалы, мугалим класска киргенде окуучулар-

дын ордунан туруп учурашуусу адатка айланган. Эки адамдын кол алышып, эгер аралыктары алыс болсо кол булгап учрашышы же коштоосу да баарлашуунун адатка айланган түрүнө кирет.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Адамдар эмне үчүн баарлашат?
2. Баарлашуунун түрлөрүн атап, аларга мисал келтиргиле.
3. Адамдар үчүн баарлашуунун мааниси жөнүндө айтып бергиле.

**Кошумча окуу үчүн**

### Баарлашуу – дүйнө тааным каражаты

Адистердин пикирлери боюнча өзүбүздүн мүнөзүбүзгө окшош адамдар менен кенен-кесир, тартынбай отуруп баарлашуу жагымдуу маанай тартуулайт бирок, талаптагыдай өсүп-өнүгүү болбойт. Анткени, бир көрүнүш улам эле кайталана берип, кызыгын жоготуп, эриктирип жиберет. Ал эми башка адамдар менен баарлашууда ар кандай, бири-бирине окшобогон кырдаалдарга кез келип, жаңы идеяларды угуп, дүйнөнү башкача көз караш менен карай баштайсыз.

Биринчиден, дүйнө таанымыңыз кеңейет. Ар түрдүү адамдар менен пикир алышууга үйрөнөсүз. Сиздин пикириңизге каршы келген ойду айткан адамдын мамилесинен өзүңүздүн кемчиликтерди көрө аласыз жана өзүңүздү жакшы таанып, түшүнүүгө мүмкүнчүлүк аласыз. Ошондой эле ар бир адамдын жеке көз карашы бар экендигин жана өзүнүн эле оюн таңуулай берүү туура эместигин мыкты өздөштүрөсүз.

Экинчиден, ой жүгүртүүңүз менен сындай билүү сапаты калыптанат. Анткени сиздин көз карашыңызга карама-каршы келген адам сизге чакырык таштайт. Ал эми буга чейин кайсы бир нерсени норма катары эсептеп келсеңиз, мындан кийин ал көйгөйдү чектелген ой жүгүртүү менен гана эсептеп келгениңизди байкайсыз. Ал эми башка көз караштагы адамдар менен баарлашууда көптөгөн мүмкүнчүлүктөр бар экенине ынанасыз.

Үчүнчүдөн башка адамдын жетишкендигинен ырахат аласыз. Ар бирибиздин эле күчтүү жана алсыз жагыбыз бар эмеспи. Кээ бирөөлөр турмуштун айланган дөңгөлөгүнөн чыга албай жүрө берет. Ал эми айрымдары караңгыдан жол издеп, тынымсыз аракет жасоонун негизинде ийгиликтерди багындырат. Анын басып өткөн жолун уккан соң, сиз сөзсүз ага таасирленесиз. Аракет жасоого үйрөнөсүз.

Төртүнчүдөн, кабыл алган чечимдериңиз туура чыга баштайт. Башка адамдар менен баарлашууда алар кабылган көйгөйлөрдө кандай кадамга барышаарын жана чечим кабыл алууда эмнелерге басым жасай тургaнын билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми келечекте сиз дагы бул ыкманы сөзсүз колдонуп, туура чечим чыгарууга жетишесиз.

Бешинчиден, жашооңуз жемиштүү, күндөрүңүз кызыктуу өтө баштайт.

## § 18. Менин досум

**Достук деген эмне?** Бири-бирин жакшы түшүнгөн, өтө ынтымактуу мамиледе болгон адамдар дос деп эсептелет. Кыйынчылык башына түшсө достошкон адамдар бири-бирине жардамдашып, өтө күйүмдүү болот. Ошондуктан элде «Достун достугу – кыйынчылыкта билинет», «Дос – доско жаныңды кош» – деген сөздөр бар.



➢ Адам эмне үчүн дос күтөт?

Адамдардын ортосунда жолдоштук деп аталган да мамиле болот. Жолдоштук мамиле да жакшы. Бирок, адамга ар нерселерди кеңешип, ичте толгон букту же кубанычтарды тең бөлүшүп, керек учурда акыл сурачу өзгөчө жакын адам керек.

Ата-энеңе же үй-бүлөңө канчалык жакын болбо, көп нерселерди аларга айта берүүгө батынбайсың. Ушундай учурда баарын бөлүшө турган эң жакшы адамың – досуң болот.

Албетте, досту да тандай билиш керек. Адамкерчиликтүү, ишенимдүү адамдар менен достошууга аракеттенүү маанилүү.

Жалаң эле бир куракташы адамдар гана достошот деген пикир туура эмес. Ар кайсы курактагы, ар кандай маданияттагы жана ар улуттагы адамдар менен достошуу да пайдалуу.

Ар кандай адамдар менен достошсо инсан катары жетилгенине жакшы шарт түзүлөт. Турмуштук тажрыйбасы мол ар кандай курактагы адамдар менен достошуу жашооңорго көрк кошот.

Кооз бакча өстүрүү үчүн көп убакыт, күч-аракет талап кылынгандай эле достуктун түптөлүшү жана чыңдалышы да узак мезгилди талап кылат. Эң алды өзүңөр жакшы дос болгонго умтулгула.

Достошкондо өзүңөрдүн эле кызыкчылыгыңарды ойлобой, досуңдун да кызыкчылыгын ойлогонго жана боорукер, берешен болгонго аракеттенгиле. Берешендик достукту чыңдайт. Эгер пайда көрүүнү көздөбөй, досуңарга чын ыкластан жардам берүүгө дилгир болсоңор, достук мамилелер чыңдалат.

Досуңар бир нерсеге муктаж болуп турганда, андан убактыңарды, мүмкүнчүлүгүңөрдү аябагыла. Дайыма байланышып, пикир алышып турбаса, достук бошоңдоп кетет.

Досуңардын айтканын кунт коюп укканга үйрөнүп, анын көз карашын сыйлагыла. Анын ийгиликтерин туура баалаганга үйрөнгүлө. Айрым учурда досуңарга кеңеш берүү, атүгүл аны оңдоп-түзөө зарыл болушу мүмкүн. Андай кылуу дайыма эле оңой боло бербейт. Бирок чыныгы дос досунун олуттуу катасын, кемчиликтерин ачык айтат.






Элибизде «Душман сүйдүрүп айтат, дос күйдүрүп айтат» – деген накыл сөз бар экендигин эсиңерден чыгарбагыла.

- Канткенде чыныгы дос боло аласыңар?
- Достошуу шарты кандай болгон?

Кыргыздардын каада-салтында байыртадан эле достошуу жөрөлгөсү жасалып келген. Достошууда кыргыздар бири-бирине алдыларына ат тартып, үстүлөрүнө чепкен жабышкан. Достошууда өз ара мамилени чыңдоо үчүн белек тартуулоо адатка айланган. Элибизде достордун эң мыктысы «антташкан» достор делет. Антташкан достор өмүр бою мамилелерин чындап, өз ара жардамдарын бири-биринен эч аяшкан эмес. Мындай достор өз ара алыш-беришке анча көңүл бурушкан эмес. Илгеркилер «дос» деген сөздү жана достошууну ыйык сезишкен. Дос деп айтпастан, «тамыр» дешкен. Бири-бири менен байлыкка жана бийликке карап достошкон адамдардын достошуусу түбөлүктүү болбой, үзүлүп калган.

- Кыргыз эли достошуну кандай баалаган?

Кыргыз Республикасынын эл акыны Байдылда Сарногоев «Достук» жөнүндө төмөндөгүдөй ыр саптарын жазган:

Инженер сымал аскадан,
Издеген өңдүү алтынды.
Издеп жүрүп, дос күткүн,
Билгендей сенин баркыңды

Чыныгы достук жоопкерчиликтүү болууну талап кылат. Башкача айтканда, жакшы дос достукка олуттуу карайт жана досуна чындап кам көрөт. Достукка эки тарап тең жоопкерчиликтүү мамиле кылышы керек. Достордун мамилени чыңдоого, жалпы кызыкчылык үчүн жеке кызыкчылыктарынан баш тартууга даяр болушу кажет. Жакшы дос табыш үчүн адегенде өзүңөр жакшы дос болушуңар керек экенин унутпагыла. Чыныгы достор ички сырларын жашырбайт. Пикир келишпестиктер болгон учурда достор бири-бирине таарынбайт. Достордун деле кемчиликтери болоорун унутпашыбыз абзел.

Ошондуктан алардын кемчиликтерине көз жумуп, жакшы жактарына көңүл топтогонубуз жакшы. Досубуз эч качан ката кетирбейт деп да ойлобошубуз керек. Ошон үчүн кандайдыр бир көйгөй пайда болгондо аны дароо чечип, досубузду кечиргенге аракет кылганыбыз оң.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Эмне үчүн элибизде достордун эң мыктысы «антташкан» достор деп айтылат?
2. Канткенде өзүңөр да жакшы дос боло аласыңар?
3. «Достун достугу кыйынчылыкта билинет» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?
4. Досуңдун кандай сапаттары сага жагат?

**Кошумча окуу үчүн**

## 33 жылдан кийинки жолугушуу

Улуу Ата Мекендик согуш мезгили. Фашисттик немецтер чыгышты көздөй тынымсыз жылууда. Эли-жерин душмандардан коргоо үчүн эр жеткен азаматтардын баары согушка тартылган.

«Ар кайсы улуттан экенибизге карабай, абдан ынтымактуу элек. Бир үзүм нанды бир атанын балдарындай тең бөлүп жечүбүз. Кыргыздардан үчөөбүз (Таластын Манас районуна караштуу Буденовка айылынан Камбаров Жекшеналы, Нарын районунун Эмгекчил айылынан Мүсүралиев Керим жана Казан-Куйган айылынан Жанузаков Садык) гана болчубуз.




«Антташкан» достор:
Мүсүралиев Керим жана Жанузаков Садык

1943-жылы кан күйгөн согуш учурунда «курман болсок акыреттик, тирүү калсак кол үзүшпөгөн достордон бололу» деп антташып, немецтерди сөзсүз жеңебиз деген тилектер менен бири-бирибизге өз колубуз менен даректерибизди жазып берип, согушка кирдик.

Согуш бүткүчө дайыныбызды билген жокпуз. Согуштан кийин Жанузаков Садык экөөбүз табыштык. Ал эми арадан 33 жыл өткөн соң Камбаров Жекшеналы менен жолугушуп, бактылуу күндөр өттү» деп эскерет, согуш ардагери, 93 жаштагы карыя Мүсүралиев Керим.

Согуш учурундагы фронттош достордун тилеген жакшы тилектери ишке ашып, согуш жеңиш менен аяктайт.

Ошентип, «Сөздүн күчү керемет» дегендей фронттош достор өмүрлөрү өткөнчө үймө-үй катташып турушкан. Акыры үчөө тең «акыреттик достордон» болуп кетишти.



## «Манас» эпосундагы Манас менен Алмамбеттин достошуусу

«Манас» эпосундагы Манас менен Алмамбеттин достугу достуктун чыныгы символу катары бааланып келет. Эпосто айтылгандай Манас Алмамбет менен биринчи кездешкенде аны сын көз менен карап, байкап көрүп:

«Кызыл түктүү пил экен,
Кыраакы эрдин бири экен.
Алыскы ишти ойлогон,
Акылмандын бири экен» – деп баа берип, ичинен абдан ыраазы болгон.

«Жолдо калган бир жанмын,
Чылбырым үзгөн тулпармын.
Ой жетпеген иш издеп
Оң караган киши издеп,
Ооп жүргөн бир жанмын» – деп Алмамбет чечилип, Манаска ички сырын жашырбай айтат.

Анда Манас:

– «Баатыр, ээн талаада жүздөштүк
Кыргызда кел демек бар, кет демек жок.
Кетем десең Аккула атым минип кет,
Аккелте мылтык алып кет.
Кааласаң ээлик кылаар жер мына
Эркелеп жүрөөр эл мына,
Күтүп калды кең Талас.
Ал жерде бай Жакып деген атаң бар
Чыйырды деген энең бар,
Ата-энеге баралы», – дейт.

Ошондо Алмамбет:

«Төрө пейил, ак ниет,
Намыска бек эр таптым.
Кайыптан бүткөн Аккула
Касиеттүү Аккелте,
Калган курал-жарагың өзүңө кут болсун.
Тартууңа кулдугум бар, кайра өзүң ал,
Ал эми мага Сарала ат эле ылайык», – деп Манас ыраазычылык билдирет.

Эпосто айтылган бул саптардан Манас менен Алмамбет биринчи эле жолукканда бири-бирин жактырып, эч сыр жашырбай, ак дилден достошконуна күбө болобуз.

## §§ 19–20. Адамдагы адептик баалуулуктар

**Адам жана адамгерчилик.** Адамгерчилик деген адамдардын өз ара мамилелери. Адептик сапаттар ак пейилдикти, адамдарды урматтоочулукту жана боорукерликти камтыйт. Адамгерчиликтүү адам кең пейил болот. Мындан тышкары адамгерчилик сапатка жөнөкөйлүк жана чынчылдык кирет.

Адамгерчилик – бул өзүн сыйлоодон башталат. Өзүн сыйлаган бала башка бирөөнү да сыйлай алат. Ошондой эле ата-энесине, ага-туугандарына, агай-эжейлерине, классташтарына сый көрсөтүп, адамгерчиликтүү мамиле жасай билет.

Эгерде бирөө жардамга, колдоого муктаж болуп турса, ага жакшы мамиле менен кайрылып, колдоо көрсөтүү да адамгерчилик. Бирөөлөр тарабынан кордолуп, кемсинтилип, ыза болуп турган адамды арачалап алуу, анын талабын талашуу – бул да адилеттүүлүккө жана адамгерчиликке жатат.

Төмөнкү класстын окуучусуна чоңдук кылган жогорку класстын окуучусун тартипке чакыруу – бул адамгерчиликке жана адилеттикке кирет. Колунда жок бей-бечаранын, оорулуунун, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдын акыбалын сурап, кайрымдуу иш кылуу – адамгерчилик. Бирөө улуулук кылып, ачууланып көңүлдү калтырса, анын улуулугун эске алып, сөз кайрыбай, кечирим сурап кутулуу – бул да адамгерчиликке жана анын жашын сыйлагандыкка жатат.









**Адамгерчилик** – бул бир адамдын экинчи бир адамга, анын ким экенине карабай жасаган жакшы мамилеси, жардамы, сыйы жана колдоосу.

**Гумандуулук деген эмне?** Бул сапат биринчи кезекте боорукерликтен, башкалардын кызыкчылыгы үчүн курмандыкка чейин баруучулуктан байкалат. Айкөл, кең пейил, башкаларга урмат-сый, боорукерлик менен кайрылган адамды гумандуу дейбиз.

Андай адамдар адам баласына эле эмес, бардык жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө да көңүл буруп, боорукерлик менен карайт.

Ар бир адам өзүнө башкалардын жакшы, татыктуу мамиле жасоосун каалайт.




Өсүмдүктөрдү коргоо да гумандуулук

Гумандуу көрүнүштөрдү кыргыз эли ар дайым жогору баалаган. Бул элибиздин оозеки элдик чыгармачылыгында кеңири чагылдырылат. Мисалы, Манас баатырдын адамдык касиеттери, сапаттары жөнүндө окусак, анда бабабыз биринчи кезекте боорукер, гумандуу болгондугун билебиз.



«Манас» эпосунан иллюстрация

Урушка кирээр алдында жоокерлерге:
«Жамандык кылба, жан кыйба,
Жесир калган баарысы,
Жетим уул, тул катынга,
Айтканым алсаң эсиңе,
Жетилсин сенин урматың» – деп айтып, талоончулукка жана зордукчулукка жол бербөөгө чакырат.

Жоокерлерине «Дүнүйө мүлккө азгырылып, өз баркыңарды төмөн түшүрбөгүлө, өз корооңордо аздыр-көптүр малыңар бар, ошого каниет кылгыла, жеңилген жоонун жардысын аягыла» деген талапты койгон.

Манас чынында эле тардыкка, тайкылыкка, майдалыкка барбаган кеменгер баатыр, айкөл болгон. Ал адамдын жакшы сапаттарын баалай билип, майда кемчиликтерине кечирим менен караган. Манас баатыр кытай, калмактын ханы Орго менен катуу салгылашат. Бул урушта миңдеген жоокерлер эки тараптан кырылат. Орго хан өлөт, жоокерлери качат.



«Манас» эпосунан иллюстрация

Кыргыздар жеңишке жетишет. Эртеси Орго хандын аялы Санамкүл эки баласын ээрчитип, тартуусу менен эр Манастын алдына келип, балдарынын жанын сурайт. Айкөл Манас Санамкүлдүн акылына ыраазы боло, анын балдарын өз ордосуна чоролукка калтырат. Ал эми Орго хандын элин талоондон сактап, мунапыс берет.

Даанышман бабабыз Жусуп Баласагын боорукерлик, адал жашоо жөнүндө:

«Боорукер деп кимди айтат, айтчы мага?
Жообуң, оо акылман болсун даана!

Баары айтат жакшыларды боорукер деп,
Куткарган кайгы-муңдан жандарды көп.

Боорукердик иш менен атак тапкан,
Эки дүйнө кем болбойт баардык жактан.

Адал мал тап өзүңдү сүйүндүрүп,
Ачты тойгуз, жетимди кийиндирип.

Адал болсо тапканың ичкен-жеген,
Эки дүйнө кем болбойт эч нерседен.

Күнүмдүк оокатыңдан ашык нерсе,
Өзүңө оор жүк да басып жаткан», – деген.

**Кайрымдуулук.** Коомубузда өзүнүн байлыгынын бир бөлүгүн мектептерди, ооруканаларды курууга, искусствону жана илимди өнүктүрүүгө жумшаган бай адамдар бар. Алар **меценаттар** (колдоочулар) деп аталат.




Жардамга муктаж болгон жарандарга көмөк көрсөтүү учуру







Анткени, байларда өзүнүн жашоосун эле эмес, башка адамдардын да жашоосун жакшыртууга, кайрымдуулук кылууга мүмкүнчүлүк көбүрөөк.

Азыркы учурда өлкөбүздө жардамга муктаж болгон жакыр адамдар, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар жөнүндө ойлонуу маанилүү.

Байлыкка жеткен адамдар менен катар, бай болбосо да жардамга муктаж адамдарды колдоого аракет кылган инсандарыбыз да арбын. Кайрымдуу адамдардын санынын өсүшү коомубуздун оңолуу жолуна түшкөндүгүнүн белгиси десек болот.

**Кайрымдуулук** – «жакшылык кылуу», жардамга муктаж болгон жакыр адамдарга көмөк көрсөтүү, коомдун жыргалчылыгы үчүн пайдалуу иш жасоо.

Төмөнкү схеманы карап, талкуу жүргүзгүлө:




**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Адамдар эмне үчүн кайрымдуулук жасашат?
2. Гумандуулук менен кайрымдуулуктун кандай айырмасы бар?
3. Жусуп Баласагындын жогоруда көрсөтүлгөн ыр саптарынын маанисин айтып бергиле.
4. «Кайрымдуулук – атуулдук парзыбыз!» деген темада кыскача аңгеме түзгүлө.

## Кыргыздын калкасы – кайрымдуулук

Элибиздин адептик асыл сапаттарынын бири – кайрымдуулук. Ал адамдардын ортосундагы бири-бирине каралашуу, ылым саноо, боор толгоо сыяктуу изги ниеттерден тамырлап чыгат. Кайрымдуулук калайык калкты ар кандай турмуштук коогалардан (кароосуз, багуусуз калуу, жалгыздык), башкача айтканда «талаада калуудан» калкалап, сактап келген.

Кайрымдуулук адамдык ар намыс, урук-тууганды ынтымак сыяктуу түшүнүктөр менен жуурулушат. Ал адамды коомдук коргоого алып, элди ичтен бекемдеп, бириктирип турат.

Кайрымдуулук деген күнөө кылган адамды кундан куткарат. Башына иш түшкөн адамга колдоо көрсөтөт. Колунда жок адамга мал-мүлк күтүүгө жардам берет. Жаңы тирилик үй-бүлөнүн ирденип кетишине кам көрөт. Аксап турган ишти бүтүрүүгө түрткү болот.

Кайрымдуулук мүнкүрөп турган адамдын ажатын ачуу сыяктуу жагдайларда колдонулат. Бул түшүнүк маанилик жактан «мээримдүүлүк», «боорукерлик», «күйүмдүүлүк», «ыймандуулук» сыяктуу түшүнүктөргө жакын. Бирок, өзүнүн көтөргөн жүгү, бөтөнчө маани-маңызы бар.

Мээримдүүлүк болсо адамдардын жалпыга жана бир-бирине жасаган жагымдуу, жайдары мамилесин билдирет. Ал эми боорукерлик бирөөнүн аянычтуу абалын өзүнүкүндөй туя билген адамдын табигый күчтүү аёо сезимин туйдурат. Мындай адамдар айлана-чөйрөсүндөгүлөргө гана эмес, жан-жаныбарларга да боору ооруп, мамиле жасайт.

Күйүмдүүлүк көбүнчө тууганды мамиледеги адамдардын ортосундагы ысык сезимди билдирсе, кайрымдуулук – тигил же бул көрүнүшкө жылуу-жумшак, көтөрүмдүү, кечиримдүү мамиле жасоону туюнтат.

Кайрымдуулук иштерин жасоодо адамды эч ким мажбурлабайт. Адатта, кайрымдуулук иштеринде адамдын бере турган жардамынын көлөмү билинбейт. Аны берип жаткан адам да, жардам алып жаткан адам да белгисиз бойдон калат.

Жардам берип жаткандар жардам алып жаткандарды көрбөйт. Жардам алып жаткандар өздөрүнө ким жардам берип жатканын билбейт. Топтолгон каражат таза соопчулук иштерге жумшалат.

Кайрымдуулук дал мына ушундай колко-кадыры, токо-наалаты, милдет-сапкысы жок, ак дилден жасалганда гана чыныгы маңызга ээ болот.

Коомдук кайрымдуулук касиетинин өзөгүн жардам алып жаткан адамды кемсинтпей, көзгө көрүнбөгөн жагдайларда колдоо көрсөтүүгө багытталган иштер түзөт. Элибизде: «Бирөөгө бир нерсе берсең, алгандай кылып бер. Сен бергенден, ал алгандан кыжаалат болуп кыйналбасын» деген сөз бар. Кайрымдуулуктун касиети мына ушунда.

*«Шоокум» журналы, № 10, октябрь–ноябрь, 2009-жыл.*

**Кошумча окуу үчүн**

### Ишеним жана сый
(уламыш)

Илгерки заманда кыргыз элине атагы чыккан балбан адам болгон экен. Күч сынашууда ага эч ким тең келе албаптар. Элине далай жолу намыс алып берген бул балбанды элдин баары чоң ишеним менен сыйлашчу экен. Бир күнү ага жолугуп калган аксакал андан: «Сенин күчүңө тең келе алган адам жок, бардык мелдештерде эч убакта тайсалдабай кармашка чыгып, жеңип келатасың. Деги сен бир нерседен коркосуңбу?» – деп сурайт. Ошондо атактуу балбан: «Чынында эле мен эч нерседен коркпойм. Бир гана элдин ишеничинен чыгып, элдин сыйынан ажырагандан корком»,– деп жооп берген экен. Демек, кыргыз элинде ишеним менен сыйдан айрылуу өтө чоң жоготуу катарында эсептелген.

### Жөнөкөйлүк
(уламыш)

Илгери Карабай деген бай адам жашаптыр. Ал көп жылдар бою балалуу болбой жүрүп, балалуу болот. Буга кубанган Карабай байлыгын аябай чачып, чоң той өткөрөт. Эл балага Табылды деп ат коет. Табылды акылдуу жана күчтүү болуп, эр жетет. Ал үйлөнүү үчүн ылайыктуу кыз издеп, коңшу жашаган хандын айылына барат. Ал элдин ханы Табылдыны жакшылап тосуп алат. Табылды хандын бойго жеткен сулуу кызын көрүп жактырат. Кыздын атасы жигиттин өтүгүндөгү канды байкап, андан бул эмне болгон кан деп сурайт. Табылды камырабай токойдон чыга берерде капысынан алдымдан чыккан бир жапайы мышыкты басып кеттим эле ошонун каны жугуп калган тура деп өтүгүндөгү канды сүртөт.

Жигиттин айтканын текшерүү үчүн хан атына минип, жан-жөкөрлөрүн ээрчитип, токойдун четине келет. Алар Табылды ай балтасы менен башын жара чапкан жолборстун өлүгүн көрүп, баланын эрдигине жана жөнөкөйлүгүнө таң калышат. Табылдынын жөнөкөйлүгүнө баа берген хан ага кызын аялдыкка берген экен.

## § § 21–22. Адамдын коомдогу жүрүм-туруму

**Адамдын коомдогу жүрүм-туруму.** Адамдар эң байыркы доордон бери эле биргелешип жашайт. Силер өткөн темалардан окугандай адам биологиялык жандык катары жашоо эрежелеринин айрымдарын төрөлгөндө эле ата-энесинен мурастап алат. Адам үй-бүлөдө төрөлүп, адегенде ата-энесинин жана аны курчаган адамдардын жардамы менен адам катары калыптанат.

Адамдын калыптанышына үй-бүлөдөгү, мектептеги, коомдук турмуштагы баарлашуулар чоң таасир этет. Коомдо жашап туруп, андан эркин болуу мүмкүн эмес. Анткени, адамдын жеке кызыкчылыктары коомдук кызыкчылыктар менен чектелип турат.

Силер ар кандай кичине жана чоң топтун же үй-бүлөнүн, өзүңөр окуган класстын, мектептин мүчөсү болосуңар. Мындан тышкары ар кандай спорттук командаларга кирип, ар түрдүү кружокторго катышасыңар. Ал эми ата-энеңер кесибине жараша эмгек жамааттарына кирет. Эмгек жамааттары мугалимдер, врачтар, инженерлер, окумуштуулар, мамлекеттик кызматкерлер болушу мүмкүн. Ар бир эмгек жамаатында өздөрүнө жараша жүрүм-турум эрежелери болот. Мындан тышкары коомдо жашоонун жалпыга тиешелүү эрежелери бар.



Адамдардын коомдогу жүрүм-турумун жөнгө салган эрежелер коомдо **жашоонун эрежелери** болуп саналат



Коомдо жашоонун эрежелери байыркы доордо эле пайда болуп, мезгилдин талабына ылайык өзгөрүп, өнүгүп келген. Мындай эрежелер социалдык эрежелер деп аталат.

Социалдык эрежелерди билген адам коомдо өзүн татыктуу жана туура алып жүрөт. Башкаларга да үлгү болот.

Социалдык эрежелер ар бир социалдык топтор үчүн ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, мугалим класска киргенде окуучулар ордуларынан туруп учурашат. Кыргыз элинде саламдашуунун эрежеси да жакшы калыптанган. Алсак, улууга кичүү озунуп салам берет.



Кыргыздар бири-бири менен кездешкенде «Арыбаңыз» деп салам айтат. Экинчиси «Бар болуңуз» деп алик алат. Ислам дининин келиши менен кыргыздар да бардык мусулмандар сыяктуу «Салам алейкум» деп салам айтканга «Валейкума салам» деп алик алганга өткөн. Кыргыз элинде атчан киши жөө адамга, жогору жактан келе жаткан төмөн жактан келе жатканга салам айтуу салты бар. Мындан тышкары жалгыз адам топтошуп турган адамга салам айтат деген эреже болгон.

Ошентип коомдо калыптанган социалдык эрежелер адамдардын коомдогу жүрүм-турумун жөнгө салып, коомдук тартипти сактоодо маанилүү роль ойнойт.

**Мораль жана укук.** Коомдун өнүгүшү менен адамдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салган эрежелер биротоло калыптанат.

Жүрүм-турум эрежелери улуу муундан кийинки муунга, ата-энеден балага өтүп, салтка айланат.

Адамдарда жүрүм-турумга байланыштуу «жакшылык» жана «жамандык», «туура» жана «туура эмес» деген түшүнүктөр пайда болот. Бул түшүнүктөр моралдын жана моралдык ченемдердин жаралышына негиз болгон. Мораль латын тилинен которгондо «адеп», «мүнөз» дегенди түшүндүрөт.

**Мораль** – адамдардын жакшы жана жаман, жакшылык жана жамандык, акыйкаттык, милдеттүүлүк, ар намыс сыяктуу түшүнүктөрүнө негизделген жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы.

Моралдык эрежелер мыйзам менен бекемделбейт. Алардын аткарылышын коомчулук көзөмөлдөйт. Моралдык эрежелер адамдын жүрүм-турумун жөнгө салып тескейт. Моралдын алтын эре-

жеси «Өзүңө каалабаганды башкага жасаба» деп айтылат. Бул адамдарды бири-бирин колдоого, ынтымакка чакырат. Моралдык ченемдерди бузгандарды коомдук пикир ашкерелейт.

Адам үчүн баарынан кымбат нерсе абийирин сактоо. Абийирин сактоо үчүн адам өзүн курчап турган адамдардын коомдун алдында өзүнүн жоопкерчилигин сезе билгени зарыл. Абийирдүү адам өзүнүн күнөөсүн сезип, жаман иштери же жаман ойлору үчүн уялышы керек. Адептүү адам болуш үчүн ар бир адам боорукер, жоопкерчиликтүү, чынчыл, эмгекти сүйгөн сапаттарга ээ болуш керек.

**Укук жана мыйзам.** Укук адамдардын ортосунда социалдык теңсиздик жаралган байыркы доордо пайда болгон. Социалдык жактан ар кандай абалдагы адамдардын мамилелерин жөнгө салуу үчүн адегенде мамлекет түзүлгөн.

Мамлекет башчылары буга чейин коомдук турмушту жөнгө салып келген салттарды мыйзамдаштырып, ал эрежелерди аткарууга бардык калкты милдеттендирген. Мыйзамдашкан эрежелердин аткарылышын мамлекеттик органдар көзөмөлдөгөн. Ошентип, мурдагы социалдык эрежелер мыйзамга айланган. Мыйзамды бузгандар күнөөсүнө жараша жазаланган. Ошентип, коомдо укуктук ченемдер (эрежелер) пайда болгон.

Укук эрежелери мыйзам менен бекитилип, жазуу жүзүндө тастыкталат. Укук эрежелеринин сакталышын мамлекет көзөмөлдөйт. Коомдук мамилелердин түрлөрү көп. Ошого жараша укук эрежелери да ар түрдүү.

**Укук** – мамлекет тарабынан бекитилген, бардык адамдар милдеттүү түрдө аткара турган жүрүм-турум эрежелеринин жыйнагы.

**Мыйзам** – мамлекет же эл тарабынан кабыл алынган жүрүм-турум эрежелерин камтыган ченемдик-укуктук документ.

**Адамдардын укуктары жана милдеттери.** Ар бир адам төрөлгөндөн баштап улутуна, жынысына, тилине, материалдык жана социалдык абалына карабастан башка адамдар менен бирдей укукка ээ.




Кыргыз Республикасында адамдардын негизги укуктары өлкөнүн баш мыйзамы – Конституцияда бекиген. Адам укугу жөнүндө башка мыйзамдар да бар. Алардын ичинен



Ар бир бала жашоого укуктуу



Бала билим алууга укуктуу



Бала эс алууга жана ойноого укуктуу

«Адам укуктарынын жалпы декларациясы» маанилүү орунда турат.

Бул документ 1948-жылы кабыл алынган. Анда адамдын 30 укугу жазылган. Декларацияда: бардык адамдар тең укукта жана эркин төрөлөт. Адам жашоого укуктуу. Кулчулукка, адамды кыйноого тыюу салынат.

Адам дүйнөнүн каалаган жеринде жашоого, эркин ойлонууга, эс алууга укуктуу деп жазылган. Адам укуктары менен алардын милдеттери катар жүрөт. Ар бир адам өз милдеттерин аткарышы керек.

**Адам укугу** – адам төрөлгөндөн баштап анын эркин жана жакшы жашоосун камсыздай турган эрежелердин жыйындысы.

Чоңдор менен катар балдардын да өздөрүнө тиешелүү укуктары бар. Алар «Балдардын укуктары жөнүндөгү Конвенция» деген документте жазылган.

Бул документ балдардын өзүн-өзү коргой албай тургандыгы, баланын физикалык жана психологиялык жактан жетиле электиги, балдардын чоңдордун камкордугуна муктаждыгы ж. б. себептерден улам 1989-жылы 20-ноябрда кабыл алынган.

Конвенцияда: ар бир бала жашоого укуктуу; бала ысым алууга укуктуу; бала билим алууга, медициналык жардам алууга укуктуу; бала зордоп иштетүүдөн корголууга укуктуу деп баса көрсөтүлгөн.

**Милдет** – аткарууга зарыл болгон иш-аракеттердин жыйындысы.
**Конвенция** – аткарууга милдеттүү болгон эл аралык келишим.

**Өзүңөрдүн билимиңерди текшергиле**

1. Адамдардын жана балдардын укуктары кандай документтерде аныкталган?
2. Жүрүм-турумдун оң жана терс жактарына мисалдарды келтиргиле.
3. Мораль деген эмне?
4. Укуктук эрежелер, мыйзам дегенди кандай түшүндүңөр?

Таблицаны дептериңерге чийип, толтургула:

| Жакшы жүрүм-турумдар: | Жаман жүрүм-турумдар: |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |

**Кошумча окуу үчүн**

### Бабалардын осуяттары

Кыргыздар байыртадан эле жаштарды өзүнө-өзү талап коё билүүгө үйрөткөн. Берген убадасын аткарбоо, көпчүлүктү көзгө илбөө, убадалашкан мезгилден кечигип келүү жана башка ушул сыяктуу жорук-жосундарды кыргыз эли илгертен эле айыптап келген. Бул азыр илим тилинде *этика* (адамдын кулк-мүнөзү, жүрүм-турум эреже нормасы) деп аталат. Жүрүм-турум – элдик нормаларды камтыган элдин адеп-ахлактык тарбиясы, маданияты. Жүрүм-турум эрежеси балдарды күндөлүк турмуш-тиричиликтин маданиятына чакырган жазылбаган мыйзам. Аны жаштар улуулардын берген таалим-тарбиясы катары кабыл алып, эреже катары аткарууга милдеттүү. Жаштарды адептүүлүккө, түз жолго, нысаптуулукка, абийирдүүлүккө, калыстыкка, адилеттүүлүккө, ыймандуулукка үндөгөн жүрүм-турумдар, ырым-жырымдар көп. Алар улам кийинки муундун акыл-туюмуна орноп, атадан балага өтүп, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет.

Элдик жүрүм-турумдар буйрук берүү иретинде айтылат. Айтылган ар бир сөздүн аркасында терең маани, тарбия жатат.

**Төмөндөгүлөргө көңүл бургула:**

Нан ырыскың – аны тепсебе, ыргытпа.

Чайды же суусундукту сунганда чыныны оң колго кармап, сол колду көкүрөккө коюп, бир аз ийилип сунуш керек.

Босогодо туруп кол алышып учурашпа.

Саламдашпай туруп сөз баштаба.

Отургандарга дайыма салам айтып өт.

Өзүңдөн улуу кишиге бөйрөк таянып жооп бербе.

Улууга акаарат айтпа, улуулардан сөз талашпа.

Отурган ордуңду тазалап кет.

Эшикти тээп ачпа.

Конуп калган коногуңа эртең менен «Жакшы жатып, жай турдуңузбу?» деп сура.

Каратып туруп калп айтпа.

Адамга жакшылык кылууну унутпа ж. б.

### Кыргыз саламы – «арыбаңыз», алиги – «бар болуңуз»

Салам-алик – адам баласынын ортосундагы алака мамилени туюнткан өтө байыркы жөрөлгөлөрдүн бири. Абалкы маалыматтарда айтылгандай кыргыздар амандашканда «арыбаңыз» деп кайрылып, анан ага «бар болуңуз» деп жооп кайтарышчу экен. «Арыбаңыз» деген сөздүн мааниси өтө кеңири жана терең. Ал ооз учунан эле адамдын көңүлүн жубатып айтылган солгун сөз эмес. Ал адамдын – ал-абалынан кабар алуу максатында ага суроо иретинде берилген да сөз эмес. Ал – адамга кадимки күүдеми, күч-кайратынан тайбай, кайгы-капага жеңдирбей, куунак көнүлдө, узак өмүрдө жашашын каалап, чын дилден айтылган угумдуу, жугумдуу салам – тилек сөз.

«Бар болуңуз» деген жоопто адамдын ал-абалы кандай болбосун, ал үчүн башкысы – бар болуудан, башкача айтканда тирүүлүктөн өткөн дөөлөт жок экендиги таасын туюнтулган.

«Амандашпай, сөз баштаба» – дейт кыргыздар. Адамдын ал-абалын сураган адамга элибиз эч качан текебер, терс мамиле жасабайт, «жаман» деп жооп бербейт. Бул – эң алды менен адам парасатын ардактай билген, өз түйшүгүн, өз көйгөйүн башкага оодаргысы, башка адамдын көңүлүн ооруткусу келбеген элдин адептик асыл эрежеси. Көпчүлүктүн арасында адамдарга улуулата салам берүү, колду бекем кысып учурашуу, ачык маанай, жайдары, шайдоот амандашуу, атчан жөөгө, кичүү улууга, эркек аялга өзүнүн салам айтуусу ж. б. – ата-бабалардан калган асыл мурас.

Аялдар арасында да амандашуунун түрлөрү болгон. Жүгүнүү – ошолордун ичинен эң бир ыйбалуусу, ызаттуусу болуу менен аялзатынын табигый касиетин сактоого, анын ички маданиятын байытууга кызмат кылган. Элибизде коштошуунун да көп түрлөрү бар. «Кош бол» деген сөздү

кыргыздар мерчемдүү учурда гана колдонгон. Улам жолугуп турган адамдарга карата «кайыр», «аман тур», «эсен бол», «жакшы кал» дегендей сөздөр айтылган.

*«Шоокум» журналы, №3, март, 2008-жыл.*

## §§ 23–24. Укук бузуу жана жоопкерчилик

**Эркиндик жана укук.** Адам өзүнүн жаратылышы боюнча ар дайым эркиндикке умтулат. Улуу жазуучубуз Ч. Айтматов: «Күн сайын, саат сайын эркиндикке умтулуу – адамдын башкы касиети» деген. Бирок, коомдо жашап жатып, коомдон эркин болуу мүмкүн эмес. Силер буга чейин балдардын укуктары жана милдеттери жөнүндө окуп билдиңер. Балдардын укуктары жана милдеттери 1989-жылы Бириккен Улуттар Уюму тарабынан кабыл алынган Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенцияда көрсөтүлгөнүн жогоруда айттык.



Бул документте балдардын айрым укуктары төмөндөгүдөй жазылган:

*1-статья.* Эгерде сен 18 жашка чыга элек болсоң, сен өспүрүм болуп эсептелесиң;

*2-статья.* Бардык балдар бирдей укукка ээ;

*3-статья.* Мамлекет сенин укуктарыңдын сакталышына жооп бериш керек;

*6-статья.* Сен жашоого, ден соолугуңду чыңдоого укуктуусуң;

*24-статья.* Сен мыкты медициналык кызмат алууга укуктуусуң;

*28-статья.* Сен билим алууга укуктуусуң;

*31-статья.* Сен эс алууга, ойноого жана чыгармачылык менен иштөөгө укуктуусуң;

*41-статья.* Сен өз укуктарыңды билүүгө укуктуусуң.

Адамдын эркиндигин мамлекет камсыз кылат. Ошол эле учурда мамлекет адамдын эркиндигин чектеп, жөнгө салат. Бул үчүн мамлекет укуктук ченемдерди бекитет.

**Укуктук ченемдер** – мамлекет тарабынан белгиленген, жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелеринин тутуму.

Өлкөдө жашаган адамдардын укуктук билими, аң-сезими, укуктук маданияты жогору болгондо гана коомдо туруктуулук орнойт. Адамдар өздөрүн эркин жана коопсуз сезет.

Ар бир адам бала чагынан эле укуктук эрежелерди билип, аларды бузбоого аракеттенүүсү зарыл. Укуктук ченемдерди бузган адам мамлекет тарабынан жазаланат.

Адам билим алат, эмгектенет жана өзүнүн муктаждыктарын канааттандырат. Ушул учурларда ал башка адам, ишкана, мекеме же мамлекеттик органдар менен мамиле жасайт. Ушул мамилелердин көпчүлүгү мамлекет тарабынан укуктук ченемдердин жардамы менен жөнгө салынат. Укук ченемдери кимдир-бирөөгө жагар-жакпастыгына карабастан бардык адамдардын милдеттүү түрдө аткарууга тийиш экендигин билдирет.

**Укук** – бул мыйзам деңгээлине көтөрүлгөн, мамлекет тарабынан белгиленген, жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелеринин, ченемдеринин тутуму.

**Укук бузуу деген эмне?** Укук бузуу – укуктун кандайдыр бир ченемдерин бузган жорук-жосун болуп саналат.

**Жорук-жосун** – жоопкерчилик тагылган адамдын атайлап же байкабастыктан улам жасаган күнөөсү.

Укук бузуу коомго зыян алып келет. Аны жасаган адам мыйзам чегинде жазаланат. Ээнбаштык, жоопкерчилик сезиминин жоктугу, ошондой эле ата-энелердин жана улуулардын балдарга болгон кайдыгер мамилесинен улам өспүрүмдөрдүн арасында укук

бузуулар кездешет. Тарбиясы жок балдар улууларды сыйлашпайт. Ата-энелерине жана карыкартаңдарга жардам беришпейт. Сабактарын начар окушат, алсыз жана кичине балдарды ызалашат. Уурулук, талап тоноочулукка барышат. Акырында жасаган укук бузуулары үчүн жазага тартылат.



Убагында ойлонуп өзүн көзөмөлгө алган балдар турмушун туура жолго салып кете алат. Ал эми кээ бирлери кылмыштуулуктун жолуна түшүшөт. Адамдардын руханий дүйнөсүнүн жардылыгы да укук бузууларга жол берет.

Келечекте жакшы адам болууну каалаган ар бир өспүрүм өзүнүн рухий дүйнөсүн байытууга аракет жасашы абзел. Көркөм адабияттарды көп окуп, маданият менен искусствонун жетишкендиктери менен таанышып, ар кандай кружокторго, спортко катышып туруу адамдын руханий деңгээлин көтөрүп, жаман жорук-жосундарга жол бербейт.





**Укук бузуунун түрлөрү.** Жарандык укук бузуулар (инсанга, жарандын же уюмдун мүлкүнө зыян келтирүү), административдик укук бузуулар (Мисалы, жолдо жүрүүнүн эрежелерин бузуу), дисциплинардык тартип бузуулар (себепсиз сабакка келбей коюу), ошондой эле укук бузуунун коркунучтуу түрү – кылмыш жасоо болуп саналат.

















**Укук бузуулардын жоопкерчилиги.** Административдик укук бузууларга: жолдо жүрүүнүн эрежелерин бузуу, коомдук тартипти бузуу, уруксат берилбеген жерге соода кылуу, балык кармоо ж. б. кирет. Бул үчүн 16 жашка чыккан курактан баштап, адамдар айып төлөйт, эскертүү алат же органдардын көзөмөлү менен бекер иш аткарат.

Кылмыш мүнөзүнө жана түрүнө жараша оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыш, атайын же байкоосуздан жасалган кылмыш болуп бөлүнөт. Укуктук ченемдерди активдүү же пассивдүү бузуу деген түшүнүктөр бар.

Турмуштан алып карасак мушташуу, бирөөнүн мүлкүн уурдоо ж. б. укуктук эрежени активдүү бузууга кирет. Ал эми окуучунун сабакка барбай коюшу, үй тапшырмасын аткарбай койгондугу жоопкерчиликтен качуу аркылуу укукту пассивдүү бузуу катары эсептелет. Кылмыш-жаза кодекси боюнча жазага оор кылмыш жасагандар тартылат. Оор кылмыштардын катарына: уурулук, зордук-зомбулук, зөөкүрлүк, мыкаачылык, курал-жарактарды жана банги заттарын сактоо жана сатуу сыяктуу иштер кирет. Кылмыш-жаза кодекси боюнча жоопко 16 жашка чыккандар, өзгөчө оор кылмыш кылса 14 жаштагылар да тартылат. Адамдын кылмыш жасагандыгын сот органы гана аныктайт. Кылмышкер соттун чечими менен түрмөгө камалат же айып төлөйт.

**Кылмыш** – коомдук коркунучтуу, күнөөлүү жана жазалануучу жорук-жосун.

**Өзүңөрдүн билимерди текшергиле**

1. Укук ченемдер менен коомдук ченемдердин айырмасын айтып бергиле.
2. «Коомдо жашап жатып, коомдон эркин болуу мүмкүн эмес» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. Укук бузуунун кандай түрлөрү бар?

**Ойлонуп жооп бергиле**

1. Алик мектепке барбай, эртеден кечке компьютердик оюндарды ойнойт. Сергейдин бул кылганы милдетин аткаргандыкка жатабы? Мыйзам буздубу же кылмышпы?
2. Коңшу көчөнүн чоң балдары 5-класстын окуучуларын көчөдөн кармап, акчаларын тартып алды. Бул мыйзам буздубу же кылмышбы?
3. Чокмор классташтарынын чөнтөгүн аңтарып, алардын телефондорун, акчаларын уурдап алды. Бул мыйзам буздубу же кылмышпы?

## Мыйзамдар өлкөсү
(жомок)

Илгери-илгери жер жүзүндө адамдар пайда болот. Ошондо адамдарда: Эмнелерди жасоого болот, эмнелерди жасабоо керек? – деген суроо жаралат. Бул суроолорго жооп берген адамдар бөлүнүп, натыйжада «Болот» жана «Болбойт» деген эки мамлекет пайда болот. Эки мамлекеттин эли эки түрдүү мыйзамдар менен жашай баштайт.

«Болот» деген мамлекетте бардык нерселерге уруксат берилет. Андагылар үчүн уурулук кылуу, адамды зордуктоо, өлтүрүү адаттагы көрүнүш болгон. Ал эми «Болбойт» деген өлкөдө тескерисинче уурулукка, зордук-зомбулукка, адамды өлтүрүүгө, бири-бирин басмырлоого тыюу салынган. Эки мамлекет ар дайым касташып турган.

Эки мамлекеттин ортосунда согуш чыгып, салгылашуулардын натыйжасында «Болот» деген мамлекет «Болбойт» деген өлкөнүн жарымын басып алып, өздөрүнүн мыйзамдарын киргизет. Мунун натыйжасында «Болбойт» деген өлкөнүн душмандар ээлеп алган бөлүгүндө кылмыштуулук күч алат. Кылмыштуулуктун күчөшүнөн улам «Болот» деген мамлекет алсырап, жоюлуу абалына келет.

Ошондо бул өлкөнүн башчылары «Болбойт» деген мамлекеттен жардам сурап кайрылат. Эки мамлекеттин башчылары кеңешип, эки өлкөнү бириктирип, жаңы «Мыйзамдар өлкөсүн» курууну чечишет. Жаңы мамлекетте эмне кылса болот? Эмне кылса болбойт? – деген суроолорго жооптор аныкталып, мыйзамдардын жыйнагы иштелип чыгат. Мыйзамдардын негизинде жашаган мамлекетте акыйкатчылык орноп, анын эли бактылуу турмушта жашап калган.

## Балдарга насаат

Ата-эне баланы багып чоңойтуп, эрезеге жеткирүү үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Элден кем кылбай муктаж болгон нерселер менен камсыз кылат. Балага таалим-тарбия жана билим берет.

Баланы адептүүлүккө, ыймандуулукка жана адамгерчиликке үйрөтүп, ата-энелик мээримин төгөт. Өзгөчө эне тогуз ай көтөрүп, ак сүтүн берет. Бирок, коомубузда чоңоюп, бутуна туруп алган соң, ата-энесин карабай, таштап кеткен же ата-энесине орой мамиле жасап, айрым учурда тили да, колу да тийген «эрксиз» маңкурттар кездешет. Ошондой маңкуртчулук адаттарга жол бербөө, жаштарды мындай оор илдеттерден алдын алуу ниетинде көңүлүңөрдү төмөндөгүлөргө бурабыз:

- Алгач ата-энеңе, кийин эже-карындашыңа, ага-иниңе, кийин ирети менен калган туугандарыңа жакшылык кыл.
- Ата-энеңе кызмат кылып, ыраазычылыктарын алып жүр.

• Ата-энеге сылык сүйлө, каяша сүйлөп, аларды таарынтпа. Алыста жүрсөң тез-тез телефон чалып кабарлашып, ал-абалын сурап тур. Аларды таарынта турган сөз сүйлөбө.

• Ата-эненин акыл-насааттарына баш ийүү, алардын кеп-кеңештерине каршы чыкпоо, буйруктарын аткаруу керек.

• Ата-энеге жылуу жүз жана мээримдүүлүк менен карап, аларга татыктуу түрдө сый-урмат көрсөтүү керек.

• Адептүүлүктү сактоо керек, алардын жанында бутту айкаштырып же болбосо сунуп отурууга болбойт.

• Ата-эне менен баарлашкан учурда үнүңдү жогору көтөрбө. Алардын жанында көп сүйлөбө.

• Азилдешкен (жаргон) сөздөр менен тамашага салып сүйлөбө.

• Ата-эне сүйлөшүп жаткан болсо сөздөрүн бөлбөө жана аралашпоо керек.

• Ата-энеге өтүнүч менен кайрыла турган болсоң «муну мындай кыла аласызбы» деп өтүнүч иретинде назик сүйлөө керек.

• Ата-энең чакырган кезде кандайдыр бир иш менен алектенип жаткан болсоң дароо ал ишти таштап, аларга жүгүр! Ата-энең сага ачууланып кыйкырса, аларга сен каяша сүйлөбө.

• Сага таарына турган болсо аларга карата катуу сөз айтпа. Дароо кечирим сура.

• Ата-эне бир нерсеге кубанышса, жакшы сөз айтып, кошо кубан. Кайгырышса, кайгыларын тең бөлүш.

• Ата-эне оорукчан же картайып калган болсо, алардан жардамыңды аяба.

## Манкурттук – зыяндуу адат

Элибиз эзелтеден эле адамдын «акыл» жөндөмдүүлүгүн «акылдуу», «акылгөй» деп баалап, ал эми адамдагы терс сапаттарды оңдоо өтө кыйынга тураарын да жакшы түшүнгөн. Адам баласы башка адамдарды кыйноонун негизинде адамды акыл эсинен ажыратып, маңкурт кылган. Бул бир жагынан арзан жумушчу күчүнө ээ кылса, экинчи жагынан душмандын мизин майтарган. Бул жөнүндө Ч. Айтматов көркөм образ жараткан.

Азыркы мезгилде да коомубузда маңкуртчулук бар. Андай маңкурттар өзүнүн үч ыйык дөөлөтүн: ата-энесин, Ата Мекенин жана эне тилин сыйлабаган адамдар. Айталы, бүгүн ата-энесин таштап кетип жаткан балдар, эртең маңкурттардын катарын толуктайт.

Ал эми наристе жаратып, аларды таштап кеткен ата-энелерди бүгүнкү күндүн маңкурттары десе болот. Себеби, алардын өздөрү гана эмес, балдары да жогоруда айтылган үч ыйыктыкты билбей, акыл-эси, жан-дүйнөсү жаралуу болуп, аларды сыйлабай өсөт.

Мындай адамдар көбөйсө анын натыйжасы эң коркунучтуу. Ошондуктан, маңкуртчулукка жол бербөө, жаштарды бул оор илдетке чалдыктырбоо ата-эненин, коомчулуктун ыйык милдети.

## КЫСКАЧА СӨЗДҮК

**Адам** – коомдун, үй-бүлөнүн жана улуттун ажырагыс бөлүгү, адам жана коом бири-бирин колдоп, бири-бирин байытып турат.

**Акыл** – интеллектуалдык ишке болгон жөндөмдүүлүк.

**Аң-сезим** – адам баласынын сезиминде орун алган жагдайларды сырткы жана ички туюмдары менен аңдап билиши.

**Баарлашуу** – адамдардын тил аркылуу сүйлөшүүсү.

**Байланыш** – адамдардын достук же өз ара иш боюнча мамилеси.

**Байлык** – бул турак жай, ден соолук, үй-бүлө, китеп, музыка, жаңы нерселерди билүүгө мүмкүнчүлүк, асем кооздуктар, акча ж. б.

**Байлык** – бул адамдын ички көрөңгөсү, руханий дүйнөсү, интеллектуалдык деңгээли.

**Бакыт** – адамдын иш-аракети натыйжалуу болуп, олуттуу каалоолору, көздөгөн максаты ишке ашып, өзү басып өткөн жолго, өз турмушуна ыраазы болууну билгизген этикалык түшүнүк.

**Бийлик** – адам коому менен пайда болгон, мекемелери, куралдуу күчтөрү, чалгындоочу органдары бар башкаруучу күч.

**Билим** – адамдын акыл-эси; илим, билим, акыл – адам баласына ыйгарылган өзгөчө бир дөөлөт.

**Герб** – уруунун, шаардын жана мамлекеттин расмий белгиси. Мамлекеттик документтерге, мөөрлөргө, тыйындарга, желектерге элеси түшүрүлөт.

**Гимн** – салтанаттуу ыр.

**Жакшылык** – кыргыздардын салттуу турмушундагы кубанычтуу окуя; адамдарга жардам берүү, аларды коргоо, алардын көңүлүн табуу.

**Жакырчылык** – бул материалдык жактан жетиштүү камсыз болбогон адамдардын абалы.

**Жаран** – бир өлкөдө туруктуу жашап, анын мыйзамдарына баш ийген жана укуктарга жана милдеттерге ээ болгон адам.

**Жөндөмдүүлүк** – белгилүү бир иштерди ийгиликтүү аткарууда инсандын жеке өзгөчөлүгү.

**Ийгилик** – кайсы бир иште же билим алууда чоң жетишкендиктер.

**Инсан** – өзүнө тиешелүү интеллектуалдык, эмоциялык, эрктик жекече белгилери жана сапаттары бар адам; адамды коомдун мүчөсү же калктын бөлүгү катары мүнөздөөчү социалдык маанилүү белгилердин туруктуу системасы.

**Инстинкт** – жаныбарлардын түпкү тегинен бери мурасталып келаткан негизги жүрүм-туруму.

**Кайрымдуулук** – жакшылык кылуу, жардамга муктаж болгон адамдарга көмөк көрсөтүү, коомдун жыргалчылыгы үчүн пайдалуу иш кылуу.

**Камкордук** – балдарга жана карыларга мээримдүүлүк менен кам көрүү, аларды материалдык жактан камсыз кылуу, колдоо, кубаттоо жана коргоо.

**Конституция** – мамлекеттин негизги закону.

**Коом** – адам болмушунун мейкиндикте жайгашкан жана убакыт боюнча өнүгүп туруучу чөйрөсү, анын жашоосу менен ишмердүүлүгүнүн өндүрмөсү.

**Кыялдануу** – үмүт менен көздөгөн максатка жетүү үчүн умтулуу.

**Маанай** – көңүлдөн ылдый турган, убактысы кыйла аз болгон, учурга гана тийиштүү жагдай.

**Мамлекет** – белгилүү бир аймактын чегинде калктан чогулуучу салыктын негизинде иштеген бийлик органдары жана жалпыга тиешелүү укуктук ченемдери бар калктын уюшулган бирикмеси.

**Мекенчил** – өз Ата Мекенине, өз элине берилген, аларды чексиз сүйгөн жана өз Ата Мекени үчүн ар кандай баатырдыкка жана курман болууга дайым даяр турган адам.

**Мекенчилдик** – өз Ата Мекенин жана өз элин сүйүү.

**Меценаттар** (колдоочулар) – өзүнүн байлыгынын бир бөлүгүн коомго, башка адамдардын да жашоосун жакшыртууга, искусствону жана илимди өнүктүрүүгө жумшаган бай адамдар.

**Мораль** (лат. moralis – адеп-ахлак) – коомдук аң-сезимдин бир формасы, коомдук турмуштун эч бир мейкиндигин калтырбай, адамдардын жүрүм-турумун теске салуу функциясын аткаруучу социалдык институт.

**Окуу** – билимди, жөндөмдүүлүктү жана өнөрдү өздөштүрүүдөгү адамдын ишмердиги.

**Өз алдынчалык** – өспүрүмдүн белгисиз ишти аткарууда өзүнүн күчүнө жана мүмкүнчүлүгүнө ишеничи.

**Өмүр** – бул кайра кайтарылбай турган, сени жашоодон алып чыгып бараткан убакыт.

**Өнөр** – чыгармачылык шыкты жана көркөмдүктү жараткан руханий ишмердүүлүктүн бир түрү.

**Руханий дүйнө** – адамдын ички дүйнөсү, анын сезими жана ой жүгүртүүсү.

**Сезим** – тирүү жандыктын сезүү, сырткы таасирди кабыл алуусу; кимдир бирөөгө мамилесин билдирген адамдын ички абалы.

**Символ** — башкы белги. Мамлекеттик символика – көз карандысыздыктын жана эгемендүүлүктүн белгиси. Мамлекеттин символдору: герб, туу, гимн.

**Таанып-билүү** – адамдын билим алуу процесси.

**Туу** – мамлекеттин, аскер бөлүгүнүн, бирикменин, кандайдыр бир уюмдун символу.

**Улут** – белгилүү бир аймакты жердеп, чарбалык жана маданий жактан байланышкан бири-биринен тили жана маданияты менен айырмаланган, биргелешип жашаган адамдардын тобу.

**Үй-бүлө** – баланын таалим-тарбия алган эң алгачкы уясы; Үй-бүлө деген тууганчылык мамилелерге жана никеге негизделген, заманбап түшүнүгүндө жакын туугандардын топтолуп жашаган тайпасы.

**Чыгармачылык** – мурда болбогон жаңы сапаттагы материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуучу инсандардын иш-аракеттери.

**Эл** – өлкөдө, аймакта жана айылда жашаган көпчүлүк; адамдардын тарыхый жалпылыгы.

**Эмгек** – билимди жана чеберчилик жөндөмдүүлүктү талап кыла турган адамдын максаттуу аракети; анын натыйжасында киши табиятты өзгөртүп, жашоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт; адамдын же коомдун муктаждыгын канааттандырган адамдын жасаган кызматы.

**Эмоция, толкундануу** – ошол учурдагы маанайы менен байланышкан адамдын ички абалы.

# МАЗМУНУ

Киришүү сабагы......3

## I бөлүм. АДАМ

§ 1. Мен адаммын......5
§ 2. Менин ысмым......11
§ 3. Кулк-мүнөз......15
§ 4. Маанай жана сезим......20
§ 5. Адамдардын муктаждыгы......24

## II бөлүм. ҮЙ-БҮЛӨ

§ 6. Менин үй-бүлөм......30
§ 7. Үй-бүлө баалуулуктары......34
§§ 8–9. Окуу, оюн, эмгек, өнөр жана чыгармачылык......40

## III бөлүм. КООМ

§ 10. Менин мекеним – Кыргызстан......50
§ 11. Коом жана анын түзүлүшү......57
§ 12. Адилеттүү коом......62
§§ 13–14. Кыргызстан – көп улуттуу өлкө. Элдердин каада-салттары...68
§ 15. Мамлекет жана анын символдору......80
§ 16. Кесиптер дүйнөсү......86

## IV бөлүм. БААРЛАШУУ

§ 17. Баарлашуу......92
§ 18. Менин досум......98
§§ 19–20. Адамдагы адептик баалуулуктар......103

## V бөлүм. АДАМДЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ

§§ 21–22. Адамдын коомдогу жүрүм-туруму......111
§§ 23–24. Укук бузуу жана жоопкерчилик......117
Кыскача сөздүк......125

О к у у   б а с ы л м а с ы

**Осмонов Өскөн Жусупбекович**
**Керимова Шайгүл Керимовна**
**Саалаев Өскөн Балталиевич**

**АДАМ ЖАНА КООМ**

5-класс

Жалпы билим берүүчү орто мектептер
үчүн окуу китеби

Адис редактору *М. К. Иманкулов*
Редактору *К. А. Мамыркулова*
Корректору *С. С. Дуулатова*
Сүрөтчүсү *Б. К. Жайчибеков*
Тех. редактору *В. В. Крутякова*
Дизайнери *Б. Тимуров*

Басууга 12.09.2018-ж. кол коюлду.
Форматы 70х100 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы. «Мектеп» арибы.
Көлөмү 8,0 ф. б. т. Нускасы 68 300. Заказ №

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалган
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү 24, 409.